أُصُولُ الإِيمَانِ

ЫЙМАН НЕГИЗДЕРИ

Ыйман негиздери

Басмакананын редакциялык
көркөмдөөсү

Биринчи басылыш

“Даура” басмаканасы
Москва
2024

“Даура” сайтынын редакциясы

Ыйман негиздери / “Даура” редакциясы, биринчи басылыш.

Басмакананын редакциялык көркөмдөөсү. Редакциялаган Зайнуллин Р. Ф., Москва: 2024. — 128 б.

Китеп ислам дининдеги эң зарыл ишеним негиздерди камтыйт жана ар бир маселеге кыскача түшүндүрмөлөр берилет.

Мусулмандардын ишенимине кызыккан жалпы окурмандарга арналган. Өзгөчө мечиттерде жана медреселерде Ислам негиздери боюнча кечки курстарга окуу куралы катары колдонууга көрсөтмө берилет.

© “Даура” басмаканасы, 2024

Эл. почта: *daura.publishing@gmail.com*

Кириш сөз

Дин — бул Аллахка сыйынуудагы эрежелердин топтому

Ар нерсени жоктон бар кылуучу, Жаратуучу, Билүүчү, Даанышман — Аллах Таала, бүткүл нерсени камтыган Өз илими, кудурети жана даанышмандыгы менен бул улуу ааламды бейкемсат жараткан жок. Ал Өзүнүн Улуулугуна ылайык бийик максатта жаратып, тартипке салды.

— “Биз асмандарды, жерди жана ал экөөнүн арасындагыларды эрмек үчүн (беймаксат) **жаратканыбыз жок. Аларды биз Акыйкат үчүн жараттык. Бирок алардын көпчүлүгү билишпейт”.** Духан сүрөсү, 38–39 аяттар.

Ал адамдарды жана жиндерди жаратты жана аларды жаратуудагы бийик максатты кабарлап, мындай деди:

— “Мен жин жана инсанды бир Өзүмө ибадат кылуулары үчүн гана жараттым. Мен алардан ырыскы сурабаймын жана мени азыктандырууларын да каалабаймын. Чы-

нында, Аллах Өзү Ырыскы Берүүчү, Эбегейсиз Күч Ээси”. Зарият сүрөсү, 56–58 аяттар.

— “О, адамдар! Силерди жана силерден мурункуларды жараткан Раббиңерге ибадат кылгыла, такыба болоорсуңар. Ал силерге жерди төшөк, асманды чатыр кылды жана асмандан суу түшүрүп, ошол аркылуу көптөгөн мөмөлөрдү чыгарып, силерге ырыскы кылды. Эми, билип туруп Аллахка теңдеш кылбагыла!” Бакара сүрөсү, 21–22 аяттар.

Раббибиз Аллах адам баласына ааламдардын жаратылуу максатынын негизги акыйкатын түшүнүп алуусун жеңилдетип, жардам берип эбегейсиз чоң нээматка бөлөдү. Маселен, жалпы болумуштун жалгыз жаратуучусу Аллахтын бар экендиги жана ар бир адам Аллахтын макулугу экендиги тууралуу акыйкат. Адам баласынын жаралышы бул Аллах Таалага гана кулчулук кылуу максатында деген акыйкат. Аллах муну ар бир адамга парз кылган, ошондуктан адам баласы каалабаса да, Аллахтын кулу болуп саналат. Жогоруда айтылган Аллахтын жардамы жана жеңилдетүүсү тууралуу сөз кылсак:

•

1. Аллах Таала адам баласын тубаса таза табиятка (*фитрат*) ээ кылып жаратты. Ошол табияты аркылуу ал ибадат арноого татыктуу жалгыз бир эле Кудай бар экендигин сезип турат жана Ал Раббисинин өкүмдөрүнө баш ийип, буйруктарын аткарат. Айланасындагы адамдардын таасири болбогондо ал сөзсүз ошол табиятында орнотулган сезимди ээрчимек.

Бирок, кайсы бир адамдарды сокур ээрчигендиктен же өзүнүн инсандык кемчиликтеринин айынан адам баласы өз нугунан тайып кетет.

Аллах Таала айтат:

— “Жалгыз Аллахты Кудай тутуп, жүзүңдү динге бур! Бул Аллах жараткан табият. Адамдарды ошол табият менен жараткан. Аллахтын жаратканын өзгөртүү мүмкүн эмес.

Бул — эң туура дин. Бирок, адамдардын көбү билишпейт”. Рум сүрөсү, 30 аят.

Абу Хурайра ﷺ пайгамбарыбыз Мухаммаддан ﷺ мындай хадис кабарлайт: ***“Ар бир адам бул дүйнөгө тубаса табияты менен төрөлөт*** *(Жалгыз Аллахка сыйынуу),* ***кийин анын ата-энеси аны жөөт, христиан же отко сыйынуучу кылат. Ал эмес айбанаттар деле өз төлүн алты-санын аман кылып тууйт эмеспи. Же бир жери кемтик туулган жаныбар көрдүңөр беле?”*** Абу Хурайра ﷺ бул хадиске Аллах Тааланын кийинки сөздөрүн кошумча кылган: ***“Бул Аллах жараткан табият...”*** Бухари 1359, 1385; Муслим 2658

Пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺ айтат: ***“Кудуреттүү, Улук Аллах бүгүн мага силер билбеген нерсени үйрөтүп, силерге да муну үйрөт деп буйрук кылды: “Мен Өз кулдарыма тартуулаган байлыктын бардыгы алар үчүн адал. Мен Өз кулдарымды жалгыз бир кудайга сыйынуучу кылып жараттым. Бирок, аларга шайтандар келип аларды дининен алыстатышты, Мен адал кылган нерсени арам кылып, Мен арам кылган нерсени адал кылышты жана эч бир негизсиз Мени менен кошо башка жалган кудайларга сыйынгыла дешти”.*** Муслим 4/2197.

•

2. Аллах Таала адам баласын акылдуу кылып жаратты. Акыл аркылуу ал бардык жаратылыштын Жаратуучусу бар экендигин билип, айланасындагы белгилерди көрүп, алар тууралуу ой жүгүртө алат. Дүйнөнүн төрт тарабы, асман, жер, ааламдын түзулүшү, жылдыздар, планеталар, күн, ай, тоолор жана даректар, деңиздер жана дарыялар, буларды курчаган түн менен күн жана ушул ааламдагы ар бир зат багынган тартип тууралуу ой жүгүрткөн адам, бул ааламды жараткан жана башкарып турган Кудуреттүү Жаратуучусу бар экендигин түшүнөт.

Аллах Таала айтат:

— “Биз аларга ушул (Куран) акыйкат экени аларга анык болгуча бардык дүйнөдөгү жана өздөрүндөгү (кудурет) белгилерибизди көрсөтөбүз. Раббиңдин ар нерседен Кабардар, Күбө экени жетиштүү эмеспи?!” Фуссылат сүрөсү, 53 аят.

Аллах — Жаратуучу, демек, Ал Өзү гана сыйынууга татыктуу экендигин жана ошондой эле Аллахтан башкага сыйынуудан оолак болуш керек экендигин түшүндүрүп берүү максатында Аллах Таала адамдарга пайгамбарларды жөнөткөн.

Аллах Таала айтат:

— “Биз ар бир элге: “Аллахка гана ибадат кылгыла, (жалган) “кудайлардан” алыс болгула (деп айта турган) пайгамбарларды жибергенбиз”. Нахл сүрөсү, 36 аят.

Аллах башка аятта мындай дейт:

— “Биз сага чейин да: “Менден башка (ибадатка ылайык) **Кудай жок, Мага гана сыйынгыла” — деп аларга аян кылмайынча, бир да пайгамбар жөнөтпөдүк”.** Анбия сүрөсү, 25 аят.

Ошентип, Аллахтын ушундай жардамы аркылуу пенде жалгыз бир кудайга сыйыныш керек экендигин жүрөгү менен сезип, акылы менен таанып билет. Ал эми кантип сыйыныш керек экендигин Аллах Таала адамдарга Өз пайгамбарлары аркылуу кабарлаган.

Аллахка сыйынуу — бул Анын өкүмдөрүнө моюн сунуп, буйруктарын аткарып, Ал тыйган нерселерден баш тартуу. Адам баласынын амалдары анын сөздөрүнөн же иш аракеттеринен байкалат эмеспи. Амалдар болсо айланасындагыларга маалым болгудай анык, же болбосо жүрөгүндө купуя, жашыруун болушу мүмкүн.

Ошондой эле “сыйынуу” (*ибадат*) деген сөзгө мындай аныктама берсе болот: *“Аллах жактырган жана ыраазы болгон бардык ички жана тышкы амалдар жана сөздөр”.*

Аллах Таала ыраазы болгон жана жакшы көргөн сөздөр жана амалдар, буйрук жана тыюу иретинде Куранда жана Сүннөттө так баяндалган.

Демек, дин — бул Аллах Тааланын буйруктарын жана тыюуларын камтыган Ага сыйынуудагы эрежелердин жыйнагы.

Аллах Таала Өз динин — Ислам деп атады:

— "Албетте, Аллахтын дини — бул Ислам..." Аали Имран сүрөсү, 19 аят.

— "Жана ким Исламдан башка динди тандаса, андан (ибадаттары) **кабыл алынбайт жана ал Акыретте зыян тартуучулардан болот".** Аали Имран сүрөсү, 85 аят.

"Ислам" деген сөздүн мааниси — Аллах Таалага моюн сунуу, багынуу, толук баш ийүү, Улуу Аллах Таала түшүргөн өкүмдөрдү жана тыюуларды аткарууга ыраазы болуу.

Ибадаттын өзөгү бул жүрөк амалдары

Аллахка ибадат кылуу Аллах өзү ырастаган ички же тышкы амалдар жана сөздөр аркылуу ишке ашат деп жогоруда эскерген элек.

Тышкы амалдарды мисалга алсак бул: намаз, ажылык, садака, ата-энени урматтоо, эл башчысын урматтоо, момундарга жардам берүү, курмандык чалуу ж. б.

Ал эми ички амалдар — жүрөктөн орун алып башка макулуктарга түпкүлүгү белгисиз болгон амалдар. Адамдардын жүрөктөрүндө эмне бар экенин Улуу, Бийик Эгебиз гана билет:

— “Аллах алардын жүрөктөрүндөгү нерсени билет”. Ан-Ниса сүрөсү, 63 аят.

Жүрөк амалдарынын мисалдары: Аллахка ишенүү, Анын периштелерине ишенүү, китептерине ишенүү, пайгамбарларына ишенүү, кыямат күнгө ишенүү, жакшылык менен жамандыкты камтыган тагдырга ишенүү, Аллахты сүйүү, Аллахка таянуу, тобокел кылуу, Аллахтын жазасынан коркуу, Аллахтын кечиримин үмүт кылуу, Аллахтан жардам суроо, Аллахтан коргоо издөө, Аллахтын алдында тобо кылуу, ыкластуу болуу, Аллахка дуба кылып кайрылуу.

Жүрөк амалдарынын жана жалпы эле диндин өзөгү бул Аллахка жана Аллах Таала буйрук кылган нерселерге ишенүү. Анткени, ишенимсиз амалдын маанеси жок. Аллах Таала жүрөк менен алты нерсеге ыйман келтирүүнү буюрду:

1. Аллахка ыйман келтирүү
2. Анын периштелерине
3. Анын китептерине
4. Анын пайгамбарларына
5. Кыямат күнгө
6. Жакшылык-жамандыгы менен бирге тагдырга

Аалымдар муну “ыймандын алты түркүгү” деп аташат.

— “О, ыйман келтиргендер! Аллахка, Анын пайгамбарына, (ошол) **пайгамбарына түшүргөн Китепке жана андан мурун түшүргөн китептерге ыйман келтиргиле...”** Ан-Ниса сүрөсү, 136 аят.

“Жакшылык бул жүзүңөрдү чыгыш жана батышка бурушуңарда эмес. Жакшылык бул кимде-ким Аллахка, Акырет күнүнө, Периштелерге, Китептерге, пайгамбарларга ишенген болсо...” Бакара сүрөсү, 177 аят.

— “Кимде-ким Аллахка, Анын периштелерине, Китептерине, пайгамбарларына жана Акырет күнүнө ыйман келтирбесе, ал катуу адашуу менен адашты”. Ан-Ниса сүрөсү, 136 аят.

Аллахтын элчиси ﷺ айтат: ***“Ыйман бул — Аллахка, Анын периштелерине, Анын Китептерине, Анын пайгамбарларына, кыямат күнгө жана жакшылык-жамандыгы менен бирге тагдырга ыйман келтиргениң”.***

Араб тилинде *“ыйман”* — “ишеним” *“амана”* — “ишенүү, ишеничтүү болуу” деген этиштен келип чыгат.

Араб тилинин аалымдары *“ыйман”* деген сөздүн мааниси — “тастыктоо, моюнга алуу” дешкен. Жогорудагы алты түркүккө ыйман келтирүү диндин өзөгү болуп саналат жана адам баласынын ибадаты ушунун үстүнө курулат. Ибадаттын кайсы түрүн аткарбасын бул түркүктөргө ишенүү ар дайым жүрөктө болуп келет. Адам ачык же жашыруун иш кылбасын, так ушул ишеним ага түрткү берет. Ал тургай бардык жүрөк амалдары Аллахка ишенүүдөн тамыр улап, үзгүлтүксүз буга байланат. Буга биз төмөндө күбө болобуз.

Жүрөк амалдарынын түрлөрү

1. Аллахты сүйүү

Сүйүү — жүрөк амалдарынын эң маанилүүсү экени талашсыз. Анткени Аллахтын бар экендиги эле Аны сүйүш керек экендигине түрткү берет. Момундардын Аллахка болгон сүйүүсү, качан алар ырахат ордосуна (бейишке) барганда күчөйт, анткени коркууга себеп жок болот. Бейиштегилер коркуу жана кайгы эмне экендигин билишпейт.

Момундардын Аллахка болгон сүйүүсү тууралуу Аллах Өзү, Анын пайгамбары ﷺ да айтып келишкен. Мисалы Аллах Таала айтат:

— “Адамдардын арасынан кээ бирлери Аллахтан башкаларды (Аллахка) **тең кылып алышат жана аларды Ал-**

лахты сүйгөндөй сүйүшөт. Бирок ыйман келтиргендер (толук арноо менен) **Аллахты көбүрөөк сүйүшөт".** Бакара сүрөсү, 165 аят.

Ошондой эле башка аятта Аллах Таала мындай дейт:

— "Аллах аларды сүйөт жана алар да Аллахты сүйүшөт..." Маида сүрөсү, 54 аят.

"Сахих" аталган Бухари жана Муслим китептеринде эскерилген хадисте Аллахтын элчиси ﷺ мындай дейт:

"***Ыйман даамын үч сыпат менен айырмаланган киши гана татат:***

— Аллахты жана Анын элчисин баарынан артык сүйсө,

— кимдир бирөөнү сүйө турган болсо бир гана Аллах үчүн сүйсө,

— отко салынгысы келбегендей эле Аллах аны каапырлыктан куткарган соң, кайра кайткысы келбесе".

Ошондой эле, моюн сунган кулдарын Аллах Өзү дагы жакшы көрөрүн кабарлайт. Мисалы, Аллах Таала Куранда айтат:

— "Аллах Ибрахимди Өзүнө халил (эң сүйүктүү) **кылды"** Ан-Ниса сүрөсү, 125 аят.

Башка аятта Аллах мындай дейт:

— "Жакшылык кылгыла, чындыгында Аллах жакшылык кылуучуларды сүйөт" Бакара сүрөсү, 195 аят.

Жана башка аятта айтат:

— "Чындыгында, Аллах такыба кишилерди сүйөт". Аали Имран сүрөсү, 76 аят.

Куран аяттарынан жана хадистерден мындай мисалдар өтө көп.

Аллахты сүйөм деп жар салгандардын чынчылдыгын текшерчү тараза бар экендигине Аллах Таала көрсөтмө берген.

Аллах Таала айтат:

— “Айткын: “Эгер Аллахты сүйсөңөр анда мени ээрчигиле, ошондо Аллах силерди сүйөт...” Аали Имран сүрөсү, 31 аят.

Башкача айтканда, Аллах Таала бул нерсени баяндап берди: Аллахты сүйсөк — сөзсүз Анын элчисин ﷺ ээрчийбиз, ал эми Аллахтын элчисин ﷺ ээрчисек — сөзсүз Аллахтын сүйүүсүнө татыйбыз.

Сүйүүнүн маңызы — сүйүктүүнүн көңүлүн алуу, ага жагынуу жолдорун издөө. Демек, сүйүктүү жактырган нерсени жактыруу жана ага жакпаган нерсени жактырбоо менен ачыкталат.

2. Аллахтын жазасынан коркуу

Аллах Таала коркууну ар бирибизге милдет кылды, анткени Ал Куранда айтат:

— “Алардан коркпогула, Менден корккула, эгер момун болсоңор!” Аали Имран сүрөсү, 175 аят.

Ошондой эле Аллах Таала айтат:

— “Менден гана корккула!” Бакара сүрөсү, 40 аят.

Ошондой эле башка аятта Аллах Таала мындай дейт:

— “Адамдардан коркпогула, Менден корккула!” Маида сүрөсү, 44 аят.

Аллах Таала Анын астында коркуу сезим менен кооптонуп тургандарга мактоо айткан:

— “Чынында, Раббисинен корккондуктан (жүрөктөрү) **титиregендер жана Раббисинин аяттарына ыйман келтиргендер жана Раббисине шерик кошпогондор жана берчүсүн берип Раббисине кайтаарынан жүрөктөрү кооптонгондор, дал ушулар жакшылык иштерде бири-бири менен жарышып, башкалардан алдыга кеткендер”.** Муминун сүрөсү, 57–61 аяттар.

Тирмизий жана имам Ахмад келтирген хадисте, Аишанын ﷺ мындай дегени кабарланат: “Бир жолу мен: “Оо, Аллахтын элчиси ﷺ, Аллахтын: **“...берчүсүн берип Раббисине кайтаарынан жүрөктөрү кооптонгондор”** — деген сөздөрү зынаа кылып, арак ичип, ууру кылгандар тууралуу айтылганбы?” — деп сурасам ал ﷺ: ***“Жок, ас-Сыддыктын кызы, бул жерде орозо кармап, намаз окуп, колунда жокторго садака берип, бирок кабыл болбой калабы деп корккондор тууралуу айтылган”*** — деп жооп берди”.

3. Аллахтан үмүт кылуу

Аллах Таала айтат:

— “Чынында ыйман келтиргендер, (динин сакташ үчүн) **көчкөндөр, Аллах жолунда күрөшкөндөр, ушулар Аллахтын ырайымын үмүт кылышат. Аллах — Кечиримдүү, Мээримдүү”.** Бакара сүрөсү, 218 аят.

Ошондой эле Аллах Таала айтат:

— “Кимде-ким Аллахка жолугууга үмүттөнсө, Аллах белгилеген мөөнөт сөзсүз келет. Ал — Угуучу, Билүүчү”. Анкабут сүрөсү, 5 аят.

Жана башка аятта Аллах Таала мындай дейт:

— “Кимде-ким өз Раббисине жолугушууну үмүт кылса, анда солих амалдарды кылсын жана ибадаттарында Раббисине эч кимди шерик кылбасын”. Кахф сүрөсү, 110 аят.

Имам Муслимдин “Сахих” китебинде келген хадисте баяндалат: *Жабир ﷺ айтат: “Мен пайгамбар ﷺ каза болорунан үч күн мурун мындай дегенин уктум:* ***“Ар биригер өлүмдү Раббиңерден жакшылык үмүт кылган абалда тосуп алгыла!”***

Имам Бухаринин “Сахих” китебинде да Жабир ﷺ Аллахтын элчисинен ﷺ мындай кабар жеткизген: “Улуу, Кудуреттүү Аллах айтат: ***“Менин кулум Мен жөнүндө кандай ойдо болсо,***

Мен ошондой болом, андыктан Мен жөнүндө каалагандай ойлосун!"

Аллах Таала корккондорду жана үмүт кылгандарды мактап, мындай деген:

— "Алар дуба кылып кайрылгандардын өздөрү Раббисине кимиси жакын экенин билгиси келип, жакындоо жолдорун издешет. Ырайымынан үмүт кылышып, азабынан коркушат. Чынында Раббиңдин азабынан сак болуу зарыл!" Исра сүрөсү, 57 аят.

Дагы бир аятта Аллах Таала мындай дейт:

— "Же болбосо түнү бою ибадат кылып, сажда кылып, (намазда) **турган, акыреттен коркуп, Раббисинин ырайымын үмүт кылган..."** Зумар сүрөсү, 9 аят.

Ошондой эле башка аятта айтылат:

— "Жаткан төшөгүнөн алыстап, коркконжана үмүттөнгөн абалда Раббисине дуба кылышат..." Сажда сүрөсү, 16 аят.

Жогоруда айтылган сөздөргө ылайык, мусулман адам экөөнө тең ээ болушу керек — коркуу сезими жана үмүт кылуусу. Аалымдардын бири айткандай: *"Коркуу жана үмүттөнүү — куштун эки канаты сыяктуу, экөө тең бир калыпта болсо куш дагы тең салмактуу учат, ал эми бир канаты кыска болуп калса адатынча уча албай калат, ал эми эки канатынан тең айрылып калса өлүмгө дуушар болот".*

Коркуу сезими сөзсүз үмүттөнүү менен коштолот, андай болбогондо адам баласы үмүтүн үзүп, кайгыга батып калмак. Үмүттөнүү дагы өз кезегинде коркуу менен коштолот, антпесе адам баласы кооптонбостон, кайдыгер болуп калат. Ошондуктан үмүт үзүү же тескерисинен кооптонбой кайдыгер болуу экөө тең жаман сапаттардан.

Аллах Таала айтат:

— "Аллахтын ырайымынан үмүт үзбөгүлө! Чынында, Аллахтын ырайымынан каапыр адамдардан башкасы үмүт үзбөйт". Юсуф сүрөсү, 87 аят.

Ошондой эле башка аятта келет:

— “Адашкандардан башка ким Раббисинин ырайымынан үмүт үзөт?!” Хижр сүрөсү, 56 аят.

Дагы бир аятта айтылат:

— “Аллахтын амалкерлигинен бир гана жоготууга учурачулар сактанышпайт”. Ааараф сүрөсү, 99 аят.

Аллах Таала арам кылган нерседен баш тартууга түрткү берген коркунуч мактоого тете. Ал эми үмүттөнүүнүн эки түрү гана мактоого татыктуу:

Диний милдеттерин Аллахтын шариятына ылайык аткарып, Аллахтан ажыр-сообун күткөн адамдын үмүтү.

Күнөө кылып жүргөн соң Аллахтын алдында күнөөсүн сезип, тобо кылып, Аллахтын кечиримин жана ырайымын күткөн адамдын үмүтү.

Мындай үмүт Аллахтын пендеси Анын жоомарттыгын жана ырайымдуулугун билип, Раббисинен ырайым күтүп, Аллахтын мээримдүүлүгүнүн кеңдигине таянып жатканды-гынан кабар берет.

4. Аллахка дуба кылып кайрылуу

Кудуреттүү, Улуу Аллах Таала айтат:

— “Раббиңер: “Мага кайрылгыла Мен жооп беремин! Чынында, Мага ибадат кылуудан текеберленгендер кор болгон абалда тозокко киришет”— деди!” Гаафир сүрөсү, 60 аят.

Дагы башка аятта мындай дейт:

— “Раббиңерге жалбаруу менен купуя түрдө дуба кылгыла! Чынында, Ал чектен чыгуучуларды сүйбөйт!”. Ааараф сүрөсү, 55 аят.

Ошондой эле башка аятта айтат:

— “Эгер пенделерим сенден Мен тууралуу сураган болсо, (анда) **Мен жакынмын, дуба кылып кайрылгандын дубасына жооп беремин. Мага да жооп беришсин жана ыйман келтиришсин! Балким Туура Жолго түшүшөр!”.** Бакара сүрөсү, 186 аят.

Тирмизийдин “Сунан” китебинде Нуман ибну Башир ﷺ пайгамбардан мындай хадис кабарлаганы айтылат: ***“Аллахка дуба кылуу бул — ибадат”.***

Бул сөздү айткан соң кийинки аятты окуганы айтылат: **“Раббиңер: “Мага кайрылгыла Мен жооп беремин! Чынында, Мага ибадат кылуудан текеберленгендер кор болгон абалда тозокко киришет” — деди!”**

5. Аллахтан жардам сурап кайрылуу

Аллах Таала айтат:

— “Сага гана сыйынабыз жана Сенден гана жардам сурайбыз...” Фатиха сүрөсү, 5 аят.

Ал эми пайгамбарыбыздын ﷺ сөзүнөн далил алып келсек, ал ﷺ убагында Ибну Аббаска ﷺ айткан сөзү белгилүү: ***“Эгер дуба кылсаң, Аллахка кайрыл, эгер жардам сурасаң, Аллахтан сура”.***

6. Аллахтан коргоо тилөө (истиааза)

Аллах Таала айтат:

— “Эгерде Куран окусаң, куугунтукталган шайтандан коргоо тилеп Аллахка кайрыл!” Нахл сүрөсү, 98 аят.

Дагы бир аятта мындай дейт:

— “Айткын: “Таңдын Раббисинин коргоосун тилеймин...” Фалак сүрөсү, 1 аят.

Ошондой эле дагы бир аятта:

— “Айткын: “Мен инсандардын Раббисинин, инсандардын Падышасынын, инсандардын Кудайынын коргоосун тилеймин...” Нас сүрөсү, 1–3 аяттар.

7. Балээ баскан кезде Аллахтан куткаруу сурап жалбаруу (истигааса)

Аллах Таала айтат:

— “Силер Раббиңерге жалбарып кайрылганда, Ал силерге жооп берди”. Анфал сүрөсү, 9 аят.

Пайгамбарыбыз ﷺ Мухаммад дагы Аллах Таалага төмөндөгүдөй сөздөр менен кайрылган: ***“Оо, Тирүү Зат! Оо, Башкарып Туруучу! Оо, Алкышталган Улуулуктун Ээси! Жер-асмандын Жаратуучусу! Сенин ырайымың менен кутулууну издейм!”***

8. Аллахка таянуу, тобокел кылуу (таваккул)

Башкача айтканда — жүрөк менен Аллахка таянып, Ал Өз пендесин коргоп каларына толук ишенүү.

Аллах Таала айтат:

— “...жана Аллахка тобокел кылгыла, эгерде момун болсоңор”. Маида сүрөсү, 23 аят.

Дагы бир аятта:

— “Момундар Аллахка гана тобокел кылышсын”. Ибрахим сүрөсү, 11 аят.

Жана дагы бир аятта:

— “Тобокел кылуучулар Аллахка гана тобокел кылышсын”. Ибрахим сүрөсү, 12 аят.

Аллахка
болгон ишеним

Улуу, Кудуреттүү Аллахтын бар экендигине ишеним — ыймандын эң алгачкы жана эң маанилүү түркүгү. Периштелерге, ыйык китептерге, пайгамбарларга, Кыямат күнгө жана тагдырга ыйман келтирүү сыяктуу түркүктөр дал ушул ишенимге негизделет. Бардыгы Аллахка ишенүүдөн тамыр алып, маңызында ушул ишенимге кайтат.

Улуу, Кудуреттүү Аллахка болгон ыймандын өзөгү бул жүрөктөгү төмөндөгүдөй ишеним:

Жалгыз Аллах гана Раббиликке ээ.

Жалгыз Аллах гана сыйынууга татыктуу.

Жалгыз Аллах гана Өзүнө ылайык ысым-сыпаттарга ээ.

Бул үч ишенимдин жүрөктө биригиши — *таухиддин* өзөгү болуп саналат жана бардык дин ушуга негизделет.

Ислам — бул чыныгы монотеисттик дин, б. а. жалгыз бир Кудайга гана түз сыйынууга чакырган дин. Анткени ал мындай ишенимдин үстүнө курулат: Аллах Таала бардык нерсени башкарат жана ал иштерин жардамчысы, шериги жок эле ишке ашырат. Аллах гана заты жана ысым-сыпаты менен Жаратуучуга ылайык улуулукка ээ. Демек, Ал Өзү гана ибаддаттарды арнап, сыйынууга татыктуу жана эч бир теңдеши жок.

Жогоруда айтылгандай, пайгамбарлар алып келген *таухид* үч нерсени камтыйт:

1. Аллахты Раббилигинде жалгыздоо *(таухид ар-рубубия)*.

Аллах Таала гана Раббиликке ээ деген — бул Аллах гана Падыша, Жаратуучу жана Башкаруучу деген ишеним. Өмүр берет жана алат, пайда-зыян Анын кудуретинде. Бардык нерсени башкарат жана дуба кылсак жооп берет. Бардыгынын үстүнөн талашсыз бийлиги бар жана эч ким бул иштерде Ага шериктеш боло албайт.

2. Аллахты сыйынууда жалгыздоо *(таухид аль-улюхийя)*.

Аллах гана чыныгы кудай жана ибадаттын бардык түрү Ага гана арналыш керек. Сыйынууга Аллах гана татыктуу деген ишеним.

3. Өзүнө таандык ысым-сыпаттарында жалгыздоо *(таухид аль-асма уа ас-сыфат)*.

Куран жана Сүннөттө Аллах Таала Өз сөзү менен же пайгамбарынын ﷺ сөзү менен Өзү тууралуу айткан көркөм жана кемчиликсиз ысым-сыпаттарын жүрөк менен тастыктоо жана Анын бардык кемчиликтерден аруу экендигин моюндап Ага гана таандык сыпаттарды макулуктарга ыйгарбоо. Башкача айтканда Аллах Таала бардык нерсени билет жана бардык нерсеге кудуреттүү экендигине ишенүү. Ал — Тирүү жана Жашоо Берүүчү. Аны уйку да, үргүлөө да албайт. Анын сөзү эки кылынбастан аткарылат жана даанышмандыгы чексиз. Ал Угуучу, Көрүүчү, Боорукер жана Ырайымдуу. Ал Арш үстүнө көтөрүлгөн жана бардыгынын үстүнөн бийлик кылат. Ал — Падыша, Ыйык жана Аруу, Колдоочу, Сактоочу, Кудуреттүү жана Кубаттуу. Ага кошулган шериктерден алыс жана андай кемчиликтерден Таза. Бул Анын көркөм жана кемчиликсиз ысым-сыпаттарынын чети гана.

Бул үч маселенин ар бири Куранда жана Сүннөттө келген көптөгөн далилдер менен тастыкталат.

Куран толугу менен таухидке арналгандыктан анын шарттары, талаптары жана сыйлыктары тууралуу, же болбосо ширк жана ширк кылуучулар, ошондой эле алардын жазасы тууралуу баяндайт.

Таухиддин бул үч бөлүгүн Ислам дининдеги аалымдар Куран жана Сүннөттө келген кабарлардан алышкан. Шарияттык тексттерди терең, ар-тараптуу изилдөөнүн натыйжасында мындай тыянак келип чыккан: пенделерден талап кылынган диний акыйкат бул Аллахтын Жалгыз Жаратуучу, сыйынууга татыктуу Кудай жана Өзү гана кемчиликсиз ысым-сыпаттарга ээ экендигине ишенүү. Муну четке каккан адам каапыр болуп саналат.

Аллахты Раббилигинде жалгыздоо (таухид ар-рубубия)

Бул Аллах Таалага гана тиешелүү, башка эч ким жасай албай турган иштерге байланыштуу ишеним. Мисалы: жаратуу, ырыскы берүү, башкаруу, ырайым кылуу, падышалык жүргүзүү, келбет берүү, жакшылык тартуулоо же алып коюу, пайда берүү, зыян берүү, кайра тирилтүү, өлтүрүү, башкаруу, тагдыр ж. б. у.с. Аллах гана жасай алчу көптөгөн иштер.

Араб тилинде "*рубубия*" деген сөз "*рабба* — тарбиялоо" деген этиштен келип чыгат. "*Рабб*" деген ысым дагы ушул сөз менен маанилеш, анткени "эге, кожоюн" деген маанини туюндурат. Раббилик бул Кудуреттүү Аллах Тааланын гана сыпаты. Ушундан улам "*рубубия*" деген сөз "*Рабб*" деген ысымдан алынган жана арабдардын колдонуусунда бир нече маанилерди берет. Мисалы: "падыша", "кожоюн", "абалдарды оңдоочу", "өз нугуна салуучу".

Акыл эси жайында болгон ар бир адам дүйнөнүн булуңбурчу, жер-асман, жылдыздар жана планеталар, күн жана ай, тоо, бак-дарак, деңиздер жана дарыялар, каптаган күндүз менен түн жана ушунун бардыгында орнотулган бузулгус тартип тууралуу ой жүгүртсө, эч бир шексиз ааламдын башкарып турган Кудуреттүү Жаратуучусу бар экендигин түшүнөт. Акылдуулар бул таң калыштуу, ажайып макулуктар тууралуу канчалык терең ой жүгүртсө, ошончолук ага айланасындагынын бардыгы акыйкат үчүн жаратылгандыгы айкындалат. Бул аалам Аллах Тааланын Жалгыздыгын жана Өзү тууралуу берген кабарлардын акыйкаттыгын далилдей турган түрмөктөрдүн же китептердин жыйнагы сымал экендигине көзү жетет.

Таухиддин бул түрүн четке каккан же болбосо сыпаты жана кудурети жагынан бири-биринен кем калбаган аалам-

дын эки жаратуучусу бар деген дин болбосо керек. Анткени, мындай болуу түпкүрүндө мүмкүн эмес. Атүгүл, Аллах менен кошо жаратуу иштерине кимдир-бирөө аралашкан же Аллахтай эле сыпаттарга ээ болгон дагы бирөө бар деп жар салган адам тууралуу кабар келген эмес. Аллахка шерик кошуучулар Аллахка шерик кылган нерселери периште, пайгамбар, планета же кудайча болбосун, түпкүрүндө алар Аллахка багыныңкы деп ишенишет. Имам Муслимдин "Сахих" китебинде Ибну Аббастан ﷺ келген хадисте айтылгандай, араб бутпарастар ажылык учурунда *"тальбия"* сөздөрүн мындай айтышкан: "Мен алдыңа келдим, Сенин эч бир шериги жок, Сенин бийлигиңдеги шериктен башка! Ал өзүнүн дагы анын мүлкүнүн дагы ээси Сенсиң". Ал эми Аллахтын элчиси ﷺ болсо чыныгы таухидди даңазалаган сөздөрдү айтып мындай деген: ***"Мен алдыңа келдим, оо Аллах, мына мен алдыңа келдим. Мен Сенин алдыңа келдим, Сенин эч бир шериги жок, мына мен алдыңа келдим. Чындыгында, мактоо, нээмат жана бийлик Сага таандык, Сенин эч шериги жок!"***

Жалпысынан, Аллахтын элчиси ﷺ жөнөтүлгөн араб бутпарастар Аллахты жалгыз жаратуучу деп билгендигин бизге Аллах Таала кабарлаган. Бул тууралуу Куранда көптөгөн аяттарда эскерилет, мисалы Аллах айтат:

— "Эгер сен алардан (мушриктерден): "Асмандарды жана жерди ким жараткан?" — деп сурасаң "Аллах" — дешет. Аларга айткын: "Аллахка мактоо болсун!" Бирок көпчүлүгү билишпейт". Лукман сүрөсү, 25 аят.

Жана башка аятта Аллах Таала мындай дейт:

— "Эгер сен алардан (мушриктерден): "Асмандар менен жерди ким жараткан жана күн менен айды ким моюн сундурган?" — деп сурасаң, "Аллах" — дешет. Алар канчалык жүз бурушкан?!" Анкабут сүрөсү, 61 аят.

Ошондой эле бул сүрөнүн уландысында Аллах мындай дейт:

— “Эгер сен алардан (мушриктерден): “Асмандардан суу түшүрүп, аны менен өлүк жерди тирилткен ким?” — деп сурасаң, албетте “Аллах” — дешет. Айткын: “Аллахка мактоо болсун!” Жок! Алардын көпчүлүгү акылдарын иштетпей жатышат!” Анкабут сүрөсү, 63 аят.

Дагы бир аятта Аллах Таала айтат:

— “Айткын: “Силерге асмандардан жана жерден ким ырыскы берет? Же болбосо, кулактардын, көздөрдүн ээси ким? Ким өлүктөн тирүүнү, тирүүдөн өлүктү чыгарат? Бардык нерсени ким башкарат? Алар дароо: “Аллах” — деп жооп беришет”. Юнус сүрөсү, 31 аят.

Жана башка аятта Аллах Таала айтат:

— “Жер жана анын бетиндегилер кимге таандык, эгер билсеңер?” — деп сурагын. Алар дароо: “Аллахка таандык!” — дешет. “Кантип эсиңерге келбейсиңер? — дегин. “Жети кабат асмандардын жана Улуу Арштын Раббиси ким?” — деп сурагын. Алар дароо: “Алар Аллахка таандык!” — дешет. “Кантип коркпойсуңар?” — дегин. “Бардык нерселердин падышалыгы кимдин колунда? Өзү Коргой турган, бирок Андан коргонуу жок болгон ким, эгер билсеңер?” Алар дароо “Аллах!” — дешет. “Канчалык башыңар айланып калган!” — дегин”. Муминун сүрөсү, 84–89 аяттар.

Ушуга карабастан кээ бир адамдар Аллах жаратпаган нерселер бар деп ойлошот. Мисалы отко сыйынган дуалисттер (эки кудайга сыйынгандар) караңгылыкты Аллах жараткан эмес дешет, кадарийлер (байыркы адашкан агым) макулуктардын кылган иштери Аллах буюрган тагдыр эмес дешет. Ал эми кээ бир араб мушриктер сыйынган кудайчалары өздөрү эле пайда-зыян кылууга ээ, Аллах алардын иштеринин Жаратуучусу эмес дешет. Мындай көрүнүш башка элдерде дагы бар.

Ширктин жогоруда айтылган түрү тилекке каршы кездешип тургандыктан Куранда буга жооп кайтарылган. Аллах Таала айтат:

— “Аллах Өзүнө (эч кандай) бала алган эмес жана Аны менен бирге башка кудай жок! Андай болсо ар бир кудай өзү жараткан нерсени ала кетмек жана бириси башкасына үстөмдүк кылмак”. Муминун сүрөсү, 91 аят.

Аллах Тааланын бул сөздөрү эки жаратуучунун болуу ыктымалдуулугун четке кагуу иретинде айтылган акылга ылайык далилдерден. Ошондой эле бул аят, чыныгы Кудай сөзсүз Жаратуучу болоорун жана Өзүнө ылайык кемчиликсиз сыпаттарга жана кудуретке ээ болушу керек экендигин баяндайт. Ошондой эле Аны менен биргеликте дал ошондой кудуретке ээ болгон башка кудай боло турган болсо, анда ал өзүнчө макулуктардын ээси болуп өзүнүн бийлиги жана беймуктаждыгы менен өзгөчөлөнүп калаарын түшүндүрүп берет. Бирок, башка кудайды шериктеш ээлик кылуу канааттандырмак эмес, ошондуктан ал шериктешин өзүнө моюн сундуруп, жалгыз башкарууга аракет жасамак. Ал эми колунан келбей калса өзү жараткан нерселерге бийлигин жүргүзүп бөлүнүп кетмек.

Демек, эки жаратуучу боло турган болсо экинин бири деген тыянак чыгат:

- же ар бир кудай өзү жараткан нерсени алып кетмек
- же бир кудай экинчисине үстөмдүк кылмак

Бирок биз күбө болгон нерселер бир нече жаратуучунун болуу ыктымалдуулугуна каршы келет, себеби жер-асман ж. б. у.с. айланадагы ааламдын ар бурчунда орнотулган тартип жана гармонияга бөлөнгөн байланыш дүйнөдөгү бардык нерсени Улук, Кудуреттүү, Жалгыз Кудай башкарат экендигине ишарат берет.

Аллахты Раббилигинде жалгыздоо маселесинде адашуу кандай болот?

Негизинен Раббибиздин бирлиги адам баласынын айтпаса деле түпкүрүндө орнотулуп, руханий табиятына тамыр жайып, көптөгөн далилдер менен бекемделгенине карабастан бул маселеде нугунан тайган адамдар дагы кездешпей койбойт. Аллахтын Раббилигине ишенүүдө адамдардын адашууларын кыскача төмөндөгүдөй баяндасак болот:

Биринчи ката: Аллахтын Эгелигине толук каапыр болуу жана Анын бар экендигин четке кагуу. Бул кудайсыз атеисттердин ишеними. Алар бардык нерсени жаратылыш, убакыт жараткан же өзүнөн өзү эле пайда болгон деп ишенишет.

— "Алар: "Мына бул дүйнө жашообуз гана бар! Өлөбүз, өмүр сүрөбүз! Бизди убакыт гана өлтүрөт" — дешет". Жаасыя сүрөсү, 24 аят.

Экинчи ката: Аруу Раббинин кээ бир өзгөчөлүктөрүн кабыл албоо жана Анын кээ бир Өкүмдарлык сыпаттарын четке кагуу. Мисалы: Аллахтын жан алып, өлгөн соң кайра тирилтүүсүн жана пайда же зыян берүү кудуретин жокко чыгаргандар.

Үчүнчү ката: Жаратуучунун кээ бир өзгөчөлүктөрүн Аллахтан башка бирөөгө ыйгаруу. Эгер адам баласы Кудуреттүү, Улуу Аллахтан башка дагы бирөө ааламдагы жаратуу, кыйратуу, тирилтүү, өлтүрүү, ырайым кылуу, жамандыктан коргоо ж. б. у.с. Раббиге гана тиешелүү сыпаттардан болгон иштерди аткарат деп ишенсе, ал Аллахка шерик кошкон болуп эсептелет.

Аллахты ысым-сыпатында жалгыздоо (таухид аль-асма уа ас-сыфат)

Кудай Тааланын ысымдарына жана сыпаттарына ыйман келтирүү мусулмандын жүрөгүнө өтө чоң таасир берет. Ыймандын бул бөлүгү менен Аллахтын кулу жүрөгүнөн ибадаттын маңызын табат. Ушул ишенимдер аркылуу ал Аллах Таалага таянып, жалгыз Өзүнө тобокел кылып, денеси менен жүрөгүн, ал тургай ойлорун дагы Аллахка жаккан нерселер менен алек кылууга бура баштайт. Ал Аллах сүйгөн нерселерди сүйүп, Анын ыраазычылыгы үчүн кулак төшөп, Анын ыраазычылыгы үчүн назар салып калат. Ошону менен бирге ал Раббисине опол тоодой үмүт артып, Ал тууралуу бир гана жакшы ойдо болот.

Аллах Тааланын ысымдары пендесине Раббисин чын дилинен сүйүүгө жардам берет жана бул сүйүү мусулмандын эки дүйнө бактысына пайдубал жана бейпилдигине ачкыч болуп эң көркөм көрүнүштө ибадат кылууга шыктандырат. Ушул жерден баса белгилей кетсек, пенде канчалык Аллахты жүрөгүндө жакшы көрсө ошончолук тышкы мүчөлөрү менен аткарылчу ибадаттары жеңил болот же тескерисинен оор болот.

Ибадатты Аллах ыраазы болгудай майын чыгарып аткаруу жүрөктөгү Аллахка болгон сүйүүгө жараша болот, ал эми сүйүү болсо Аллахты көркөм ысым жана сыпаттары аркылуу таанып-билүүгө жараша болот. Ошондуктан Аллахка эң жакшы кулчулук кылгандар бул Аны эң жакшы тааныпбилген жана өтө чоң сүйүүсү менен айырмаланган Анын пайгамбарлары болгон.

Жаратуучуга ылайык ысым-сыпаттарда бир гана кудайды жалгыздоо (*таухид аль-асма уа ас-сыфат*) дегени бул — Аллах

Таала тууралуу Аллах Өзү жана Анын пайгамбары тастыктаган ысымдарды жана сыпаттарды тастыктоо, маани-маңызын моюндоо жана ал сыпаттардын макулуктарга болгон таасирин эске алуу. Ошондой эле Аллах жана Анын пайгамбары четке каккан ысымдарды жана сыпаттарды четке кагуу.

Аллах ысымдарында жана сыпаттарында жалгыз экендигин моюнга алуунун мааниси?

БИРИНЧИСИ: Аллах Таала эң көркөм ысымдарга ээ, б. а. ал ысымдардай көркөм эч нерсе жок деп билүү. Аллах Таала айткандай:

— "Аллахтын эң сонун ысымдары бар". Ааараф сүрөсү, 180 аят.

Ошондой эле Аллах Таала эң бийик, толук жана кемчиликсиз, аруу сыпаттарга ээ.

Аллах Таала айтат:

— "Аллахка болсо эң жогорку сыпаттар таандык". Нахл сүрөсү, 60 аят.

Бул жерде Аллахка гана болгон ыкыластуулук жана Ага таандык эң улуу, айыпсыз, көркөм сыпаттар туралуу айтылып жатат.

ЭКИНЧИСИ: Аллахтын ысымдары жана сыпаттары тууралуу кабар жогору жактан келген деп билүү. Анткени бул маселени баяндаган илим булагы Куран жана Сүннөт, демек биз эч нерсени кемитпей же кошумчалабай ошол булактан көрсөтмө алышыбыз керек.

ҮЧҮНЧҮСҮ: Аллах Таала тууралуу баяндама берерде четке кагуу дагы (кемчиликтүү ысым-сыпаттарды), тастыктоо дагы (Өзүнө ылайык ысым сыпаттарын) колдонулат. Ошол эле учурда тастыктоо окшоштуруу болуп калбашы керек, ал эми четке кагуу кемитүү болуп калбашы керек. Аллах Таала буга далил катары Өзү мындай деген:

— “Эч нерсе Ага окшош эмес! Ал — Угуучу, Көрүүчү!” Шура сүрөсү, 11 аят.

ТӨРТҮНЧҮ: бизге Аллахтын ысым-сыпаттарынын маанисин маалым, бирок алардын акыйкатын жана кандай экенин бир гана Аллах билет. Аллах айтат:

— “...алардын илими Аллахты камтый албайт”. Та Ха сүрөсү, 110 аят.

Эки сахих жыйнагында Абу Хурайра ﷺ Аллахтын элчисинен ﷺ кабарлаган хадис келет: ***“Аллахтын бири кем жүз болгон — токсон тогуз ысымы бар жана ким аларды санап турса Бейишке кирет”.***

Бул жерде санап туруу дегени ошол ысымдарды эсинен чыгарбай, алардын маанисине жараша Аллахка ибадат кылуу деген максатты камтыйт.

Бирок Аллахтын ысымдары токсон тогуз менен эле чектелип калбайт, анткени Аллахтын Куранда жана Сүннөттө айтылбаган ысымдары дагы бар.

Имам Ахмад, Ибну Хиббан жана башка хадис аалымдары Абдуллах ибну Масуддан ﷺ хадис келтиришет. Бул хадисте Аллахтын элчиси ﷺ мындай деген: ***“Оо, Аллах, Өзүңдү Өзүн атаган же Өз Китебиңде түшүргөн, макулуктарыңдын бирине үйрөткөн же Сен Өзүң гана билген ар бир ысымың менен сурайм...”***

Ырасында, Улуу, Бийик Аллах көптөгөн ысымдарга ээ жана алардын арасына ысымдар эле эмес сыпаттар дагы кирет. Ысымдар Анын затына тиешелүү, ал эми сыпаттар анын аруулугунун сыпатталышына тиешелүү.

Төмөндө Аллахтын кээ бир ысымдары жана сыпаттары баяндалат.

Аллахтын ысымдарынан:

Аллах, Робб (Эге), Ар-Рахман (Мээримдүү), Ар-Рахим (Ырайымдуу)

Фатиха сүрөсүндө Аллах Таала айтат:

— “Ааламдардын Эгеси Аллахка мактоолор болсун. Ал Мээримдүү, Ырайымдуу” Фатиха сүрөсү, 1–2 аяттар.

Аллах — ибадаттар багышталып, сыйынуулар арналган Зат.

Эге — Жаратуучу, өмүр улоого керектүүнү Берүүчү, Падыша, толук Башкаруучу, Өз нээматтары менен болумушту бүт бар кылган.

Мээримдүү, Ырайымдуу. Бул эки ысым тең мээримдүүлүккө тиешелүү, бирок Мээримдүү деген ысым Анын сыпатын билдирсе, Ырайымдуу деген ысымы Анын мээриминин жайылышына ишарат кылат.

Аллахтын мээрими экиге бөлүнөт: бардыгына жайылган — жалпы, жана момундарга гана арналган — өзгөчө.

Жалпы мээримдүүлүгү тууралуу Аллах Таала мындай деген:

— “Чындыгында, Аллах адамдарга Боорукер, Ырайымдуу”. Хаж сүрөсү, 65 аят.

Ал эми өзгөчө мээрими тууралуу мындай деген:

— “...жана Ал момундарга ырайымдуу”. Аль-Ахзаб сүрөсү, 43 аят.

Жалгыз, Түбөлүк.

Курандын үчтөн бир бөлүгүнө тең деп айтылган “Ыклас” сүрөсүндө Аллах Таала мындай дейт:

— **“Айт: “Ал — Аллах — Жалгыз. Аллах Түбөлүк”.** Ыклас сүрөсү, 1–2 аяттар.

Жалгыз — кемчиликсиз сыпаттарында жалгыз жана Ага шайкеш же Аруу сыпаттарында тең боло алчу эч ким, эч нерсе жок.

Түбөлүк — сыпаттарында Кемчиликсиз, макулуктардын бардыгы өз муктаждыктары менен Ага кайрылышат.

Тирүү, Камсыздап Туруучу, Бийик, Улук

Бул ысымдардын бардыгы Аллахтын эң улуу аяттарынын бири — "Аят аль-Курсиде" эскерилет. Аллахтын элчиси ﷺ бул аяттарды түндө окуган адамга Аллах Таала таң аткыча кайтара турган кароолчу жиберет жана ага шайтан жолой албайт деп кабарлаган. Аллах Таала айтат:

— "Аллах... Андан башка сыйынууга татыктуу кудай жок! Тирүү, Камсыздап Туруучу. Аны үргүлөө да, уйку да албайт. Асмандардагы жана жердегинин баары Аныкы! Анын алдында, Анын уруксаты болмоюнча эч ким (эч кимге) **шапаат-колдоочулук кыла албайт. Ал алардын** (бардык макулуктардын) **келечегиндеги жана өтмүшүндөгү нерселерди билет. Ал эми, алар** (калк-калайыктар) **болсо, Анын илиминен Ал Өзү каалагандан башка эч нерсени билишпейт. Анын Курсийи асмандар жана Жерден да кенен. Ал экөөнү** (асмандар менен жерди) **сактап туруу Аны такыр чарчатпайт. Жана Ал — эң Жогорку жана эң Улук!"** Бакара сүрөсү, 255 аят.

Тирүү — Анын өмүрү түбөлүк жана эч бир кемчилги жок, Ал эч качан үргүлөбөйт, Аны уйку баспайт жана өлбөйт, өлүм өзү Ага багыныңкы.

Аллах Таала айтат:

— "Жана сен өлбөй турган (түбөлүк) **Тирүүгө тобокел кыл..."** Фуркан сүрөсү, 58 аят.

Бар — Ал Өзүнөн Өзү эле бар жана эч нерсеге муктаж эмес, башкалар болсо Анын ыраазычылыгы менен бар болушкан.

Бийик — бул жерде абсолюттук бийиктик тууралуу айтылат. Мисалы, кудуретинин, затынын жана багынтуусунун эң бийик даражалары. Кудуреттин туу чокусу дегени бул анын айыпсыз, улук сыпаттары тууралуу. Багынтуунун жогорку чеги дегени бул Анын жараткан бүт ааламды багынтып, толук бийлигин жүргүзгөнү. Ал эми затынын бийиктиги болсо Ал Өз аршынан жогору бардык макулуктардан өйдө тургандыгы.

Аллах Таала айтат:

— "Эң жогорку Раббиңдин ысымын аруула!" Аль-Ааля сүрөсү, 1 аят.

Ошондой эле башка аятта:

— "Бир кезде Аллах айтты: "О, Ыйса, мен сени (денең менен) **толук алып кетүүчү жана Өзүмө бийиктетүүчүмүн"** Аали Имран сүрөсү, 55 аят.

Жана да башка аятта айтат:

— "Жер чайпалган кезде асмандагы Зат (Аллах) **силерди жерге жуткуруп жиберүүсүнөн саксыңарбы?! Же болбосо, асмандагы Зат үстүңөргө бороон-чапкын жиберишинен амансыңарбы!? Менин эскертүүмдү сөзсүз билесиңер!"** Мүлк сүрөсү, 16–17 аяттар.

Асман деп бул жерде бийиктик маанисинде айтылат, б. а. жаратылган асмандардан дагы өйдө деген мааниде.

Улук — Аллахтын бул ысымы улуктукка тиешелүү бардык сыпаттарга ээ дегенди билдирет.

Алгачкы, Акыркы, Жогорку, Жакынкы, Билүүчү

Аллах Таала айтат:

— "Ал Алгачкы жана Акыркы, Жогорку жана Жакынкы. Ал бардык нерсени билүүчү". Хадид сүрөсү, 3 аят.

Аллахтын элчиси бул төрт ысымга мындай түшүндүрмө берген:

— “Оо, Аллах, Сен — Алгачкысың, Сага чейин эч нерсе болгон эмес, Сен — акыркысың, Сенден кийин эч нерсе болбойт, Сен — **Жогоркусуң жана Сенин үстүндө эч нерсе жок, Сен — Жакынсың, Сенден жакын эч ким жок”.** Бул хадис Муслимде келет.

Билүүчү — билими бардык нерсени камтый ала турган Зат.

Аллах Таала айтат:

— “Кайыптын ачкычтары Анда гана! Аны бир Өзүнөн башка эч ким билбейт. Ал (Аллах) кургактыктагы жана деңиздеги бардык нерселерди билет. Жада калса, бир жалбырак үзүлүп түшчү болсо — аны да билет. Кара жер койнундагы бир даана дан болсун, бардык суулуу же кургак нерселер болсун, (бардыгынын кабары) Анык Китепте (Лавхул Махфузда) бар”. Анаам сүрөсү, 59 аят.

Угуучу, Көрүүчү

Аллах Таала айтат:

— “Жана Ал — Угуучу, Көрүүчү”. Шура сүрөсү, 11 аят.

Ал — Угуучу, демек, угуу Анын сыпаттарынан. Ал — Көрүүчү, демек, көрүү Анын сыпаттарынан. Ошентип Ал бардык нерсени көрөт, бардык нерсени угат жана Андан эч нерсе жашыруун болуп калбайт.

Даанышман, Билүүчү

Аллах Таала айтат:

— “Ал — Даанышман, Кабардар!” Саба сүрөсү, 1 аят.

Даанышман: Ал бул дүйнөдө жана акыретте жараткан нерселерин диний жана табигый мыйзамдары аркылуу башкарат жана каалагандай мыйзам чыгарат.

Билүүчү. Жалпы ашкере жана купуя нерселердин бардыгы Ага толук белгилүү.

Аллахтын сыпаттарынын катарында:

Аллахтын жүзү

Аллах Таала айтат:

— "Бир гана Раббиңдин улуу-урматтуу Жүзү түбөлүк!" Рахман сүрөсү, 27 аят.

Аллахтын колу

Аллах Таала айтат:

— "Анын эки колу ачык..." Маида сүрөсү, 64 аят.

Аллахтын көзү

Аллах Таала айтат:

— "Раббиңдин өкүмүнө сабыр кыл, акыйкатта сен биздин көз алдыбыздасың". Тур сүрөсү, 48 аят.

Ошондой эле башка аятта Аллах Таала айтат:

"Көз алдымда чоңоюшуң үчүн". Та-Ха сүрөсү, 39 аят.

Бул жерде эки көз тууралуу айтылат, анткени Аллахтын элчиси ﷺ Анас ибну Маликтен ؓ келген хадисте мындай деген: ***"...Чындыгында, Силердин Раббиңер жалгыз көздүү эмес..."***. Сахих Бухари.

Жогоруда айтылган үч сыпат Аллахтын Затына тиешелүү.

Арш үстүнө көтөрүлүүсү

Аллах Таала айтат:

— “Ырайымдуу Арш үстүнө көтөрүлдү”. Та Ха сүрөсү, 5 аят.

Жана башка аятта Аллах айтат:

— “Кийин Арштан бийик болду”. Ааараф сүрөсү, 54 аят.

Жогоруланууу — бул эң бийиктик, бардык нерседен өйдө болуу, көкөлөө, туруктуулук деген маанилерди берет. Бул кыймыл-аракеттин сыпаттарына кирет.

Аллахтын коштоосу

Аллах Таала айтат:

— “Ал асмандар менен жерди алты күндө жаратып, кийин Арштан Бийик болду. Ал жерге кирген жана жерден чыккан, асмандан түшүп жаткан жана ага көтөрүлүп жаткан бардык нерселерди билет. Силер кайда болбогула, Ал силер менен бирге. Аллах силердин амалдарыңарды Көрүүчү”. Хадид сүрөсү, 4 аят.

Ошондой эле башка аятта Аллах айтат:

— “Билбейсиңби, Аллах асмандардагы жана жердеги бардык нерселерди(н кабарын) билет. Эгер үч адам (жашыруун) шыбырашып сүйлөшсө, Ал алардын төртүнчүсү. Эгерде бешөө болсо, Ал алтынчысы. Жана мындан азыраак же көбүрөөк болсо да жана кандай жашыруун жерде болсо да Ал алар менен бирге! Андан кийин, Кыяматта аларга жасаган иштеринин кабарын билгизет. Чынында, Аллах ар нерсени Билүүчү!” Аль-Мужадаля сүрөсү, 7 аят.

Жана башка аятта Аллах айтат:

— “...ал шеригине: “Кайгырбагын, Аллах биз менен” — деди”. Тауба сүрөсү, 40 аят.

Дагы бир аятта Аллах айтат:

— “Албетте, Аллах такыбалар жана жакшылык жасагандар менен!” Нахл сүрөсү, 128 аят.

Коштоонун эки түрү бар:

1. Жогорудагы *“Хадид”* жана *“Мужадаля”* сүрөсүндөгү аяттарга ылайык бардык нерсени коштогондугу. Бул Аллахтын бардык макулуктарын камтыган чексиз илимине байланыштуу.

2. *“Тауба”* жана *“Нахл”* сүрөсүндөгү аяттардын маанисине ылайык кээ бир макулуктарын өзгөчөлөп коштогондугу. Бул жерде Аллах Таалага жакын пенделер тууралуу айтылып жатат, анткени Ал ар-дайым жардам берип, кубаттап, аларды коргоп келет.

Аллахтын келүүсү

Аллах Таала айтат:

— “Алар Аллах жана периштелер булуттардын көлөкөсүндө келишинен башка нерсени күтүшөбү”. Бакара сүрөсү, 210 аят.

Жана башка аятта Аллах Таала мындай дейт:

— “...Раббиң келип жана сап-сап болуп тизилген периштелер келгенде”. Фажр сүрөсү, 22 аят.

Бул Аллах Тааланын Кыямат Күнү пенделерине карата акыркы чечим чыгаруу үчүн келүүсү тууралуу баяндама. Бул дагы Аллахтын кыймыл-аракет сыпаттарынан.

Ылдыйкы асманга түшүү

“Сахих” китептеринин экөөндө тең Абу Хурайра ﷺ Аллахтын элчисинен ﷺ мындай хадис кабарлайт: **“Ар бир түн сайын түндүн акыркы үчүнчү бөлүгүндө Раббибиз ылдыйкы асманга түшүп мындай дейт: “Мага кайрылгандын дубасына жооп берем, Менден сурангандын суроосун орундатам, Менден кечирим сураганды Мен кечирем”.**

Демек, жогорудагы хадис Аллах Тааланын түн сайын ылдыйкы асманга түшөт экендигине далил жана Аллахтын кыймыл-аракет сыпаттарынан.

Аллахтын сөзү

Аллах Таала айтат:

— “Качан Муса биз белгилеген маалда келгенде Раббиси ага сүйлөдү...” Аараф сүрөсү, 143 аят.

Башка аятта Аллах Таала мындай дейт:

— “Жана да Аллах айтты: “Оо, Ыйса, Мариямдын баласы!” Маида сүрөсү, 116 аят.

Ошондой эле Аллах Таала дагы бир аятта айтат:

— “Эгер мушриктердин бири сенден коргоо-кепилдик сураса, Аллахтын сөзүн угуп калуусу үчүн ага кепилдик бер”. Тауба сүрөсү, 6 аят.

Сүйлөө же Аллахтын сөздөрү бул Аллахтын сыпаттарына тиешелүү. Аллах Таала кааласа сүйлөйт жана каалагандай сүйлөйт. Анын Үнү угулат, ал эми сөздөрү болсо Анын Затына да,кыймыл аракетине да тиешелүү сыпаттардан.

Куран Аллах Тааланын жаратылбаган, түшүрүлгөн сөздөрүн камтыйт. Аллах Таала айтат: **“Бул берекелүү китепти түшүрдүк, ушуга ээрчигиле...”** Анам сүрөсү, 155 аят.

Башында айтылгандай, Аллахтын сөздөрү Анын сыпаттарынан, ал эми сыпаттары болсо жаратылган эмес.

Аллахтын сүйүү сыпаты

Аллах Таала айтат:

— “Чындыгында Аллах жакшылык жасоочуларды сүйөт”. Бакара сүрөсү, 195 аят.

Ошондой эле башка аятта Аллах Таала мындай дейт:

— “Албетте, Аллах такыбаларды сүйөт”. Тауба сүрөсү, 4 аят.

Аллахтын ыраазы болуусу

Аллах Таала айтат:

— “Аллах алардан ыраазы болот жана алар Аллахтан ыраазы болушат”. Маида сүрөсү, 119 аят.

Аллахтын каарданууусу

Аллах Таала айтат:

— “Аллах аларга каарданды...” Фатх сүрөсү, 6 аят.

Жогорудагы ысымдар жана сыпаттар Аллахка таандык экендигинде биз эч шектенбейбиз, анткени Аллах Өзү тууралуу Куранда жана Анын элчиси Ал тууралуу хадистеринде буларды тастыктаган. Бул ысым-сыпаттардын мааниси түшүнүктүү жана белгилүү жана аларга түз ыйман келтирүү Куран, Сүннөттөн алыстап кетүү деп саналбайт. Анткени Аллахтын сыпаттарын адамдардын сыпаттарына окшотуу болбойт дегендей эле, аларды түз маанисинен алыстатууга, ошондой эле

акыйкатын жана анын кандай экендигин чечмелөөгө тыюу салынат.

Аллах Таала айтат:

— “Ага эч нерсе окшобойт...” Шура сүрөсү, 11 аят.

Ошондой башка аятта:

— “Ага окшош башка бирөөнү билесиңби?” Мариям сүрөсү, 65 аят.

Ошондой эле Аллах Таала мындай дейт:

— “...Ага тең болчу эч ким жок”. Ыклас сүрөсү, 4 аят.

Аллахты ысым-сыпаттарында жалгыз деп билүү дегенди кантип түшүнүү керек?

Аллах Тааланын ысымдары менен сыпаттарын туура түшүнүү бул — Аллах өзү жана Анын элчиси кабарлаган ысымдарга жана сыпаттарга эч бурмалабастан (*тахриф*), жокко чыгарбастан (*таатил*), элестетпестен, сүрөттөбөстөн (*такйиф*) жана макулуктардын сыпаттарына окшоштурбастан (*тамсил*) ыйман келтирүү.

•

Бурмалоо (*тахриф*) деп Аллахтын ысымдары жана сыпаттары камтыган маанилерди өзгөртүү айтылат. Бул эки түрдүү болот:

1. Сөзгө ашыкча тамга кошуу аркылуу аталышын өзгөртүү. Же болбосо сөздөн бир же андан көп тамгаларды алып салуу. Же болбосо тыбыштарын өзгөртүү (харакат). Мисалы кээ бир адашкан агымдар Аллах Тааланын: **“Ар-Рохмаану аля-ль-**

арши истава” (Мээримдүү, Арш үстүнө көтөрүлдү) деген аятында “*истава*” сөзүн өзгөртүштү. Бул сөз негизи “көтөрүлдү”, “бийиктеди” деген маанини берет, бирок алар “*ставля*” деп түшүндүрүшөт жана бул сөз “ээлеп алды” деген мааниде болуп калат.

2. Сөздү түпкү маанисинен тышкары башка мааниде кылып, Аллах жана Аллахтын элчиси берген мааниден айырмалантып түшундүрүү. Мисалы, Аллах Тааланын “Аллахтын колу” деп айткан жеринде “*йад*” сөзүнүн маанисин “Аллахтын кудурети” же “нээматы” деп коюу. Бул түшүндүрмө туура эмес. Анткени, Куран жана Сүннөттөн же жалпы белгиленген араб тилинин эрежелеринен алынбастан, кийин пайда болгон.

•

Жокко чыгаруу (*таатиль*) бул Аллахтын сыпаттарын моюндабай коюу. Аллах Тааланын эч кандай сыпаттары жок дегендер ушундай кылышат.

•

Элестетүү (*такйиф*) бул Кудайга таандык ысым-сыпаттарды элестетүү. Кээ бир адашкан агымдар Аллахтын сыпаттарын бурмалап, кандайдыр бир форма беришет жана сүрөттөшөт. Мисалы, Анын Колу кандай экендигин же Арш үстүнө кантип жогорулашын. Мындай сүрөттөө жалган, анткени, ал нерселерди Аллахтан башка эч ким билбейт. Макулуктарга Аллахтын ысым-сыпаттарынын мааниси маалым болгону менен, акыйкаты, кандай экендиги белгисиз. Алардын кемчиликтүү акылдары ал нерсени камтый албайт.

•

Окшоштуруу (*тамсил*) бул Аллахтын сыпаттарын макулуктардын сыпаттарына окшоштуруу. Мисалы, бир адам мындай десе: “Аллахтын угуусу биздин угуубуздай эле”. Же болбосо:

“Аллахтын жүзү деген биздикиндей эле жүз” — десе. Аллах мындай салыштыруудан Таза, Аруу жана Бийик!

1. Аллахтын ысымдарын жана сыпаттарын туура түшүнүү үч нерсеге негизделет. Кимде-ким ушул үч маселени жакшы түшүнүп алган болсо эч качан бул жаатта адашууга чалдыкпайт. Ал үч маселе төмөндөгүдөй:

Аллахтын бир дагы сыпаты макулуктардын сыпатындай эмес. Аллах Таала айтат: **“Ага окшош эч ким жок жана Ал — Угуучу, Көрүүчү”.** Шура сүрөсү, 11 аят.

Бул аятта Аллах Таала өзүнүн угуу жана көрүү сыпаттары туралуу кабарлады. Ошол эле учурда Аллах Таалага эч нерсе окшошпой тургандыгын тастыктады. Демек, аталышы окшош болсо дагы Аллах Тааланын сыпаттары Анын улуктугуна жараша эч бир макулуктукуна окшобойт. Ал эми макулуктардыкы алардын кемчиликтүүлүгүнө ылайык Жаратуучунукуна тең боло албастыгы анык болду. Ошондой эле буга кошумча далил катары Аллах Тааланын кийинки аяттары: **“Аллахка эч нерсени салыштырбагыла, окшоштурбагыла”.** Нахл сүрөсү, 74 аят. **“...Ага тең боло алчу эч ким жок”.** Ыклас сүрөсү, 4 аят.

2. Аллах тууралуу Аллах Таала Өзү жана Анын элчиси кабарлаган ысымдар жана сыпаттар Анын Улуктугуна ылайык болот.

3. Аллах Тааланын затынын сыпатталышын толук камтууга аракет кылбоо, анткени ага макулуктардын даремети жетпейт. Буга Аллахтын сөздөрү далил: **“Ал алардын мурункусун да, кийинкисин да билет, бирок Аны** (Аллахты) **алар илимдери менен камтый алышпайт”.** Та Ха сүрөсү, 110 аят.

Акыл эси жайында болгон адам аң сезими чектелген экендигин түшүнүп, угуусу жана көрүүсү чексиз болбогондой эле, чектелген табиятынан ары аша албай тургандыгын моюнга алышы керек. Ошондуктан акылынын алы келбесе да, мээси жетперине карабастан Аллахтын Заты, сыпаты тууралуу ой жүгүртүүгө аракет жасаган адам, өтө алыстагыны уккусу келген же дубал аркасындагыны көргүсү келген адам сымал.

Куран жана Сүннөттө Аллах Тааланын көптөгөн кемчиликсиз сыпаттары жана көркөм ысымдары эскерилет. Биз мисал кылган ысым-сыпаттар ошолордун тизмегинин учу гана. Жаратуучуга ылайык ысымдарды жана сыпаттарды ар бир мусулман "*Аллахтын улуктугуна жана аруулугуна жараша*" деген эреже аркылуу кабыл алуусу керек. Аллах Өзү тууралуу Куранда кандай баяндама берсе ошону кабыл алуусу милдет. Анткени, Аллах Өзү тууралуу макулуктарга караганда жакшы билет. Ошондой эле ар бир мусулман Аллах тууралуу Анын элчиси Сүннөттө кабарлаган маалыматты кабылдашы керек. Анткени ал адамдардын арасынан эң сөзмөр, такыба жана ыймандуусу болуп, Раббиси тууралуу башка элдерге салыштырмалуу эң жакшы билген. Тыянакта Аллах Тааланын сыпаттарын четке кагууга же макулуктардын сыпаттарына окшотууга эч кимдин акысы жок, анткени **"Ага окшош эч ким жок жана Ал — Угуучу, Көрүүчү".** Шура сүрөсү, 11 аят.

Аллахты сыйынууда жалгыз деп билүү (таухид аль-улюхия)

"*Улюхия*" деген сөз араб тилинде "*илях*" деген сөздөн келип чыгат. Ал эми "*илях*" сөзү бардык сыйынылган заттарды өз маанисине камтыйт. Сыйынылган заттар экигие бөлүнөт: чыныгы жана жалган. Мисалы Аллах чыныгы сыйынууга татыктуу Зат, ал эми Аллахтан башка сыйынылып кеткен нерселердин бардыгы жалган кудай болуп саналат. Чыныгы "*илях*" — бул Аллах Таала. Анткени, Аллах Таала жалгыз Эгебиз, Жаратуучубуз болгон соң, көркөм ысым-сыпаттарга да Өзү гана ээ болуп турса, демек, сыйынууга да Өзү гана татыктуу. Ал сүйүү жана улуктоонун негизинде моюн сунулчу Зат. Ага багынышат, жалбарышат, андан коркушат жана ага жакын болууну каалашат. Балээ баскан кезде ага кайрылып,

андан тиленишет. Ырыскы күтүп ага тобокел кылышат жана андан коргоо издешет. Кудай Таала башка макулук, пенделерде жок улуу, кемчиликсиз сыпаттарга ээ болгондуктан жогоруда айтылган сезимдердин бардыгын адам баласы өз жүрөгүнөн таба алат.

Аллах Таала айтат:

— “Биз ар бир коомго: “Аллахка гана сыйынгыла жана тагуттан оолак болгула” — деп айтуучу элчилерди жөнөттүк”. Нахл сүрөсү, 36 аят.

Аллах Таала айтат:

— “Анткени, Аллах — Акыйкат. Андан башка сыйынылган нерселер жалган. Ырасында, Аллах — Бийик жана Улук”. Хадж сүрөсү, 62 аят.

Ошентип, адамдар кудай тутуп, ибадаттарын арнап алган нерселердин бардыгын Аллах Таала Куранда татыксыз деп кабарлап, жалганга чыгарды. Аларга моюн сунуп, дуба кылып, үмүт артып, коркуу коштоп ибадат кылса дагы адам баласы алардан эч нерсе таба албайт. Аллах Таала Куранда айтат:

— “Эч нерсени жаратпаган, тескерисинче, жаратылган нерселерди Аллахка шерик кылышабы?! Аларга жардам бере алышпайт, ал тургай өздөрүнө да жардам бере алышпайт”. Араф сүрөсү, 191–192 аяттар.

— “Силер Анын ордуна дуба кылып кайрылгандар силерге жардам бере алышпайт, өздөрүнө да жардам бере алышпайт”. Араф сүрөсү, 197 аят.

— “Ал түндү күндүзгө киргизет (түн эсебинен күндүздү узартат) **жана күндүздү түнгө киргизет** (күн эсебинен түндү узаратат). **Ал күн менен айды моюн сундуруп койду, ар бири белгиленген убакытка чейин кыймылын улантат. Бул — Аллах, силердин Раббиңер! Бардык мүлк Ага таандык, ал эми Андан башка силер** (мушриктер) **дуба кылып жаткан “кудайларыңар” курма сөөгүнүн чел кабыгындай нерсеге да ээлик кылышпайт! Эгер аларга дуба кыл-**

саңар, дубаңарды укпайт. Эгер укса да, силерге жооп бере алышпайт эле. (Ошондуктан), **Кыямат Күнү аларды** (Аллахка) **шерик кылганыңарга нараазы болушат.** (Оо, Мухаммад!) **Эч ким сага Кабардар** (Аллах) **сыяктуу кабар бере албайт!** Фатыр сүрөсү, 13–14 аяттар.

Адамзаттын көпчүлүгү Аллахты Жаратуучу, Падыша, Ырыскы Берүүчү, Өкүмдар катары тастыкташат. Бирок, ошого карабастан көп адамдар Аллахка сыйынууда буттарды, өлгөн олуяларды, периштелерди, жылдыздарды жана бак-даректарды шерик кылышат. Алар болсо эч кимге пайда же зыян жеткире алышпайт, бир нерсе тартуулап же бир нерседен куру калтыра алышпайт.

Аллах Таала айтат:

— "Алардын көпчүлүгү Аллахка мушрик болгон абалда ишенишет". Юсуф сүрөсү, 106 аят.

Пайгамбарыбыздын убагындагы бутпарастар Аллахтын Раббилигин, Жаратуучу, Ырыскы берүүчү экендигин тастыкташкан. Ал эми алардын шерик кошуусу ааламдардын Эгеси менен биргеликте башка нерселерге сыйынууларында болгон. Алар башка нерселерге дуба кылуу, коргоо тилеп кайрылуу жана муктаждыктары тууралуу арыз-муңун айтуу менен Аллахка теңдеш кылып, шерик кошушкан.

Аллах Таала Курандын көп жерлеринде араб-бутпарастар Аллахты Эгелигинде жалгыздаганы менен ибадатта башка нерсени Аллахка шерик кылгандары тууралуу кабарлайт. Мисалы Аллах айтат:

— "Эгер сен алардан (мушриктерден)**: "Асмандар менен жерди ким жараткан жана күн менен айды ким моюн сундурган?" — деп сурасаң, "Аллах" — дешет. Алар** (ошол Аллахка сыйынбай) **канчалык жүз бурушкан?!"** Анкабут сүрөсү, 61 аят.

Ошондой эле башка аятта Аллах Таала айтат:

— "(Оо, Мухаммад!) **Эгер сен алардан: "Асмандан суу түшүрүп, аны менен, өлүк жерди тирилткен ким?" — деп**

сурасаң, албетте “Аллах” — дешет. Айткын: “Аллахка мактоо болсун!” Жок! Алардын көпчүлүгү акылдарын иштетпей жатышат!” Анкабут сүрөсү, 63 аят.

Жана башка аятта:

— “Эгер сен алардан: “Силерди ким жараткан?” — деп сурасаң, “Аллах”, дешет. (Ошол Аллахка сыйынбай) **Канчалык жүз бурушкан?!”** Зухруф сүрөсү, 87 аят.

Дагы бир аятта мындай дейт:

— “Айткын (оо, Мухаммад:) **“Жер жана андагылар кимдики, айткылачы, эгер билсеңер?” Алар дароо: “Аллахка таандык” дешет. Айткын: “Эстебейсиңерби** (ошол Аллахты?!”) **Айт: “Жети** (кабат) **асмандардын жана (алардын үстүндөгү) Улуу Арштын Раббиси** (Ээси) **ким?” Алар дароо “Аллах” дешет. Айткын: “коркпойсуңарбы (ошол Аллахтан?!”) Айткын: “Бардык нерселердин падышалыгы кимдин колунда? Коргой турган, бирок андан эч ким корголбой турган ким (айткылачы) эгер билсеңер?” Алар дароо “Аллах” дешет. Айткын: “Кантип эми алдануудасыңар?”** Муминун сүрөсү, 84–89 аяттар.

Пайгамбардын учурундагы араб бутпарастардын кудайчалары өз алдынча жаан жаадырып, бул дүйнөнү ырыскыландырып, башкарат деп ишенишкен эмес. Тескерисинче, бул иштерди бир гана Аллах Таала жасай алат деп ишенишкен. Ошондой эле Аллахтан башка алар кайрылып жүргөн кудайчалардын өздөрү макулук экендигин жана алар бирөөгө пайда-зыян бермек турсун, өздөрүнө жардам бере алышпайт экендигин билишкен. Кудайчалары угуу жана көрүүгө ээлик кылбагандай эле, жан берүү же алуу, кайра тирилтүү сыяктуу иштерди аткара албастыгын да моюндашкан. Бул иштерди бир гана Аллах Таала жасай алат жана бул бийликти Аны менен эч ким тең бөлүшө албайт, ал эми жалган кудайларынын өздөрү да, алардын айкелдери да буга кудуреттүү эмес деп ишенишкен. Жаратуучу — Жалгыз Аллах, ал эми башка жандыктардын бардыгы Анын макулуктары, Ал Жалгыз Падыша

жана башкалардын бардыгы Анын пенделеринен, алар Ага толук багыныңкы деп ишенишкен. Бирок ошол эле учурда алар Аллахтын пенделеринин арасынан кээ бирлерин ортомчу кылып, Аллахтын астында шапаатын сурап, ошол аркылуу Аллахка жакындоону көздөп ширк кылышкан. Алар тууралуу Аллах Таала Куранда мындай деген:

— "Көңүл бургула! Калыс Дин Аллах үчүн! Андан башканы кудай кылып алгандар: "Биз аларга, бизди Аллахка жакын кылышы үчүн гана ибадат кылуудабыз (дешет)**". Чынында, алар талашкан нерселерде алардын арасында Аллах** (гана) **өкүм кылат. Аллах жалганчыларды жана каапырларды Туура Жолго баштабайт!"** Зумар сүрөсү, 3 аят.

Башкача айтканда, бутпарас арабдар алардан Аллахтын астында шапаат кылуусун суранышкан жана ошол себептүү жардам күтүп, ырыскыларынын көбөйүшүн жана дүнүйө иштеринин оңолуп кетишин үмүт кылышкан.

Бизге маалым болгондой, мушриктер негизинен Аллах Жаратуучу, Падыша экендигин моюндарына алышкан, бирок ага карабастан Аллах аларды мусулман деп атаган жок. Тескерисинче, Аллах Таала алардын ишенимдери себептүү алар каапыр жана мушрик деп кабарлады, аларды түбөлүк Тозок менен коркутту жана Анын элчиси да алар менен катуу күрөштү. Анткени алар таухиддин зарыл шартын аткарышкан жок, б. а. Аллахтын Өзүнө гана ибадат кылышпады.

Жогоруда айтылгандай, Аллах Тааланы жалгыз Жаратуучу деп ишенүү жалгыз Ага гана сыйынуу менен коштолбосо Аллахтын жазасынан куткарбайт, атүгүл мусулман аталууга да жетишсиз. Ал тургай Аллахка сыйынбастан Жаратуучу экендигин гана тастыктап коюу адамдын өзүнө каршы далил болуп калат, анткени бул ишеними аны Аллахка шерик кошпостон калыс ибадат кылууга милдеттендирет эле.

Таухид келмеси — Лаа илааха илла Аллах күбөлүгү

Мурунку бөлүмдө айтылган таухиддин түрлөрү тууралуу өз алдынча бири-бири менен байланышпаган үч түрү бар экен деп түшүнүүгө болбойт. Ошондой эле бирөөсүнө ишенсең болду, калгандары зарыл эмес деп түшүнүү дагы туура эмес. Адам баласы бардык үч түрүнө тең ыйман келтиргенде гана таухидди толук кармангандардан болуп эсептелинет. Ким-де-ким бир түрүндө Аллахка шерик кошсо бардык түрүндө шерик кошконго барабар, анткени бул маселелер өз ара ажырагыс тыгыз байланышта. Мисалы, бир адам Аллахтын гана кудурети жете турган маселеде Аллахтан башкага кайрылса, ал таухиддин бардык үч түрүндө тең Аллахка шерик кошуп жатат. Биринчиден ал сыйынууга жалгыз Аллах гана татыктуу экендигине каршы чыгып ибадатта шерик кошуп жатат, анткени дуба кылып кайрылуу ибадат болуп саналат. Экинчиден ал Аллахка Раббилигинде дагы шерик кошуп жатат, анткени ал кайрылып жаткан нерсе Аллахтын макулуктарын башкарууга кудуреттүү деп ишенип, ошол себептүү пайдага жетем же зыяндан оолак болом деп үмүт кылып жатат. Ал эми Аллахтын көркөм ысым-сыпаттары тууралуу айтсак, ал адам кайрылган нерсесин угуучу, жакын деп эсептеп, кайрылгандардын бардыгын угат жана суроолорун орундатып берет деп ишенип жатат.

Бирок, Аллах гана чыныгы Кудай экендиги “*Лаа илааха илла Аллах*” — Аллахтан башка сыйынууга татыктуу Зат жок деген сөздөрдүн маанисинде анык баяндалат. Бул улуу күбөлүктүн мааниси — сыйынууга Аллахтан башка эч кимдин акысы жок жана эч ким татыктуу эмес экендигин тастыктоодо. Анткени, Аллахтан башка эч ким андай улук, кемел сыпаттарга ээ эмес, Ал Өзү гана Падыша жана Жаратуучу. Ааламдагы бардык болумушту Өзү гана башкарат жана Өзү

гана кемчиликтен таза, аруу сыпаттарга ээлик кылат. Демек, моюн сунуп, жалбаруу бир гана Аллахтын астында болуу керек. Аллах Таала макулуктарды башында кандай жараткан болсо, кийин да Өзү гана кайра жаратат жана мында эч ким ага шериктеш боло албайт. Демек, Ал Өзү гана сыйынууга татыктуу жана эч ким ага шериктеш болууга акылуу эмес.

Лаа илааха илла Аллах күбөлүгүнүн шарттары

Адам баласын Ислам динине таандык кылган улуу сөздөр чын жүрөктөн, ыклас менен айтылып, айткан адамга пайдасын тийгизиши үчүн жети шарт бар. Буга Куранда жана Сүннөттө көптөгөн далилдер келген. Бирок, максат ал шарттарды эске тутуп калууда эмес, алардын маанисине көңүл бөлүп, карманууда. Анткени бир адам ал шарттардын бардыгын иш жүзүнө ашырып, бирок сөз менен атап бере албай коюшу мүмкүн. Ал эми кээ бирлери бардыгын жаттап алганы менен, амалдары ага каршы келип калышы ыктымал.

Биринчи: илим, буга карама каршы келген нааданды к

Келменин маанисинде камтылган жалган кудайларды четке кагуу жана Аллахтын гана татыктуулугун тастыктоо дегенди бириктирип түшүнүү илими. Башкача айтканда Аллахтан башка эч ким сыйынууга татыктуу эмес жана Андан башка сыйынылып кеткендин бардыгы жалган илахтар (кудайлар) деп саналат экендиги тууралуу илим.

Аллах Таала айтат:

— “Билгиниң, Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок экендигин жана өзүңдүн күнөөлөрүң үчүн кечирим сура”. Мухаммад сүрөсү, 19 аят.

Ошондой эле башка аятта Аллах Таала мындай дейт:

— “...(шапаат насип кылынат) **билген абалда акыйкатка күбөлүк кылгандарга гана”.** Зухруф сүрөсү, 86 аят.

Бул аятта айткан сөздөрүн жүрөктөрү менен тастыктап Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок деп күбөлүк бергендер тууралуу айтылат.

Аллах Таала дагы бир аятта айтат:

— “Аллах, Анын периштелери жана илимдүү адамдар Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок экенине, (жана Аллах өз иштеринде) **адилеттүүлүккө Туруучу экенине күбөлүк беришти. Андан башка сыйынууга татыктуу кудай жок. (Ал) Кудуреттүү, Даанышман”.** Аали Имран сүрөсү, 18 аят.

Экинчи: <u>терең ишеним</u> (йакын). Мунун карама каршысы шек, күмөн

Улуу келмени айткан адам күбөлүк сөздөрүнөн эч күмөн болбостон терең ишенүүсү керек. Аллах Таала айтат:

— “Аллахка жана Анын элчисине ыйман келтирип, андан соң шек санабаган жана Аллахтын жолунда малдары, жандары менен күрөшкөндөр гана момун деп эсептелет. Мына ушулар нак чынчылдар”. Хужрат сүрөсү, 15 аят.

Аллах Таала алардын эч шек санабагандыгын Аллах жана Анын элчисине ыйман келтирүүдө ыкластуу болгондугунун шарты деп атады.

“Сахих” китебинде Абу Хурайрадан келген хадисте пайгамбарыбыз мындай дейт: ***“Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок экенине жана мен Аллахтын элчиси эке-***

ниме күбөлүк беремин. Кандай гана пенде болбосун ушул эки келме менен эч күмөн санабастан Аллахты жолуктурса — Бейишке кирет!” (Бухари же Муслим)

Үчүнчү: кабыл алуу. Мунун карама каршысы четке кагуу

Күбөлүк талап кылган нерсени адам жүрөгүндө кабыл алуусу. Кабыл алганы сөздөрү жана амалдары менен тастыкталат. Ошондой эле күбөлүктүн маанисине каршы келген бардык нерседен баш тартуу. Пайгамбарлардын дааватын кабыл албаган адамдар тескери иш кылышкан.

Ал тууралуу Аллах Таала мындай дейт:

— “Дал ушундай эле, сенден мурун кайсы бир аймакка эскертүүчү жөнөтсөк, байлары: “Биз ата-бабаларыбызды баланча диндин үстүндө тапкан элек жана акыйкатта биз алардын артынан ээрчигендерденбиз” — дешкен”. Зухруф сүрөсү, 23 аят.

Ал эми каапырлар тууралуу Аллах Таала мындай деген:

— “Качан аларга “Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок” деп айтылганда алар текеберленишет эле жана: “Биз сыйынган кудайларыбызды ушул жинди акын үчүн таштайт белек?!” дешет эле”. Саффат сүрөсү, 35–36 аяттар.

Имам Бухарийдин “Ас-Сахих” китебинде Абу Муса аль-Ашарий ﷺ риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ мындай дейт: ***“Акыйкатта, Аллах мени менен жиберген хидаят жана илимдин мисалы — жерген түшкөн жаан сымал. Ал жердин бир бөлүгү жакшы чыгып, сууну өзүнө сиңирди да көптөгөн чөптөрдү чыгарды. Башка бир бөлүгү такыр жер болгону менен сууну өзүнө кармап калат. Аллах ал аркылуу адамдарга пайда берет: андан өздөрү ичишет, малдарын жана эгиндерин сугарышат. Ошондой эле жаан***

жердин башка түздүк бир бөлүгүнө да жаады. Ал же сууну кармап калбады, же чөп чыгарып бербеди. Жердин бул түрлөрү адамдар сымал: Аллахтын динин билип, Аллах мен аркылуу жиберген нерседен пайда алгандары бар. Өзү үйрөнүп, башкаларды үйрөткөнү да бар жана өзү умтулбастан, мен аркылуу келген хидаятты кабыл кылбагандары дагы бар”.

Төртүнчү: баш ийүү. Мунун карама каршысы баш тартуу

Жалгыз Аллахка ибадат кылууну таза ыклас коштоосу үчүн келме сөзү талап кылган нерселерине баш ийүү жана башка нерсеге сыйынуудан баш тартуу.

Аллах Таала айтат:

— “Раббиңерге кайткыла жана Ага моюн сунгула”. Зумар сүрөсү, 54 аят.

Ошондой эле Аллах Таала айтат:

“Ким жүзүн Аллахка багындырып, жакшы иштерди жасаган болсо, анда ал бекем тутканы карманыптыр”. Лукман сүрөсү, 22 аят.

Бул жерде “Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок” сөздөрү тууралуу айтылып жатат. Ал эми “жүзүн багындырып” дегени — моюн сунуп, жакшы амалдарды аткаруу деген маани.

Бешинчи: чынчылдык. Мунун карама каршысы жалган

Бул жерде адам келмени тили менен айтканда, жүрөгү шайкеш келүүсү тууралуу айтылып жатат.

Аллах Таала айтат:

— “Алиф, лям, мим. Адамдар “ыйман келтирдик” деп айтышса эле сыналбай калабыз деп ойлошобу? Албетте, Биз алардан мурункуларды да сынаганбыз. Аллах алардын чынчылдарын билет жана жанганчыларынан да маалым”. Анкабут сүрөсү, 1–3 аяттар.

Ал эми эки жүздүүлөр тууралуу Аллах Таала мындай деген:

— “Адамдардын кээ бири “Аллахка жана Акырет күнүнө ыйман келтирдик” дешет. Бирок алар момундардан эмес. Аллахты жана момундарды алдамакчы болушат, бирок өздөрүн гана алдап жаткандарын сезишпейт. Алардын жүрөктөрүндө оору бар. Аллах ооруларын дагы да күчөттү жана жалган сүйлөгөндөрү үчүн аларга катуу азап бар”. Бакара сүрөсү, 8–10 аяттар.

Сахих Муслим жана Бухари китептеринде Муаз ибну Жабал ﷺ пайгамбарыбыздан ﷺ ривает кылат: ***“Ким гана болбосун чын жүрөктөн “Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок, Мухаммад Анын кулу жана элчиси” деп күбөлүк берсе — Аллах аны Тозокко арам кылат”.***

Алтынчы: ыкластуулук. Мунун карама каршысы ширк

Бул жерде амалдарды бир гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн аткаруу деген ниет менен ширктин бардык түрүнөн тазалоо тууралуу айтылып жатат.

Аллах Таала айтат:

— “Алар бардык ибадаттарды калыс Аллах үчүн гана аткарууга (ширктен алыс болууга), **намаздарды тургузууга, зекет берүүгө гана буюрулган эле...”** Баййина сүрөсү, 5 аят.

Ошондой эле Аллах Таала башка аятта мындай дейт:

— “...эми дин тутуунда Аллахтын Өзүнө гана калыс ибадат кыл. Ооба, калыс дин бир гана Аллах үчүн”. Зумар сүрөсү, 2–3 аяттар.

Имам Бухарийдин “Ас-Сахих” китебинде Абу Хурайранын ﷺ сөзүнөн пайгамбарыбыз ﷺ мындай дегени келет: ***“Кыямат күнү менин шапаатыма жетип, эң бактылуу болгон адам — “Лаа илааха илла Аллаху” келмесин жүрөгүндө ыклас менен айтса”.***

Жетинчи: сүйүү. Мунун карама каршысы жек көрүү

Бул жерде келме сөздөрүн жана ал күбөлүктүн талаптарын сүйүү тууралуу айтылууда. Ошондой эле анын шарттарын эске алып, маанисине жараша амал кылгандарды дагы сүйүү тууралуу айтылат. Келменин маанисине каршы келген ширкти жектөө жана ширк кылгандарга сүйүү артпоо дагы буга камтылган.

Аллах Таала айтат:

— “Адамдар арасында кээ бирөөлөр, Аллахтан башка нерселерди Ага тең кылып алышат жана аларды Аллахты сүйгөндөй сүйүшөт”. Бакара сүрөсү, 165 аят.

Абу Хурайра ﷺ риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ мындай дейт: ***“Мени өз балдарынан, атасынан жана башка адамдардын бардыгынан артык көрүп сүймөйүн аранардан эч бириңер чыныгы ыйман даамын татпайсынар”.*** Бухари, Муслим.

Ошондой эле Анас ﷺ пайгамбарыбыздын ﷺ мындай сөздөрүн кабарлайт: ***“Ыйман даамын үч сыпат менен айырмаланган киши гана татат:***

— Аллахты жана Анын элчисин баарынан артык сүйсө,

— кимдир бирөөнү сүйө турган болсо бир гана Аллах үчүн сүйсө,

— отко салынгысы келбегендей эле Аллах аны каапырлыктан куткарган соң, кайра кайткысы келбесе” Бухари, Муслим.

Ибадаттын түркүктөрү

Жогоруда айтылгандай “*илах*” (кудай) — бул сүйүүнүн жана улуктоонун негизинде моюн сунулчу зат. Ошол сүйүү жана улуктоого негизделген баш ийүү ибадат болуп саналат. Ибадат сөзү кыргыз тилине “*ибада*” деген араб сөзүнөн алынган жана маанисинде Аллахтын астында моюн сунуп, багынуу дегенди билдирет. Мисалы араб тилинде жол көп тепселгендиктен “*муаббад*” деп коюшат, б. а. жол баскылыкка алынып, ал жер багынды деген мааниде колдонушат.

Аллахка багынуу деген бул — Аллах өкүм кылган нерселерге моюн сунуу жана Ал тыйган нерселерден тыйылып, аткаруудан баш тартуу. Бул нерселер сүйүүгө жана улуктоого негизделет жана пенде качан Аллахты таанып-билип, Анын шериксиз Раббилигин жана жалгыз Өзү гана кемчиликсиз ысым-сыпаттарга ээлик кылат экендигин билгенде пайда болот.

•

Аллахты сүйүү ибадаттын зарыл шарттарынан. Эгер адам баласы сыртынан кулчулугун көрсөтүп, баш ийип турса, бирок ичинде жек көрүп турса, ал ибадат кылып жатат деп айтууга болобу? Жок!

Аллах Таала момундардын Ага болгон сүйүүсү тууралуу мындай деген:

— “Адамдар арасында кээ бирөөлөр, Аллахтан башка нерселерди Ага тең кылып алышат жана аларды Аллахты сүйгөндөй сүйүшөт. Ал эми ыйман келтиргендердин Аллахка болгон сүйүүсү (мушриктердикинен) күчтүүрөөк”. Бакара сүрөсү, 165 аят.

Жана эки “Сахих” жыйнагында келген хадисте пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: ***“Ыйман даамын үч сыпат менен айырмаланган киши гана татат:***

— Аллахты жана Анын элчисин баарынан артык сүйсө,

— кимдир бирөөнү сүйө турган болсо бир гана Аллах үчүн сүйсө,

— отко салынгысы келбегендей эле Аллах аны каапырлыктан куткарган соң, кайра кайткысы келбесе” Бухари, Муслим.

Ошондой эле Аллахка болгон ибадат сүйүүдөн тышкары коркуу жана үмүт менен коштолуусу керек.

Аллахтан коркуу. Адам баласы коркуу себептүү дагы Аллахтын буйруктарын аткарат. Анткени Аллах Таала бизге моюн сунбаганыбыз үчүн азаптоосун эскертет. Инсан Аллахтын буйруктарын улуктап, тыюуларынан сактангандыгы ушул коркуу сезими аркылуу ишке ашат. Жараткандын астында коркуу сезими болушу шарт. Аллах Таала адамдарга Өзүнөн коркуусун буйруду:

— “Алардан коркпогула, Менден корккула, эгер момун болсоңор!” Аали Имран сүрөсү, 175 аят.

Ошондой эле Аллах Таала айтат:

— “Менден гана корккула!” Бакара сүрөсү, 40 аят.

Ошондой эле Аллахтан коркуу сезими адам баласынын ибадаттарынын кабыл болбой калышынан кооптонуп, амалдарына кам көрүүсүнө себеп болот. Мисалы Аллах Таала айтат:

— “Чынында, Раббисинен корккондуктан (жүрөктөрү) **титирегендер жана Раббисинин аяттарына ыйман**

келтиргендер жана Раббисине шерик кошпогондор жана берилчү нерсени (садака, зекет) **берип, Раббисине кайтарынан жүрөктөрү кооптонгондор, дал ушулар жакшылык иштерде бири-бири менен жарышып, башкалардан алдыга кеткендер”** Муминун сүрөсү, 57–61 аяттар.

Тирмизий жана имам Ахмад келтирген хадисте, Аиша ﵂ мындай дегени кабарланат: ***“Бир жолу мен: “Оо, Аллахтын элчиси ﷺ, Аллахтын: “...берилчү нерселерин берип, Раббисине кайтарынан жүрөктөрү кооптонгондор” — деген сөздөрү зынаа кылып, арак ичип, ууру кылгандар тууралуу айтылганбы?” — деп сурасам ал ﷺ: “Жок, ас-Сыддыктын кызы, бул жерде орозо кармап, намаз окуп, колунда жокторго садака берип, бирок кабыл болбой калабы деп корккондор тууралуу айтылган” — деп жооп берди”.***

•

Аллахка үмүт кылуу. Аллах Таала бизге үмүт кылып жүрүүнү буйруган. Ибадат кылууда дагы пенденин жүрөгүндө үмүт болуусу зарыл шарттардан. Аллах Таала айтат:

— “Аллахтын ырайымынан үмүт үзбөгүлө! Чынында, Аллахтын ырайымынан каапыр адамдардан башкасы үмүт үзбөйт”. Юсуф сүрөсү, 87 аят.

Пенденин үмүтү көбүнчө кетирген күнөөлөрү үчүн Аллахтын кечиримин күтүүгө байланыштуу. Кылган күнөөлөрүнө өкүнүп, тобо кылып, Аллахтын кечиримине үмүттөнгөн абалы ушул.

— “Өздөрүнө ысырап (көп күнөө) **кылган пенделериме айт: “Аллахтын ырайымынан үмүтсүз болбогула! Аллах бардык күнөөлөрдү кечирет. Чынында, Ал — Кечиримдүү, Ырайымдуу!”** Зумар сүрөсү, 53 аят.

— “Кээ бир бузукулук жасап же өздөрүнө зулум кылгандар, дароо Аллахты эстешип, күнөөлөрүнө кечирим сурашат. Күнөөлөрдү Аллахтан башка ким кечирмек эле?” Аали Имран сүрөсү, 135 аят.

— **“Аллахтан кечирим сурасаңар болбойбу?! Балким ырайымына арзып каларсыңар!”** Намл сүрөсү, 46 аят.

— **“...Рабиисинин ырайымынан үмүткер болуп, Акыреттен коркуп, түн ичинде намазда турган, сажда кылган абалдагы моюн сунуучу киши менен тең боло алабы?”** Зумар сүрөсү, 9 аят..

— **“Чынында ыйман келтиргендер,** (динин сакташ үчүн) **көчкөндөр, Аллах жолунда күрөшкөндөр, ушулар Аллахтын ырайымын үмүт кылышат. Аллах — Кечиримдүү, Мээримдүү”.** Бакара сүрөсү, 218 аят.

Аалымдар жүрөктөгү бул үч амалды ибадаттын түркүктөрү деп аташат. Анткени ибадат кылган адамдын жүрөгүндө сөзсүз булардын болуусу зарыл.

Ширк, каапырчылык, эки жүздүүлүк

Аллах Таала бизге Өзүнө ыйман келтирип, жалгыз Өзүнө гана ибадат кылууну буюрду. Бул буйрукту аткаруудан баш тартуу үч түрдүү болот: шерик кошуу менен (*ширк*), каапыр болуу (*куфр*) жана эки жүздүүлүк менен (*нифак*).

Шерик кошуу (Ширк)

Шерик кошуу араб тилинде “*ширк*” деп айтылат, “*шарика*” деген этиш сөзүнөн келип чыгат жана “шерик болуу, (бир иште) өнөктөштүк кылуу” дегенди билдирет. Ал эми “*ширк*” деген сөз албетте “өнөктөш, шериктеш” деген маанини туюндурат.

Жалпы айтканда ширк бул Аллахка гана таандык нерселерде ага бир нерсени шерик кылуу, теңөө деген маанини камтыйт. Мындай шерик кошуунун үч түрү болот:

Биринчи түрү — бул Аллахтын бүтүндөй өкүмдарлыгында ага бир нерсени шерик кылуу, башкача айтканда жаратылган макулуктарга Анын Эгелик сыпатын ыйгарып, теңдеш кылуу. Мисалы: жаратуу, ырыскы берүү, өлүм берүү, ааламды башкаруу ж. б. у.с. сыпаттарды Жалгыз Өзүнө гана тиешелүү кылбастан башка бирөөгө ыйгаруу.

Аллах Таала мындай дейт:

— "...силерге асман-жерден ырыскы бере турган Аллахтан башка жаратуучу барбы? Андан башка сыйынууга татыктуу кудай жок! Силер канчалык адашкансыңар!" Фатыр сүрөсү, 35 аят.

Экинчи түрү — бул Кудай Таалага гана тиешелүү көркөм ысымдар жана сыпаттарда Аллахка шерик кошуу. Башкача айтканда кайсы бир макулукту Аллахка гана таандык ысым менен атоо же сыпат менен сыпаттоо.

Аллах Таала айтат:

— "Ага окшош эч нерсе жок жана Ал — Угуучу, Көрүүчү". Шура сүрөсү, 11 аят.

Үчүнчү түрү — бул Аллахка сыйынууда шерик кошуу. Башкача айтканда сыйынууга татыктуу чыныгы Кудай катары Анын гана акысына башка макулуктарды теңдеш кылуу. Мисалы: орозо, намаз, коргоо тилөө, курмандык чалуу, касам ичүү, парз же сүннөт болбосун көмүскө же ачык аткарылса да жалпы бардык чоң-кичине ибадаттардын бирин Аллахтан башкага арнап коюу.

Аллах Таала айтат:

— "Адамдар арасында кээ бирөөлөр, Аллахтан башка нерселерди Ага тең кылып алышат жана аларды Аллахты сүйгөндөй сүйүшөт". Бакара сүрөсү, 165 аят.

Чоң ширк — бул Аллахка бир нерсени теңеп, ага Аллахка сыйынгандай сыйынуу. Дал ушундай ширктин түрү, аны жасаган адамды Исламдан чыгарат жана анын буга чейин кылган бардык жакшы сооп иш, амалдарын жокко чыгарат. Ал эми адам ушул нерседен кайтпастан, ширктен тобо кылбастан, кечирим сурабай көз жумган болсо, анда ал Тозокто түбөлүк азапка дуушар болот. Ал жактан ал өлүп да калбайт жана анын азабы кымындай да жеңилдетилбейт.

Кичи ширк болсо — бардык чоң ширкке алып келе турчу амалдар. Ошондой эле "чоң ширк" деп эсептелбесе дагы Куран жана Сүннөттө "ширк" деп эскерилген амалдар жана сөздөр. Мындай күнөө кылган адамды Аллах кааласа Сурак күнү кечирип коёт же болбосо кылган күнөөсүнө жараша жазалайт.

Чоң жана кичине ширктин бир нече айырмасы бар, бирок алардын арасынан эң маанилүүлөрү төмөндөгүлөр:

Чоң ширктин кечирилиши бир гана шартка байланат, башкача айтканда аны жасаган адам тобо кылып, кайтышы керек. Ал эми кичине ширк Аллахтын каалоосу менен тобо кылбаган учурда дагы кечирилип калышы толук ыктымал.

Чоң ширк аны жасаган адамдын бардык амалдардын жокко чыгарат, ал эми кичине ширк болсо кайсы амалга аралашса ошону гана бузат.

Чоң ширктин дагы бир айырмасы, кимде ким аны кылган болсо, ал дароо динден чыгат жана ал каапыр болот, ал эми кичине ширк Исламдан чыгарбайт.

Эгер адам чоң ширкте жүрүп өлсө, демек ал түбөлүк азапка учурайт жана бейишке кирүү мүмкүнчүлүгүнөн толук ажырайт. Ал эми кичинекей ширк болсо бул маселеде башка күнөөлөр сымал эле болот.

Ширк кантип пайда болгон?

Көп кудайчылыктын өзөгү жана бул ыпыластыктын эл арасында пайда болуп, жайылышынын эң негизги себеби кийинкиде: такыбачылыкта урмат-сыйга ээ болуп өмүр сүрүп бул дүйнөдөн өтүп кеткен ата-бабаларды ашыкча мактоо, чектен чыгып улуктоо жана да аша чабуу менен сый-урмат көрсөтүүнүн кесепети.

Аллах Таала айтат:

— “Алар: “Өзүңөрдүн (жалган) кудайыңар: Вадты, Суваны да, Йагусту да, Йаукту жана Насрды таштабагыла” — дешти. Алар көбүн адаштырышкан. Заалымдарга адашуудан башканы көбөйтпө!” Нух сүрөсү: 23–24 аяттар.

Вадд, Сува, Йагус, Йаук, жана Наср — бул Нух пайгамбардын доорунда жашап өткөн такыба адамдардын ысымдары. Алардын көзү өткөн соң, элдер алардын айкелиндерин тургузуп ушул ысымдар менен атап коюшкан. Мындай кылгандарынын себеби алар бул такыба кишилердин ысымдары кылымдар бою элдердин эсинде калып, алардын кадыр-баркын жана өзгөчөлүктөрүн эскерип, ибадаттарынан үлгү алып туруу максатын көздөшкөн. Бирок, акыр аягы дал ушул нерсе аларга сыйынууга, аларды Аллахка теңдеп, шерик кылууга түрткү болду.

Акырындап ошол Нух алейхи саламдын эли сыйынган айкелдер (эстеликтер) кийинчерээк араб элинин арасында да пайда болгону айтылат. Вадд айкелине Даумат аль-Жандалдагы киляб уруусу сыйынган. Сувага хузейль уруусу, ал эми Йагуска башында мурад уруусу сыйынса, кийинчерээк Саба тушундагы Жауф өрөөнүндө жашаган бану гутайф уруусу сыйынган. Йаукка хамдан уруусу сыйынса, Наср эстелиги химярийлердин Зуль-Киля тукумунда болгон.

Бул айкелдердин ысымдары Нух алейхи саламдын доорунда жашап өткөн такыба адамдарга таандык болгон. Кийин алар көз жумганда, шайтан алардын тукумдарына азгырык таштап, ошол кезде алар көп чогулган жайларга эстеликте-

рин тургузууга багыттай баштайт. Аларды жандап жүргөндөр: “Эгерде биз алардын сүрөттөрүн чагылдырсак, аларды эскерүүбүз бизге мурдагыдан дагы көбүрөөк Аллахка ибадат кылууга түрткү берет” — деген ой менен айкелдерин тургузушат. Бирок ал мезгилде ал айкелдерге эч ким сыйынган эмес. Кийин алар да бул дүйнө менен кош айтышып, муун алмашып, алардын ордун баскан урпактарына шайтан азгырыгын улантып: “Алар, (силердин ата бабаңар) ушуларга сыйынышчу эле жана ошолордун кудурети менен жамгыр да жаайт эле” — дейт. Ошентип мурункулар көз жумуп, алар менен кошо илим жоголуп, муун алмашкан соң кийинкилер айкелдерге сыйына баштаган.

Бул жерде көңүл бура турчу нерсе, алардын кылган амалдарында дароо эки азгырык ишке ашып кеткендигинде.

Биринчиси — алардын көзү өткөн ата-бабаларынын мүрзөлөрүнө чогула баштагандыгы.

Экинчиси — алардын айкелдерин жасап, өздөрү жыйын өткөрүп туруучу жерлерге орнотуп алышты жана ошолордун тушуна чогула башташты. Бул жоруктарынын кесепетинен адам баласынын тарыхында эң биринчи ирет Аллахка шерик кошуу деген нерсе пайда болду. Ошондуктан бул эки амал мезгилге же аймакка карабастан ширктин пайда болушуна эшик ача турган эң коркунучтуу жолдордон деп эсептелинет.

Ширктин кээ бир түрлөрү

Дуба кылууда Аллахка шерик кошуу. Дуба кылуу сыйынуунун бир түрү болгондуктан, Аллахтан башка бирөөдөн жалбарып сурануу ширк болуп эсептелет. Демек, кимде ким пайгамбарларга, периштелерге, олуяларга, мазарларга, мүрзөлөргө, таштарга ж. б. макулуктардын кайсы түрү болбосун дуба кылып кайрылса, ал Аллахка шерик кошуп, динден чыгара турган амалды жасаган болот.

Аллах Таала мындай деген:

— “Кимде-ким далилсиз Аллах менен бирге башка “кудайга” дуба кылса, анын эсеби (жазасы) Раббисинин алдында! Чындыгында, каапырлар ийгиликке жетишпейт!” Муминун сүрөсү, 117 аят.

Ошондой эле Аллах Таала айтат:

— “Качан алар кемеге түшкөндө ыймандарын тазалашып жалгыз Аллахка кайрылышат. Анан Ал аларды куткарып кургактыкка чыгарган соң, ошол замат Ага шерик кошуп башташат”. Анкабут сүрөсү, 65 аят.

Ниет кылууда Аллахка шерик кошуу. Аллахтын ыраазычылыгына жетип Анын бейишине кирүүгө умтулбастан, бир гана дүнүйөлүк максатта көргөзмө амал кылган, эл көрсүн, эл уксун деп же болбосо кандайдыр бир атактуулукка жетүүнү эңсеген адамдардын кылган иштери ушундай. Мындай адамдар өтө кооптуу ширкке малынып жаткандыгы өкүндүрөт.

Булар жөнүндө Аллах Таала мындай дейт:

— “Кимде-ким бул дүйнө жашоосун жана анын зыйнаттарын гана кааласа, аларга амалдарына жараша бул дүйнөдө толук кайтарабыз жана алар кем болушпайт. Бирок, аларга акыретте Тозок отунан башка эч нерсе жок! Жашоосунда кылгандары күйүп кетет жана амалдары жараксыз”. Худ сүрөсү: 15–16 аяттар.

Ширктин бул түрү жашыруун бирок өтө коркунучтуу.

Аллахка моюн сунууда шерик кошуу. Бул эгер кимдир бирөө Аллах арам кылган нерсени адал деп жатса же тескерисинен Аллах адал кылган нерсени арам деп жатса. Жаратуучунун өкүмдөрүнө каршы болсо дагы макулуктун айткандарын ыраа көрүп, ал макулук адал-арамды өзү каалагандай орнотууга акысы бар деп эсептесе. Жана бул Аллахтын шариятына каршы келерин билип туруп элдердин ага моюн сунуусуна

ыраазы болсо ал Аллахтан сырткары кудай тапкан болот жана да өтө чоң ширкке түшөт.

Аллах Таала бул тууралуу мындай дейт:

— “Алар (яхудийлер менен христиандар) Аллахты коюп, өздөрүнүн диний аалымдары менен кечилдерин жана Марямдын уулу Ыйсаны кудай кылып алышты. Алар жалгыз Кудайга (Аллахка) гана ибадат кылууга буюрулган эле! Эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок, жалгыз Өзү (гана) бар! Ал каапырлар кошкон шериктерден Таза!” Тауба сүрөсү, 31 аят.

Сырткы маанисинде ача пикир байкалбаган бул аяттын түпкү маңызы кечилдерге жана думаналарга дуба кылып кайрылуу тууралуу эмес, бул жерде алардын Аллахка моюн сунбоого чакырыгына жооп берүү тууралуу, б. а. Аллахтын өкүмүн өзгөртүү тууралуу айтылат. Бул аятты Аллахтын элчиси ﷺ сахаба Ади ибну Хатимге ﷺ дал ушундай түшүндүргөн. Ади ибну Хатим ﷺ: “Биз аларга сыйынбай элебиз го?” — дегенде, Аллахтын элчиси ﷺ алар Аллахтын өкүмүн бурмалап, күнөө кылууга түрткөн кезде аларга моюн сунуу — сыйынуу болуп эсептелет экендигин түшүндүрүп берди. Пайгамбарыбыз ﷺ Адиге ﷺ мындай деди: ***“Алар Аллах адал кылган нерсени арам деп айтышса силер да арам деп каласыңар го, ал эми Аллах арам кылган нерсени адал деп коюшса силер адал деп каласыңар го?”*** Ади ﷺ: “Ооба, ошондой” — деди. Ошондо пайгамбар ﷺ: ***“Аларга сыйынганыңар ушул”*** — деди. Ат-Тирмизи “Сунан” (3095), ат-Табарани “аль-Мужжам аль-Кабир” (17, 92).

Сүйүүдө Аллахка шерик кошуу. Бул жерде ибадат-сүйүү тууралуу айтылат. Башкача айтканда улуктоо, ардактоо менен сүйүктүүнүн алдында өзүн төмөн сезип, баш ийүүгө алып барган сүйүү. Мындай сүйүү менен бир гана шериги жок Аллах Тааланы сүйүүгө болот. Эгер адам мындай сүйүүнү Аллах менен бирге дагы башка бирөөгө арнай турган болсо, ал демек өтө чоң ширк кылган болот.

Буга далил катары Аллах Тааланын айткан сөзү:

— **“Адамдардын арасынан кээ бирлери Аллахтан башкаларды (Аллахка) тең кылып алышат жана аларды Аллахты сүйгөндөй сүйүшөт. Бирок ыйман келтиргендер Аллахты көбүрөөк сүйүшөт”.** Бакара сүрөсү, 165 аят.

Каапырчылык (куфр) деген эмне?

Тилдик маанисинде “*куфр*” сөзү, араб тилинен “жаап калуу”, “ороп калуу” дегенди билдирет. Ал эми бул сөздүн шарияттагы мааниси болсо ыйман деген сөзгө карама-каршы келип, Аллахка жана Анын элчисине ﷺ каапыр болуу дегенди билдирет.

Каапырчылыктын (куфр) кандай түрлөрү бар?

Каапырчылык дагы ширк сыяктуу чоң жана кичи болуп бөлүнөт. Чоң каапырчылык адам түбөлүк Тозокко түшүүсүнө себеп болот, ал эми кичи каапырчылык үчүн адам жазасын алат, бирок түбөлүк азапталууга дуушар болбойт.

Чоң каапырчылыктын беш түрү бар:

Биринчи түрү — акыйкатты жалган деп эсептөөнүн негизинде келип чыккан каапырчылык (*куфр ат-такзиб*). Чын дилинен Аллахтын пайгамбарлары жана элчилери жалганчы болушкан деп эсептеген адамдын каапырчылыгы ушул. Аларды дилинде же тилинде жалганчы деп жүргөн адам ыймандан чыгат жана каапыр болуп эсептелет. Аллах Тааланын төмөндөгү сөздөрү буга далил:

— “Акыйкатты (Куранды) жалганга чыгарган кишиден да көбүрөөк заалым (каапыр) адам барбы?! Тозокто каапырларга орун жок бекен?!” Анкабут сүрөсү, 68 аят.

Экинчи түрү — бул акыйкатты четке кагуу жана текеберлик кылуу себебинен ыймандан чыгуу (*куфр аль-иба ва аль-*

истикбар). Мындай адам пайгамбар ﷺ чындыкты айтканын жана Аллахтан акыйкатты алып келгендигин билет, бирок ал текеберлиги жана кээжирлиги себептүү диндеги буйруктарга баш ийбейт жана өкүмдөрдү аткарбайт. Аллах Таала мындай дейт:

— "Мына биз периштелерге "Адамга сажда кылгыла" дегенде, дароо сажда кылышты. Бир гана Иблис баш тартып, текеберлик кылды жана каапырлардан болду". Бакара сүрөсү: 34 аят.

Үчүнчү түрү — бул күмөн санап, шектенүүдөн улам ыймандан чыгуу (*куфр аш-шакк*). Бул качан адам пайгамбарлардын чындык менен келгенине толук ишенбей шектенип турганы. Жогорудагы айтылган сөздөргө Аллахтын мындай дегени далил:

— **"...жана өзүнө заалым** (каапыр) **болгон абалда** (коз-көркөм) **багына кирип: "Бул** (байлыгым) **менден эч качан жоголбойт го... Кыямат деле болбосо керек. Эгер** (болуп калып) **мен Раббиме кайтарылган күндө да, азыркыдан жакшыраак келечек тапсам керек деп ойлоймун" — дечү. Берки шериги сүйлөшүп олтуруп ага мындай деди: "Сени** (оболу) **топурактан, андан кийин ата-энеңдин бел суусунан жаратып, кийин** (ушундай көркөм) **адам келбетине киргизген Раббиңе каапыр болдуңбу? Бирок, мен "Раббим — Аллах"** (деймин) **жана Раббиме эч нерсени шерик кылбаймын".** Кахф сүрөсү: 35–38 аяттар.

Төртүнчү түрү — бул акыйкаттан жүз буруунун себебинен ыймандан чыгуу (*куфр аль-и`рад*). Бул качан адам ислам дини тууралуу уккусу келбей, жүрөгүн катып, билгиси да келбей, пайгамбар ﷺ алып келген нерседен жүз бургандыгы. Буга далил катары Аллах Таала мындай дейт:

— "Каапыр болгондор эскертилген нерседен жүз буруп кетишти". Ахкаф сүрөсү, 3 аят.

Бешинчи түрү — бул эки жүздүүлүккө оролгон каапырчылык (*куфр ан-нифак*). Бул качан адам ишениминде эки

жүздүү болуп, каапырлыгын жашырып, башкаларга өзүн ыймандуу кылып көрсөткөндүгү. Бул тууралуу Аллах Таала мындай дейт:

— "Бул алар (тил учунда) ыймандуу болуп, кийин (жүрөктөрүндө) каапыр болгондору себептүү. Алардын жүрөктөрүнө мөөр басылып, алар (жакшы-жаманды ажыратып) түшүнүшпөйт". Мунафикун сүрөсү, 3 аят.

•

Ал эми кичи каапырчылык бул — Куран менен Сүннөттө каапырчылык аталганы менен өкүмүндө ыймандан чыгарбай турган амалдардын бардыгын камтыйт. Башкача айтканда адам динден чыкпаганы менен, ыйманын алсыратып, катаал жана оор жазага дуушар кылат, бирок түбөлүк Тозокто калуусуна себеп болбойт. Төмөндө биз кичине каапырчылыктын кээ бир түрлөрүн мисал кылабыз.

Аллахтын Элчиси ﷺ мындай деген: ***"Адамдарда эки сыпат ыйман келтирбегендиктин белгиси: ата-тегин жамандоо жана маркумдарга кошок кошуу".*** Муслим "Сахих", 67.

Пайгамбарыбыз ﷺ дагы мындай деген: ***"Мен өткөн соң, бири-бириңердин баштарыңарды кыйып, каапырчылыкка кайтып кетпегиле".*** Аль-Бухари "Сахих" 121. Муслим "Сахих" 65.

Эки жүздүүлүктүн эки түрү

Чоң эки жүздүүлүк:

Бул ишенимге байланыштуу эки жүздүүлүк. Башкача айтканда өзүн Исламга таандык кылганы менен жүрөгүндө каапырлыгын жашыруу. Мындай күнөөкөрлөр башка каапырлардан да төмөн туруп, Тозоктун эң түбүндө болушат. Бул тууралуу Аллах Таала мындай деген:

— “Чындыгында, эки жүздүүлөр тозоктун эң түбүндө болушат жана аларга эч бир жардамчы таба албайсың”. Ниса сүрөсү: 145 аят.

Кичи эки жүздүүлүк:

Муну “амалга байланыштуу эки жүздүүлүк” деп да коюшат жана ал ар түрдүү болот. Маселен, пайгамбарыбыз ﷺ хадисте айтат: ***“Эки жүздүүлүктүн үч белгиси бар: сүйлөсө жалган айткан, убада кылса сөзүнө турбаган жана аманатка кыянат кылган адам”.*** Бул хадис Бухари жана Муслимде Абу Хурайрадан ﷺ келет.

Ошондой эле пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: ***“Кимде-ким өзүнө төрт сыпатты камтыган болсо толук эки жүздүү болуп саналат. Ал эми ушулардын бирөө гана болгон учурда дагы, андан арылмайын эки жүздүүлүктөн арылбайт. Ал айтылган төрт сыпат мына булар: аманатка кыянат кылат, сүйлөсө жалган сүйлөйт, келишимди аткарбайт жана бирөө менен касташса аша чабат”.*** Бул хадисти аль-Бухари жана Муслим Абдуллах ибну Амрдын ﷺ сөзүнөн риваят кылышкан.

Периштелерге ыйман келтирүү

Ыймандын бул түрү Аллахтын периштелери бар экенине, алардын нурдан жаратылгандыгына жана алар ар-дайым милдеттендирилген кызматтарды кынтыксыз аткаруу үстүндө гана болушаарына, Аллах аларды буйруктарына толук баш ийгенге жөндөмдүү жана күч кубаттуу кылып жаратып койгондугуна бекем ишенүүнү билдирет.

Периштерлерге ыйман келтирүү жалпы жана жеке ишеним деп экиге бөлүнөт.

Жеке ишеним дегени, бул Куранда жана Сүннөттө жеке ысымдары эскерилип, сыпаттары жана аткарган иштери баяндалган кабарларга ишенүү.

Ал эми жалпы ишеним деп периштелер тууралуу келген жалпы кабарларды айтабыз.

Имам Муслим өзүнүн "Сахих" китебинде, жана имам Ахмад өзүнүн "Муснад" жыйнагында келтирген хадисте, Аиша ﵂ Аллахтын элчисинен ﷺ мындай кабар жеткизет: ***"Периштелер нурдан жаратылган, жиндер — жалын оттон, Адам баласы болсо — силерге маалым болгон нерседен".***

Периштелерге берилген өзгөчөлүктөрдүн бири бул алардын канаттары. Аллах Таала айтат:

— "Бардык мактоо-даңазалар асмандар жана жердин жаратуучусу Аллахка таандык (Ал) **периштелерди эки, үч, төрт канаттуу элчилер кылып жаратты. Аллах** (Өзү жараткан) **макулуктарда Өзү каалаган нерсени көбөйтөт. Чынында, Аллах ар нерсеге Кудуреттүү!"** Фатыр сүрөсү, 1 аят.

Ал эми Аллахтын элчиси ﷺ Жабреил периштени Аллах жараткан келбетинде көргөнүн кабарлаган жана анын алты жүз канаты болгон.

Улуу Аллахтын каалоосу менен периште адам келбетин кийе алат жана Жабрейил Мариям энебизге сүйкүмдүү келбеттеги адам болуп келген. Ал эми Аллахтын элчисине ﷺ ал көз уялткан аппак кийими, коңур кара чачтары бар адам келбетинде келген. Ошондой эле Аллах Таала Ибрахим менен Лут

пайгамбарга жөнөткөн периштелер адам келбетинде келишкен.

Улуу Аллах алардын ибадаты, толук моюн сунуусу жана кулчулугу тууралуу мындай деди:

— “Чынында, Раббиңдин алдындагылар (периштелер) **деле Ага ибадат кылуудан текеберленишпейт, Аны даңазалашат жана Ага сажда кылышат”.** Ааараф сүрөсү, 206 аят.

Ошондой эле Аллах айтат:

— “Анын алдындагынлар (периштелер) **Ага моюн сунуп, ибадат кылуудан текеберленишпейт жана оор көрүшпөйт. Түнү-күнү чарчабастан тасбих айтышат”.** Анбия сүрөсү: 19–20 аяттар.

Жана дагы бир аятта:

— “(Мушриктер): **“Рахмандын баласы бар” дешти. Аллах бала күтүүдөн Аруу-Таза. Андай эмес, алар** (периштелер) **урматтуу пенделер. Алар Андан** (Аллахтан) **озунуп сүйлөшпөйт. Алар анын буйругун гана аткарышат.** (Аллах) **Алардын келечектерин да, өтмүштөрүн да билет. Алар** (Аллахтын алдында) **ортомчу боло алышпайт. Аллах каалагандар үчүн гана ортомчу боло алышат. Алар Аллахтан коркуп, ырайымына жалдырап турушат”.** Анбия сүрөсү, 26–28 аяттар.

Ошондой эле Аллах Таала айтат:

— **“...Аллах буюрган ишке эч качан каршы чыкпаган, буюрулган нерсени дароо аткара турган катаал жана күчтүү периштелер турат”.** Тахрим сүрөсү, 6 аят.

Курандын көптөгөн аяттарында жана хадистерде периштелердин ысымдары, түрлөрү жана аларга буйрук кылынган иштери тууралуу баяндалган.

Мисалы, пайгамбарларга Аллахтын сөзүн жеткирип туруу вазыйпасы Жибрийилге буюрулган.

Аллах Таала мындай дейт:

— “Айткын: “Кимде-ким Жибрийилге душман болсо (анда, Аллахтын Өзүнө душман! Анткени) **ал** (периште) **сенин**

жүрөгүңө, өзүнөн мурунку китептерди тастыктаган жана момундар үчүн Туура Жол, кушкабар болгон Курааңды, Аллахтын гана уруксаты менен түшүргөн”. Бакара сүрөсү, 97 аят.

Жана Аллах мындай деди:

— “Чындыгында, ал (Куран) **— Ааламдардын Раббиси тарабынан түшкөн. Аны сенин жүрөгүңө ишенимдүү Рух** (Жибрийил периште) **алып келди. Эскертүүчүлөрдөн** (пайгамбарлардан) **болушуң үчүн”.** Аш-Шуара сүрөсү, 192–194 — аяттар.

Кээ бир хадистерде баяндалгандай Микаил периштеге жаан чачынга жана өсүмдүктөрдүн өсүп чыгышына көзөмөл кылуу милдети жүктөлгөн, ал эми Исрафилге Кыямат Күнү сурнайды үйлөө тапшырылган.

Аллахтын элчиси ﷺ түнкү намаздарында кайталап жүргөн дубасында ушул үч периштенин ысымдарын эскерген.

“Оо, Аллахым, Жабреилдин, Микаилдин жана Исрафилдин Раббиси, асман менен жердин Жаратуучусу, ачыкты да купуяны Билүүчү, кулдарың араздашкан иштеринде Сен калыстык жүргүзөсүң. Акыйкат айырмаланбай калган кезде Өз уруксатың менен мени туурасына багытта. Чындыгында Сен кимди кааласаң ошону түз жолго салуучусуң!” Бул хадисти имам Муслим алып келет.

Ошондой эле Куранда Тозоктун сакчысы болгон Малик аттуу периште тууралуу айтылат.

Аллах Таала айтат:

— “Жана алар (тозоктун кызматчы периштесине) **кайрылышат: “О, Маалик! Раббиң бизге** (өлүмдү) **өкүм кылсынчы!”** Аз-Зухруф сүрөсү, 77 аят.

Периштелердин түрлөрү тууралуу

1. Алардын арасында Аллахтын Аршын көтөргөндөр бар.

Аллах Таала айтат:

— “Аршты көтөргөн жана анын айланасында турган периштелер Раббисин мактап тасбих айтышат, Ага ыйман келтиришет жана ыйман келтиргендер үчүн Аллахтан кечирим сурап кайрылышат...” Гафир сүрөсү, 7 аят.

Жана башка аятта Аллах Таала мындай дейт:

— “... ал күнү сегиз периште үстүлөрүнө Раббиңдин аршын көтөрүшөт”. Аль-Хакка сүрөсү, 17 аят.

2. Алардын арасында адамдарды жандап, кайтарып жүрүүчү периштелер бар.

Аллах Таала айтат:

— “Ага (адамга) **алдынан жана аркасынан ээрчип, кайтара тургандар** (периштелер) **бар. Алар Аллахтын буйругу менен аны сактап турушат”.** Ар-Рад сүрөсү, 11 аят.

3. Алардын арасында адамдардын бардык амалдарын жазып турган катчылар бар

Аллах Таала айтат:

— “Чынында, үстүңөрдө (бардык иштериңерди жазган периште) **сактоочулар бар. Кадырлуу жазармандар. Кылган иштериңердин бардыгын билип турушат”.** Аль-Инфитар сүрөсү, 10–12 аяттар.

Ошондой эле Аллах Таала мындай дейт:

— **“Оң жана сол тарабында отурган эки кабылдоочу кабылдап** (жазып) **турушат. Кандай гана сөз сүйлөбөсүн, күзөтчү ар дайым даярдыкта”.** Каф сүрөсү, 17–18 аяттар.

Бул жерде ар пенденин оң жана сол тарабынан орун алган эки периште тууралуу айтылган. Оң тарабындагысы жакшы

амалдарды жазат, ал эми сол тарабындагысы күнөө иштерди жазат.

4. Эне боюнда калыптанып жаткан ымыркайга жөнөтүлүүчү периштелер.

Бул тууралуу Ибну Масуд ﷺ хадисте риваят кылат: "Чынчыл жана ишенүүгө татыктуу Аллахтын элчиси ﷺ мындай деп айткан: ***"Ар бириңер эне боюнда кырк күн тамчы түрүндө болосуңар, кийинки кырк күндө уютку сымал жана дагы ошончо күн үзүм эт сымал, андан соң Аллах тарабынан ага периште жиберилип жан салынат дагы, төрт нерсени жазууга буйрулат: анын ырыскысын, анын өмүрүнүн узактыгын жана анын бактылуу же бактысыздыкта болорун".*** Бул хадисти аль-Бухари алып келет.

5. Адамдын жаны чыгаарда рухун тосуп алуучу периштелер.

Бул жерде өлүм периштеси жана анын жардамчылары тууралуу айтылат.

Аллах Таала айтат:

— "Айткын: "Силерге өкүл кылынган өлүм периштеси, силерди жаныңарды алат, андан соң Раббиңерге кайтарылысыңар". Сажда сүрөсү, 11 аят.

Аллах мындай деди:

— "Качан силердин бирөөңөргө өлүм келгенде Биздин элчилерибиз анын жанын алышат жана алар эч нерсени өткөрүп жиберишпейт". Анаам сүрөсү, 61 аят.

Периштелердин мындан башка дагы көптөгөн түрлөрү бар.

Китептерге ыйман келтирүү

Бул жерде өз ичине акыйкат сөздөрдү жана адамдарга аныктуура жолду камтыган, Аллах Таала өзүнүн пайгамбарларына түшүргөн Китептер тууралуу айтылып жатат.

Биз Куранда эскерилген Китептерге ыйман келтиребиз. Алар:

Пайгамбарыбыз Мухаммадга ﷺ түшүрүлгөн Улуу Куран (аль-Куран).

Мусага (алейхи салам) түшүрүлгөн Тора (*ат-Таурат*).

Аллах Таала айтат:

— "Чындыгында, Биз (Муса пайгамбарга) туура жол жана нур камтылган Тооратты түшүрдүк". Маида сүрөсү, 44 аят.

Ыйсага (алейхи салам) түшүрүлгөн Инжиил (*аль-Инжиил*).

Аллах Таала мындай дейт:

— "Биз алардын (өткөн пайгамбарлардын) аркасынан Мариямдын уулу Ыйсаны жибердик. Ага чейинки Тооратгы нерсени тастыктоочу катары. Биз ага Инжиилди бердик. Ичинде нур жана акыйкат камтылган жана ага чейинки Тооратты тастыктап, такыбалар үчүн насаат жана Туура Жол". Маида сүрөсү, 46 аят.

Даудка (алейхи салам) түшүрүлгөн Забур (*аз-Забур*).

Аллах Таала айтты:

— **"...жана Биз Даудка Забур (китебин) бердик".** Исра сүрөсү, 55 аят.

Ибрахим жана Муса пайгамбарларга Аллах Таала түшүргөн ыйык түрмөктөр (*ас-Сухуф*).

Аллах Таала айтат:

— “Же ага Мусанын (Тоорат) **сахипасындагы кабарлар жетпегенби?** (Аллахтын буйругун) **толук аткарган Ибрахимдин** (ыйык жазуу баракчарынын) **кабарычы?”** Нажм сүрөсү, 36–37 аяттар.

Андан сырткары биз Аллах Таала Өзүнүн башка элчилерине дагы башка китептерин түшүргөндүгүнө бекем ишенебиз.

Ал эми Куранга ыйман келтирүүнүн башка Китептерге ыйман келтирүүдөн айырмасы бул: Аллах Таала Куранга ага чейинки Китептерде байкалбаган өзгөчөлүктөрдү бергендигинде жана ага толук моюн сунууну талап кылгандыгында.

Пайгамбарларга ыйман келтирүү

Бул жерде Аллах Таала ар бир коомго, адамдарды шериги жок Аллахка гана сыйынууга чакырган пайгамбарларды жана элчилдерди жөнөткөндүгүнө бекем ишенүү тууралуу айтылууда.

Аллах Таала мындай дейт:

— “Биз ар бир коомго Аллахка сыйынгыла (башка) **“жалган кудайчалардан алыстагыла!” — деп** (айта турган) **Пайгамбарларды жибергенбиз”.** Нахл сүрөсү, 36 аят.

Аллах Таала дагы мындай дейт:

— “...жана эскертүүчү жиберилбеген бир дагы коом болгон эмес”. Фаатыр сүрөсү, 24 аят.

Аллах Таала Өз китебинде ысымын атап кеткен ар бир пайгамбарга сөзсүз ыйман келтирүүбүз керек. Алардын так саны жыйырма беш. Алар: Адам, Нух, Идрис, Худ, Салих, Ибрахим, Исмаил, Искак, Якуб, Юсуф, Лут, Шуайб, Юнус, Муса, Харун, Иляс, Закарийа, Яахъя, Аль Яса, Зуль Кифль, Дауд, Сулайман, Аюб, Ыйса жана Мухаммад, алардын баарына Аллахтын саламы болсун.

Биз алардан башка дагы пайгамбарлар болгонуна ыйман келтиребиз. Аллах Таала алар тууралуу мындай деген:

— “Биз сага чейин да элчилерди жибергенбиз. Кээ бир пайгамбарлар жөнүндө маалым кылдык жана кээ бирлери тууралуу маалымдаган жокпуз”. Ниса сүрөсү, 164 аят.

Аллах Таала айтты:

— “Биз сага чейин (көп) **элчилерди жибердик. Алардын арасынын сага** (Куранда) **баяндап бергенибиз да бар, баян кылып бербегенибиз да бар”.** Гоофир сүрөсү, 78 аят.

Ошондой эле биз алардын баары такыба, ак ниет жана чынчыл болгондугуна ыйман келтиребиз. Аллах аларды адамдарга эмне менен жиберген болсо, алар ошону толук жеткиришкен жана түшүндүрүшкөн.

Аллах Таала айтат:

— “Пайгамбарлардын анык, таза жеткирүүдөн башка вазыйпасы жок”. Нахл сүрөсү, 35 аят.

Аллах Таала дагы айтты:

— “Пайгамбардын мойнунда анык жеткирүүдөн башка (милдет) **жок”.** Нур сүрөсү, 54 аят.

Пайгамбарлардын ар бирине ыйман келтирүү башкаларына да ыйман келтирүү менен тыгыз байланышкан. Ошондуктан алардын бирөөсүнө ишенбеген адам Аллахка да ишенбеген жана башка пайгамбарларга да ыйман келтирбеген болуп саналат.

Аллах Таала айтат:

— “Айткыла: (Оо момундар): **“Биз Аллахка, бизге түшүрулгөн Куранга жана Ибрахимге, Исмаилге, Исхакка, Якубга жана анын урпактарына түшүрүлгөн сахипаларга, жана Мусага, Ыйсага жана пайгамбарлдардын баарына Раббиси тарабынан берилгенге ыйык жазууларга ыйман келтирдик. Биз пайгамбарлардын эч биринин арасын ажыратпайбыз жана биз Аллахка моюн сунуучулардан-быз”.** (Оо момун-мусулмандар!) **Эгер алар** (яхудийлер менен христиандар) **силер ыйман келтиргендей ыйман келтиришсе,** (ошондо гана) **акыйкат жолду табышат. А эгер жүз буруп кетишсе, демек алар силердин каршылаштарыңар. Алардан сени Аллах өзү сактайт. Ал — Угуучу, Билүүчү”.** Бакара сүрөсү, 136–137 — аяттар.

Ошондой эле башка аятта:

— “Пайгамбар өзүнө Раббиси тарабынан түшүрүлгөн нерсеге ыйман келтирди жана момундар дагы (ыйман келтиришти)**. Бардыгы Аллахка, Анын периштелерине, китептерине, пайгамбарларына, толук ыйман келтиришти** (жана) **“Биз Аллахтын пайгамбарларынын арасынан эч кимисин ажыратып** (ишенбей) **койбойбуз”.** Бакара сүрөсү, 285 аят.

Аллах Таала дагы мындай дейт:

— “Аллахка жана анын элчилерине ишенбегендер, Аллах менен пайгамбардын ортосун ажыратууну каалап, “биз кээ бир (пайгамбарга) ишенебиз, кээ бирине ишен-

бейбиз” — дегендер ортодо, арсар жолду карманышат. Мына ошолор чыныгы каапырлар”. Ниса сүрөсү, 150–151 аяттар.

Ал эми Мухаммадга ﷺ ыйман келтирүү дегени — ал ﷺ алып келген нерсеге бүтүндөй жана толук ишенип, ошол нерсеге ээрчүүбүздү талап кылат.

Чечкиндүүлүк ээлери (Улюль-‘азм)

Мындай зор сыпаттын ээлери деп Нухту, Ибрахимди, Мусаны, Ыйсаны жана Мухаммадды ﷺ аташат, аларга Аллахтын салам-салаваттары болсун. Бул пайгамбарлар тууралуу Аллах Таала мындай дейт:

— “Жана бир кезде Биз бардык пайгамбарлардан антубадаларын алганбыз: Сенден, Нухтан, Ибрахимден, Мусадан жана Мариямдын уулу Ыйсадан... Биз алардан бекем убада алганбыз”. Ахзаб сүрөсү, 7 аят.

Жана башка аятта Аллах Таала айтат:

— “(Оо адамдар!) **Аллах силерге Нухка осуят кылган динди Шарият кылып берди.** (Оо Мухаммад!) **Биз сага вахий** (аян) **кылган динди Ибрахимге да, Мусага да, Ыйсага да түшүргөнбүз жана: билдиргендей, бекем мыйзам кылып бекитип: “Динди** (таухиддин негизинде) **аткаргыла, жана ага карата карама-каршылыктарга кирбегиле” — деп буюрдук”.** Шура сүрөсү, 13 аят.

Мухаммад ﷺ пайгамбарыбыздын жалпы бардык коомдорго жиберилиши

Мухаммад ﷺ пайгамбарыбыз бүткүл адам жана жин аалымына эскертүүчү катары жөнөтүлгөн.

Ал бардык жин ааламына да жөнөтүлгөндүгүн тастыктай турчу Аллах Тааланын мындай сөзү бар:

— "Бир кезде (Оо Мухаммад), **Биз сага Куранды угушсун деп бир жамаат жиндерди жөнөттүк. Анан качан алар Куранды укканга даяр болгондо** (бири бирине) **"Тынчтанып Уккула!" дешти. Куран окулуп бүткөн соң, өз коомдоруна эскертүүчү болуп кайтышты. Алар коомуна барып" "Эй коомубуз! Биз Мусадан кийин түшүрүлгөн жана мурунку китептерди тастыктаган, акыйкатка багытточу жана түз жолго салуучу Китепти уктук! Оо коомубуз! Аллахка чакырганды** (Мухамаадды) **уккула жана Ага ыйман келтиргиле.** (Ошондо Аллах) **күнөөңөрдү кечирип, оор азаптан сактайт".** Ахкаф сүрөсү, 29–31 аяттар.

Ошондой эле Аллах Таала мындай дейт:

— "Айт (Оо Мухаммад) **"Мага** (Аллах Тааладан мындай деген) **вахий келди: Жиндердин бир жамааты** (Куранды) **угушту жана "Биз ажайып Куран уктук" — дешти".** Жин сүрөсү, 1–2 аяттар.

Жиндер ага ﷺ келип, ал ﷺ алар менен сүйлөшүп жана Куран окуп берип тургандыгы тууралуу көптөгөн далилдер бар.

Ал эми анын ﷺ бардык адамдарга жөнөтүлгөндүгүн көптөгөн аяттар жана хадистер тастыктайт.

Аллах Таала айтат:

— "Биз сени бүткүл инсаниятты баарына, жакшы кабар менен эскертүүчү кылып жибердик". Сабаа сүрөсү, 28 аят.

Аллах Таала мындай дейт:

— “Айткын: “Оо адамдар, чындыгында мен силер үчүн Аллахтын элчисимин...!” Ааараф сүрөсү, 158 аят.

Жана башка аятта Аллах Таала айтат:

— “Айткын: “...бул Куран мага вахий (аян) **түрүндө берилди, силерди жана ал жетип барган баардык адамдарды эскертүүм үчүн”.** Анъам сүрөсү, 19 аят.

Алаах Таала айтат:

— “Биз сени адамдарга (ушул нерсени жеткирсин деп) **элчи кылып жибердик, күбөгө Аллах гана жетиштүү”.** Ниса сүрөсү, 79 аят.

Жана бул аятта Аллах Таала айтат:

— “Ааламдарга эскертүүчү пайгамбар болушу үчүн пендеси Мухаммадга, чындыкты жалгандан ажыратып бере турган Куранды түшүргөн Аллах Улук-Берекеттүү”. Фуркан сүрөсү, 1 аят.

Аллах Таала айтат:

— “(Оо Мухаммад!) **Биз сени ааламдарга, ырайым** (болушуң) **үчүн жөнөттүк”.** Анбия сүрөсү, 107 аят.

Жана кийинки аятта Аллах Таала мындай дейт:

— “Силер (дагы) **моюн сундуңарбы?” дегин. Эгер** (Исламды кабыл алып) **моюн сунушса, анда Туура Жолду табышты. Эгерде алар жүз буруп кетишсе, сенин моюнуңда эскертүү милдети гана жүктөлгөн. Аллах пенделерди Көрүүчү”.** Аали Имран сүрөсү, 20 аят.

Жабир ибну Абдуллах ﷺ риваят кылган хадисте Аллахтын элчиси ﷺ айтат: ***“Мага ушундай беш нерсе берилген, андай өзгөчөлүктөрдү Аллах мага чейин эч кимиге берген эмес. Мурун ар бир пайгамбар белгилүү бир коомго жөнөтүлчү, мен болсо бардыгына жөнөтүлгөм, агына да, карасына да. Мага олжо алууга уруксат берилген, ал эми мурда бул эч кимге уруксат берилген эмес. Бардык жер жүзү мен үчүн таза жана ибадатка жарактуу кылынды, андыктан***

адамдар намаз убагына туш келген жерден ибадат кыла беришет. Ошондой эле мага мындай жардам тартуулангган: мага душманчылык кылгандар менден бир айлык аралыкта болсо дагы жүрөктөрүнөн коркуу сезими кетпейт эле. Жана мага берилген дагы бир атрыкчылык бул — шапаат кылуу акысы". Бул хадис аль-Бухари жана Муслимде келет.

Абу Хурайранын ﷺ риваятында Аллахтын элчиси ﷺ айтты: ***"Менин жанымдын ээси болгон Зат менен ант ичем! Бул акыркы коомдордо кайсы бир жөөт же христиан болбосун мен тууралуу угуп туруп, мен алып келген нерсеге ыйман келтирбеген абалда өлсө, ал сөзсүз Тозокто болот!"*** Бул хадис Муслимде келет.

Аллахтын элчиси ﷺ көптөгөн өлкөлөргө кабар жөнөткөндүгү белгилүү. Персия падышасына, Рим императоруна, Египеттин башчысына, Эфиопия императоруна жана көптөгөн башка бийлик башчыларга кайрылып, аларды Исламга чакырган.

Ал эми Мухаммаддын ﷺ пайгамбарлыгын чындык деп эсептегени менен **"ал арабтарга жөнөтүлгөн пайгамбар"** — деп айткан жөөт жана христиандардын сөздөрү такыр негизсиз. Кимде-ким бул пайгамбарлыкты чындык деп билсе, ал сөзсүз аны толугу менен кабылдашы керек. Анткени, Аллахтын элчиси ﷺ бардык адамдарга жөнөтүлгөндүгүн кабарлаган.

Мухаммад ﷺ — акыркы пайгамбар

Пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺ пайгамбарлардын мөөрү, эң акыркысы. Аллах Таала бул тууралуу мындай деген:

“(Оо момундар!) **Мухаммад — араңарда жөн гана бир эркектин атасы эмес, ал Аллахтын элчиси жана пайгамбарлардын акыркысы!”** Азхаб сүрөсү, 40 аят.

Бул аяттын мааниси Мухаммад ﷺ акыркы пайгамбар экендигин жана андан соң башка пайгамбар келбестигин туюндурат.

Аалымдар пайгамбар жана элчилердин айырмасы тууралуу ар кандай пикирде болушкан. Кээ бирлери: “бул эки сөздүн эч айырмасы жок, ар бир пайгамбар — бул элчи жана ар бир элчи — бул пайгамбар” — дешкен. Башкалары болсо пайгамбар менен элчинин айырмасы бар деп белгилешкен. Пайгамбарга караганда элчинин жиберилиш максаты өзгөчөлүктөргө ээ, демек, Мухаммаддан кийин пайгамбар болбосо элчи да болбойт деп тыянакташкан.

Бул тууралуу көптөгөн хадистерде баяндалат.

Мисалы эки “Сахихте” келген Абу Хурайра ﷺ ривият кылган хадисте Аллахтын элчиси ﷺ айтат: ***“Пайгамбарлардын арасында мен кандай орунду ээлеримди түшүндүрүп бериш үчүн, кооз үй салган бир адамдын окуясын мисал кылса болот. Ал адам ушундай ажайып кооз үй салып, бардыгын жасаган. Бир гана негизги бурч ташын койбой калган. Анан элдер ал үйдү тегеренип, карап, таң калып: — “Эмнеге сен бул жагына таш койгон жоксуң?” — деп сурашат. Мына мен дал ошол жетпеген таш сыяктуу, акыркы пайгамбар болдум”.***

Эки “Сахих” жыйнагында мындай хадис баяндалат. Анда Жубайра ибну Мутим ﷺ Аллахтын элчисинин ﷺ мындай дегенин кабарлайт: ***“Чындыгында менин ар кандай ысымдарым бар, мен Мухаммадмын, мен Ахмадмын дагы, Аль-Махи (Жок кылуучу) да менмин, мен аркылуу Аллах каапырчылыкты жок кылат. Мен Аль-Хаширмин (Чогултуучу), айланама адамдар чогула турган. Ошондой эле мен Аль-Акыйбмын. Менден кийин башка пайгамбарлар келбейт”.***

Муслим келтирген хадисте Абу Хурайра ﷺ Аллахтын элчисинен ﷺ риваят кылат: ***“Менин башка пайгамбарлардан артыкчылыгым бул мага берилген алты нерсе: мага кыска жана маңыздуу сүйлөө жөндөмү берилген. Дагы мага жардам тартууланган, анткени мага душманчылык кылгандардын жүрөктөрүнө коркуу салынган. Анан мага олжо алууга уруксат берилген жана бардык жер бети мага таза, ибадат кылууга жарактуу болгон. Ошондой эле мен бардык адамдарга жиберилгем жана мен акыркы пайгамбар болдум”.***

Аль-Бухари жана Муслим Саад ибну Абу Ваккастан ﷺ алып келген хадисте Аллахтын элчиси ﷺ Али ибну Абу Талибке ﷺ мындай деген: ***“Сен Мусанын доорунда Харун ээлеген даражаны, менин маалымда ээлегиң келбейби? Ортоңордо Болгону бир айырмачылык болот, ал менден кийин пайгамбарлар келбегендикте”.***

Биздин пайгамбарыбыз ﷺ акыркы пайгамбар экениндигин тастыктай турган көптөгөн сахих хадистер бар.

Ибну Касир өзүнүн тафсиринде жазат: *“Аллах Таала Өз китебинде, ал эми Аллахтын элчиси ﷺ көптөгөн хадистерде бизге кийин башка пайгамбар келберин кабарлашкан. Ким андан кийин өзүн пайгамбар атаган болсо ал — жалганчы, жалаа жабуучу, Дажжал, адашуучу жана адаштыруучу экендигин адамдар анык билиши үчүн!”*

Кыямат күнгө ыйман келтирүү

Кыямат күн дегени бул — Аллах бизди кайра тирилткен күн. Ал Өз пенделерин сурак жүргүзүп, жазалоо же сыйлоо үчүн кабырдан кайра чыгарат, андан соң алардын бир бөлүгү Бейишке, экинчиси Тозокко жайгаштырылат.

Бул күндүн "кыямат" аталып калган себеби, ал күн бул дүйнөнүн эң акыркы күнү болуп саналат. Аллах Таала бул күн тууралу, ал күнү боло турган иштер тууралуу жана анын жакындаганына ишарат кыла турган белгилери тууралуу бизге кабарлаган. Бул тууралуу айтылбаган сүрөлөр Куранда аздык кылат.

Мисалы, Аллах Таала ошол күн менен ант ичет.

Аллах Таала айтат:

— "Жок! Кыямат күн менен ант ичип..." Кыяма сүрөсү, 1 аят.

Ошондой эле Аллах Таала өзүнүн элчисине адамзат кайра тирилет экендигин касам ичип айтууга буюрган.

Аллах Таала мындай деген:

— "Каапырлар "биз эч качан тирилбейбиз" деп ойлошту. Айткын: "жок андай эмес! Раббим менен касам ичип айтамын, силер шексиз кайра тирилесиңер, андан кийин гана силерге өзүңөр жазаган кылык-жоругуңардын кабары берилет, — бул Аллах үчүн өтө жеңил!" Тагаабун сүрөсү, 7 аят.

Аллах Таала ал күнгө ыйман келтиргендерге мактоо айтат.

Аллах Таала мындай дейт:

— "...жана алар сага түшүрүлгөнгө (Куран-Сүннөткө) **жана сага чейинки түшүрүлгөнгө** (Тоорат, Инжил, Забур китептерине) **ыйман келтиришип, Акыреттик жашоо бар экенине анык ишенгендер. Ошол адамдар гана Раббиси тарабынан** (келген) **Туура Жол үстүндө жана ошолор гана жеңишке жетүүчүлөр".** Бакара сүрөсү, 4–5 аяттар.

Жана Аллах Таала бул күнгө ишенбегендерди жектейт.

Аллах Таала айтат:

— “(Ошондо) **Аллахка жолугууну “жалган” дегендер зыян тартуучулар.** (Анткени) **алар туура жолдо болушкан эмес”.** Юнус сүрөсү, 45 аят.

Бул күн жакындап калганын, Аллах Таала бизге маалымдайт.

Аллах Таала айтат:

— **“Кыямат жакындады жана ай тең ортосунан бөлүндү”.** Камар сүрөсү, 1 аят.

Анык мисалдар жана акылга сыяр далилдер менен Аллах Таала бул күндүн келерин далилдейт

Анык мисалдар тууралуу кеп кыла турган болсок, Аллах Таала бул дүйнөдө эле жандары алынып кайра тирилгендер тууралуу кабарлаган. Мындай учурлар алты жерде эскерилет:

Биринчиси: Аллах Таала мындай дейт:

— **“Бир кезде силер айттыңар: “Оо, Муса! Биз Аллахты өз көзүбүз менен көрмөйүнчө ыйман келтирбейбиз”. Андан соң силерди** (бири-бириңерди) **карап турган абалыңарда чагылган урду. Кийин Биз силерди, эми шүгүр кылаарсыңар деп, өлгөнүңөрдөн соң кайра тирилттик”.** Бакара сүрөсү, 55–56 аяттар.

Бул жерде жогоруда айткан сөздөрүнөн кийин Аллах өлтүрүп кайра тирилткен Мусанын коомундагылар тууралуу айтылган.

•

Экинчиси: Аллах Таала айтат:

— “(Оо, Исраил урпактары!) **Эстегилечи, силер бир жанды өлтүрүп, ал жөнүндө** (аны ким өлтүргөнү жөнүндө)

талашып тартышканыңарды, а бирок Аллах силер жаап жашырганды ачыка чыгаруучу. Анан Биз: — "Уйдун бир бөлүк эти менен аны ургула, (ал тирилет)**" дедик. Дал ушинтип Аллах өлгөндөрдү тирилтет дагы силерди акыл эсиңерге келүүңөр үчүн, Өзүнүн** (кудуретинин) **белгилерин көргөзөт".** Бакара сүрөсү, 72–73 аяттар.

Бул жерде болсо Исраил урпактарынан болгон Муса пайгамбардын коомундагылар тууралуу баяндалат. Алар ким өлтүргөндүгү тууралуу өз ара талашып турган кезде аларга уйду курмандыка чалып, анын бир мүчөсүн маркумга тийгизүү буюрулган. Качан алар бул ишти аткарганда өлгөн адам кайра тирилип, аны ким өлтүргөндүгүн көрсөтүп туруп кайра көз жумган.

•

Үчүнчүсү: Аллах Таала айтат:

— "(Оо Мухаммад!) **Өлүмдөн качып, журттарынан чыккан миңдеген адамдардын** (окуясын) **укпадың беле? Аллах аларга "Өлгүлө" деди.** (Алар өлүштү) **Анан аларды кайра тирилтти. Албетте Аллах адамдарга пазилеттүү. Бирок көпчүлүк адамдар шүгүр кылышпайт".** Бакара сүрөсү, 243 аят.

Бул жерде Исраил уулдарынан чыккан адамдар тууралуу сөз болуп жатат. Алардын арасында кара-тумоо оорусу (чума) жайылганда качып кутулабыз деп ойлошкон. Аллах Таала болсо аларды жансыз кылган соң кайра тилилтип, жан берип койгон.

•

Төртүнчүсү: Аллах Таала айтты:

— **"Же болбосо** (Оо Мухаммад!) **пайдубалдарына чейин жер менен жексен болуп кыйраган айылдан өткөн кишинин** (окуясы) **сыяктуу** (кабар укпадыңбы?) **Ал адам: "Мунун баары кыйрап жатса, Аллах кантип кайра жашоосуна кайтарат?!" деди. Анан Аллах аны өзүн жүз жылга өлтү-**

рүп койду да, кийин кайра тирилтип — “Канча убакыт жаттың?” — деп сурады: “Мен бир күн же анын бир аз бөлүгүн гана”, — деп жооп берди. Андан соң Аллах Таала айтты: “Жок, сен жүз жыл (өлүп) **жаттың. Тамак-ашыңды, суусундуктардыңды карап көргүн, бузулган да эмес. Анан эшегиңе** (чирип кеткен сөөктөрүнө) **назар сал. Албетте, Биз сени башка адамдарга аян-белги кылуу үчүн** (ушундай) **кылдык. Карагын, Биз сөөктөрдү кантип калыбына келтирип, анан аларга эт өстүрөбүз”.** (Өз көзүң менен корүп ал!) **Анан мунун баарын өз көзү менен көрүп: “Мен эми Аллах бардык нерсеге кудуреттүү экенин билемин!” — деди.** Бакара сүрөсү, 259 аят.

Бул адам кыйрап калган айылдын жанынан өтүп бара жатып, Аллах Таала анын бардыгын кайра тирилтип, кайра калыбына келтирип коёрун элестете да алган эмес. Анан Аллах Таала жүз жылга анын өзүнүн жанын алды дагы, кайра тирилтип койду.

Бешинчи: Аллах Таала айтты:

— “Эстегин, Ибрахим: “Оо Раббим! Өлгөндөрдү кантип тирилтериңди мага көрсөтчү” — дегенде, (Аллах) **“Ишенбей жатасыңбы?” — деди. Ибрахим айтты: “Жок, андай эмес, болгону жүрөгүм бейпил болушу үчүн гана** (сурап жатамын)**”. Аллах Таала айтты: “Төрт кушту кармагын дагы, аларды** (союп жиликтеп) **ар бир тоого бирден бөлүгүн** (чачып) **таштап кой. Анан аларды** (өз аттары менен) **чакыргының, алар сага тез эле** (учуп) **келишет. Жана Билгиниң, Аллах Таала Кудуреттүү жана Даанышман”.** Бакара сүрөсү, 260 аят.

Мында, Ибрахим Раббисинен өлгөндөрдү кантип тирилтерин көрсөтүүнү суранганы баяндалат. Аллах Таала ага төрт канаттууну союп, алардын бөлүктөрүн айланасындагы тоолорго чачыранды ыргытып коюусун буюрган. Кийин аларды чакырганда, алар кайра учуп келишкен.

•

Алтынчы: Көп жылдар бою үңкүрдө калгандар тууралуу.

Аллах Таала мындай дейт:

— “Алар үңкүрдө үч жүз жыл жана дагы тогуз жыл өткөрүштү”. Кахф сүрөсү, 25 аят.

Аллах Таала башка аятта мындай дейт:

— “Ошентип, (арадан үч жүз жыл өткөндө) **Биз аларга, өз-ара бири-биринен сурап, чоо жайын билүүлөлөрү үчүн жан салдык”.** Кахф сүрөсү, 19 аят.

Жана дагы башка аятта Аллах Таала айтат:

— “**Ошентип, Аллахтын убадасынын Акыйкат экенин жана Кыямат сөзсүз болоорун билишсин деп** (алардын сырын элге) **баяндап бердик”.** Кахф сүрөсү, 21 аят.

•

Ал эми өлгөн соң кайра тирилүү тууралуу акылга сыя турган далилдер жөнүндө кеп кылсак, алар ар түрдүү болоору маалым.

Биринчи далил: бир ирет жараткан соң, ошол илимдин негизинде эле кайра жаратып коюу мүмкүнчүлүгү тууралуу тыянак. Анткени, бардык нерсени башында жараткан Зат, кийин кайра кайталап коюуга кудуреттүү.

Аллах Таала айтат:

— “Жана өзүнүн (эмнеден) **жаралганын унутуп, —** (чиригen сөөктү колуна кармап) **“Чирип кеткен сөөктөрдү кайра ким тирилте алат?!” — деп, Бизге каршы мисал келтирет! Айткын: “Аларды** (оболу топурактан жана бел суудан) **жараткан Зат** (кайра дагы ошол топурактан) **тирилтет. Ал бардык ар бир макулукту** (кандай жаратарын жакшы) **билет”.** Ясин сүрөсү, 78–79 аяттар.

•

Экинчи далил: акылга салса карама-каршы көрүнгөнү менен иш жүзүндө айкалыша бир нерселердин пайда болушунан алынган тыянак. Мисалы, жашыл, муздак жана ным жыгачтан ысык жана кургак жалын от алынат.

Аллах Таала айтты:

— **“Ал силерге жашыл** (ным) **даректан от жагып Берүүчү, эми силер андан жагып пайдаланып жатасыңар”.** Ясин сүрөсү, 80 аят.

•

Үчүнчү далил: ким улуу нерселерди жаратууга кудуреттүү болсо, ал кичинекей нерселерди да жаратууга кудуреттүү.

Аллах Таала айтат:

— “Асмандарды жана жерди жарата алган Зат, алардын окшошун (экинчи ирет) **жаратууга кудуреттүү эмеспи?”** Ясин сүрөсү, 81- аят.

•

Төртүнчү далил: такыр жердин кайра көктөнүп, жандануусуна салыштырма катары өлгөндөрдүн дагы кайра тирилүүсү болот деген тыянак.

Аллах Таала айтты:

— “Аллахтын (кудуретинин) **белгилеринен дагы бири, сен жерди куп-кургак** (өлүк сыяктуу) **абалда көрөсүң. Бирок качан Биз ага жамгыр жаадырганда ал көктөнүп жанданат. Жерди ушундай жанданткан Зат, өлгөндөрдү да тирилте алат. Акыйкатта, Ал баарына Кудуреттүү!”** Фуссылат сүрөсү, 39 аят.

•

Бешинчи далил: Уйкудан кийин ойгонуу болот. Ал эми уйку — өлүмдүн бир тууганы. Ойгонуу — өлгөн соң кайра тирилүү сымал. Демек, уктап туруу дагы кайра тирилүүгө ишарат кылат.

Аллах Таала айтты:

— “Ал, түнкүсүн силердин (уктатуу менен) **жаныңарды алат. Күн бою эмне кылып жатканыңарды да билет. Кийин Ал силерди күндүзү кайра тирилтет, белгиленген** (мөөнөт) **толук болушу үчүн. Кийин** (өмүр толук бүткөндө) **кайтып барууңар — Өзүнө. Андан соң жана** (Кыяматта) **Ал силерге эмне кылып жүргөнүңөрдүн кабарын берет”.** Анъам сүрөсү, 60 аят.

•

Алтынчы далил: Аллах Тааланын даанышмандыгы жана адилеттүүлүгүнө негизделет. Анткени, Аллахтын бул сыпаттарына ылайык кайра тирилүү жана сурак берүү сөзсүз болот.

Аллах Таала мындай дейт:

— “Оюңарда Биз силерди максатсыз (жөн эле) **жаратыптырбызбы жана силер Бизге** (сурак бергени) **кайтып келбейт бекенсиңер?!”** Муминун сүрөсү, 115 аят.

Кыямат күндүн убагы тууралуу

Бул тууралуу Аллах гана билет, ал эми биз ал убакыт бир күтүлбөгөн мезгилде келээрин гана айта алабыз.

Аллах Таала айтты:

— “Алар сенден Кыямат жөнүндө: анын качан болоору жөнүндө сурашат. Айткын: “Мунун илими Раббимдин гана алдында. Анын убакыты келгенде Өзү гана ачыктап берет” Ал (Кыямат) **асмандар жана, жер** (жашоочулары) **үчүн өтө оор болот”. Ал силерге капыстан келет. Бул саат боюнча сага маалым болгонсуп сурашат! Жооп бергин: “Чындыгында, муну бир гана Аллах билет, бирок адамдардын көбү муну түшүнүшпөйт”.** Ааараф сүрөсү, 187 аят.

Аллахтын элчиси айтат ﷺ: ***“Мен адамдарга бул саат ушунчалык жакындап калганда жөнөтүлгөм”.*** Андан соң, ал эки манжасын бириктирип, жаңсап көргөзгөн. Бул хадисти аль-Бухари жана Муслим алып келишет.

Ошондой эле, Аллахтын Элчиси ﷺ Кыямат качан болоорун сурагандарга дайыма аны билбей турганын айтып, мындай суроолорду бергендерге, андан көрө ошол маалга кантип жакшы даярдануу керектигин кеңеш берген. Кээде кайра тириле турган күндүн кичиси б. а. өлүм тууралуу айтып берген.

Кээ бир учурларын мисал кыла турган болсок, Жабраил периште пайгамбарга ﷺ: ***“Мага ал убакыт тууралуу айтып берчи”*** — дегенде, ал ***“Суралып жаткан, сурап жаткандан ашык билбейт”*** — деп жооп берген. Бул хадисти аль-Бухари жана Муслим алып келишет.

Эки “Сахихте” тең келген дагы бир хадисте бир бедуин пайгамбарыбызга ﷺ мындай суроо узатат:*“Кыямат убагы качан келет?”* Анда пайгамбарыбыз: — “***Чындыгында, бул саат жакындап калды, а сен ага эмне камдап койдуң?”*** — *деп жооп кылган экен”*

“Сахих” жыйнактарынын экөөндө тең эскерилген дагы бир хадисте Аиша رضي الله عنها айтат: *“Бедуиндер пайгамбарыбызга ﷺ келип:* ***“Кыямат убагы качан келет?”*** *— деп көп сурашаар эле. Пайгамбарыбыз ﷺ алардын эң кичүүсүн карап: “****Чындыгында, силер үчүн ал убакыт бул улгайгыча эле келет***” — деп, алардын өлөөр маалын эскертип койчу.

Бирок, Куран жана Сүннөттө бул сааттын жакындап келе жаткандыгы тууралуу бир катар белгилери баяндалган. Мисалы, Аллах Таала чоң белгилери тууралуу айтат. Алар: түтүн капташы, Ыйсанын экинчи жолу келиши, Яжуж менен Мажуждун чыгышы, күндүн батыштан чыгышы жана бир жаныбардын пайда болушу.

Ал эми Аллахтын элчиси ﷺ хадистеринде буларды коштоочу кээ бир маанилүү учурларды эскерет. Мисалы: Дажжалдын чыгуусу, араб жергесинде, батышта жана чыгышта ай-

дын үч ирет тутулуусу жана Йеменден чыгып адамдарды бир жерге чогулта турган өрт тууралуу айтат. Мындан тышкары, Аллахтын Элчиси ﷺ акыр кыямат төмөндөгү окуялар болуп өтмөйүн келбейт деп эскерген: бир эле нерсеге чакырган эки алп жоонун улуу беттеште кагылышуусу, өздөрүн пайгамбар атаган отузга жакын жалганчылардын келип өтүшү, бул дүйнөдөн илимдин жоголушу, жер титирөөлөрдүн көбөйүшү, убакыттын кыскарышы, азгырыктардын жайылышы, адамдар бири-бирин өлтүрүп, кан төгүшү жана Хижаз өрөөнүндө атүгүл Бусрадагы төөлөрдүн моюндарына жарык тийгизген чоң өрттүн чыгышы.

Жогоруда айтылган жана башка белгилердин бардыгы чоң жана кичине болуп бөлүнөт. Кичине белгилер болсо болуп өткөн, илгертен уланып келе жаткан жана боло электер деп бөлүнөт. Ал эми чоңдоруна келсек, алардын келер маалы алыстай сезилет, бирок булардын бирине эле туш болсок, калгандары арка-аркасынан боло баштайт.

Өлүм жана кабырдагы окуялар

Кыямат күнүнө ыйман келтирүү ага тиешелүү Куран жана Сүннөттө келген кабарлардын бардыгына ишенүүнү талап кылат. Тагыраак айтканда өлүм жана андан кийин боло турчу нерселердин бардыгына ишенүү.

Өлүмгө байланыштуу нерселерге ыйман келтирүү төмөнкүлөрдү камтыйт:

Бул дүйнөдө өлүмдөн эч ким кутула албайт, бардыгына өлүм келет деген ишеним. Аллах Таала айтат:

— “Ар бир жан өлүм даамын татуучу, андан соң силер Бизге кайтасыңар”. Анкабут сүрөсү, 57 аят.

Ошондой эле башка аятта Аллах Таала айтат:

— “Себеби бардык нерсе жок болот, Бир Жүзү (Өзү) **гана калат! Өкүм жалгыз Өзүнө таандык! Жана бардыгыңар Өзүнө кайтып барасыңар”.** Анкабут сүрөсү, 88 аят.

Ар бир адамдын жашоо мөөнөтү так белгиленген жана аны эч ким кечиктирип же эртелете албайт деген ишеним. Ал мөөнөт бир гана Аллахка белгилүү. Аны ар бирине Аллах Өзү бекиткен жана өлүмүнүн себебин кошо тагдыр кылган.

Аллах Таала айтат:

— “Эч бир жан Аллахтын өкүмү, жазылган жана белгиленген мөөнөтү келмейинче өлбөйт”. Аль-Имран сүрөсү, 145 аят.

Ошондой эле Аллах Таала мындай дейт:

— “Ар бир үммөт үчүн белгиленген мөөнөт (ажал) **бар.** (Ошол) **мөөнөттөрү келгенде, алар аны бир саатчалык артка да алдыга да жылдыра алышпайт”.** Ааараф сүрөсү, 34 аят.

Бул убакыт Аллахка гана белгилүү деген ишеним.

Аллах Таала айтат:

— “Эч бир жан эртең эмне иш жасаарын биле албайт. Жана эч ким кай жерде (кантип) **өлөөрүн да биле албайт. Чындыгында, бир Аллах гана** (баарын) **Билүүчү,** (баарынан) **Кабардар”.** Лукман сүрөсү, 34 аят.

Өлүм алдында Аллах Таала кабарлагандай болооруна ыйман келтирүү. Мисалы, Аллах Таала мындай дейт:

— “Качан силердин бирөөңөргө өлүм (убактысы) **келгенде, Биздин** (жан алгыч периштелерден турган) **элчилерибиз өз убактысынан кечиктирбей анын жанын алышат”.** Анъам сүрөсү, 61 аят.

Аллах Таала дагы айтты:

— “(Эгер бир жакындарыңардын) **жаны кекиртегине келгенде, силер** (колуңардан эч нерсе келбей) **карап каласыңар.** (Анткени) **аларга** (илим-кудуретибиз, периштелерибиз менен) **силерге караганда Биз жакыныракпыз. Бирок силер** (аларды) **көрбөсөйсүңөр”.** Ваакыйа сүрөсү, 83–85 аяттар.

Бул жерде өлүм алдын адамдын жаны кекиртегине келген кездеги алпурушкан абал тууралуу айтылып жатат. Ал кезде жанындагылар аны карап турушат, бирок, Аллах Таала анын абалын адамдарга караганда жакшы билет. Анын периштелери болсо жанындагылардан да жакынырак, бирок адамдар аларды көрүшпөйт.

Күнөөкөр, адилетсиз адам өлгөндө ал бардык кылган иштерине өкүнүп, кайра бул дүйнөгө кайткысы келет.

Аллах Таала айтат:

— "Качан алардын (каапырлардын) **бирине ажал келгенде** (мындай) **деп жалбарышат: "Оо Раббим! Мени** (дүйнөгө) **кайтарчы! Балким мурда** (бул өмүрүмдө) **жасай албаган сооп амалдарды кылып калаармын!" Жок! Анын айтканы пайдасыз жөн гана сөздөр.** (Жашоого кайтарылса да мурдагыдай жашамак. Ошондуктан алар жашоого кайтарылбайт)**. Алардын** (өлгөндөрдүн) **ары жагында кайра тирилгенге чейин Барзах** (кабыр жашоосу) **бар".** Муминун сүрөсү, 99–100 аяттар.

Ал эми каапыр адамдын денесинен жан чыгуусу тууралуу Аллах Таала мындай деген:

— "Сен ошол заалымдардын өлүм алдында жаткандарын, аларга периштелер колдорун созуп (сабап-кыйнап)**: "Өз жаныңар менен кош айтышкыла! Бүгүн силер Аллахка жалган сүйлөп, Анын аяттарына кайдыгер мамиле кылганыңар үчүн кор кылуучу азап менен жазаланасыңар!" дегенин бир көргөнүңдө..."** Анъам сүрөсү, 93 аят.

Демек, периштелер күнөөкөрлөргө кол салып, аларды уруп, азапташат.

Имам Ахмаддын "Муснад" китебинде жана да башка жыйнактарда аль-Баро ибну Азибден ﷺ келген хадисте Аллахтын элчиси ﷺ мындай деген: ***"Качан мусулман адам бул дүйнө менен кош айтышып, акыретке сапар алган кезде ага асмандан жүздөрү күн нурундай жаркыраган периштелер түшөт. Алар Бейиш кепиндеринен жана Бейиш жыпар***

жыттарынан ала келишет жана анын көз назары жеткен жерге чейинки боштондукту ээлеп, аны курчап отурушат. Андан соң ага өлүм периштеси келип, анын баш жагынан орун алат дагы мындай дейт: “Эй боорукер жан! Аллахтын кечиримди жана ыраазычылыгын көздөй чыккыныңдар!” Ошондо анын жаны денесинен көөкөр оозунан тамган тамчы сымал агып чыгат жана өлүм периштеси аны тосуп алат. Ал эми башка периштелер ал жанды анын колуна бир көз ирмем калтырбастан алып кетишет. Бейиш кепиндерине ороп, Бейиш жыпар жыттарын сүйкөшөт. Ошондо андан эң жакшы мисктин жытындай жыпар жыт буркурап, аны өйдөнү көздөй алып жөнөшөт...”

Уландысында пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген:

“Ал эми каапыр адам бул дүйнөдөн кайткан кезде ага асмандан жүздөрү кара чарга периштелер түшөт. Алар үрпөйгөн, катуу кездеме алып келип, анын көз назары жеткенчелик боштондукту ээлей курчап олтурушат. Кийин анын баш тушуна өлүм периштеси келип, отурат дагы мындай дейт: “Оо, кара мүртөз жан, Аллахтын каарын жана ачуусун татууга чыккыныңдар!” — дейт. Ошондо ал анын жанын быдыр темирди нымдалышкан жүндөн сууруган сымал сууруп алат. Берки периштелер аны бир көз ирмем таштабастан баягы кездемеге ороп алып кетишет. Андан жер жүзүндөгү эң жийиркеничтүү сасык жыттардын бири аңкый баштайт аны да өйдөнү көздөй алып кетишет...”

Ошентип, өлүмдөн кийин бир бөлүгү кабырда, ал эми бир бөлүгү кайра тирилгенден кийин болуп өтчү маанилүү жана улуу окуялар болот.

Кабырда адам төмөндөгү нерселерге туш болот:

1. Кабырдагы сурак

Маркум кабырга коюлгандан кийин ал сыноого туш болот. Ага эки периште келип андан: “Раббиң ким? Диниң кайсы? Силерге жөнөтүлгөн адам ким эле?” — деп сурак алышат. Эгерде маркум ыйманы бекем, момун адам болгон болсо: “Раббим — Аллах, ал эми диним — Ислам”, ал эми үчүнчү суроосуна: “Ал Аллахтын кулу жана элчиси болгон” — деп жооп берет. Каапыр адам болсо бардык суроолорго: “Аа, аа, мен билбеймин!” — деп жооп берет. Ал эми күмөн болуп жашагандар же эки жүздүүлөр: “Билбейм, Мен болгону адамдар бир нерсе дегендерин укчумун жана ошону кайталап койчумун” — деп айтат.

2. Көр азабы жана ырахаты

Кабырдагы сурак бүткөн соң маркум Кыяматка чейин ошол жерде калат. Ал жактан ал же ырахатка бөлөнөт, же азапталат.

Ар бирибиз кабырда кабыла турган периштелердин сурагы тууралуу көптөгөн аяттарда жана хадистерде айтылат. Ошол эле кабарларда кабыр азабы жана кабырдагы ырахат тууралуу баяндалат. Ал кабарларга биз толук ишенүүбүз керек. Биз бул тууралуу кенен баяндама бербестен, кээ бир далилдерди гана эскерип өтөбүз:

Аллах Таала айтат:

— “Аллах ыймандуу адамдарды бекем сөз менен бул дүйнөдө жана акыретте да кубаттап турат...” Ибрахим сүрөсү, 27 аят.

Аллах Таала башка аятта айтат:

— “...Ал эми, Фараон менен анын элин коркунучтуу азап ороду. Эртели-кеч аларга (Фараон жана элине) **тозок көргөзүлүп турат. Ал эми, Кыямат болгондо,** (добуш)**: “Фа-**

раон элин эң катуу азапка киргизгиле! (дейт)**”.** Гофир сүрөсү, 45–46 аяттар.

“Сахих Бухари” жана “Муслимде” аль-Баро ибну Азиб ﷺ жеткизген хадисте пайгамбарыбыз ﷺ мындай дейт: ***“Момун адам кабырына жайгарылгандан кийин, ага келишет жана ал ошол жерде ал: “Аллахтан башка сыйынууга татыктуу Кудай жок жана Мухаммад — Аллахтын Элчиси” — деп күбөлүк берет. “Аллах ыймандууларды (момундарды) бекем сөз менен бул дүйнөдө да акыретте да колдоп турат...” — деген сөзү ушуга далил”.***

Имам Ахмаддын “Муснад” жыйнагында аль-Баро ибну Азибден ﷺ дал ушундай хадис келет. Бирок жогоруда эскерилген кабардан тышкары, алгач периштелер маркумдун жанын алып өйдө көтөрүлүшүп, кийин кайра жерге алып келери айтылат.

Аллахтын Элчиси ﷺ мындай деди:***“Жана анын жаны денесине кайтарылган соң, ага эки периште келип аны отургузушат дагы: “Раббиң ким?” — деп сурашат. Ал: “Раббим — Аллах” — деп жооп берет. Анан алар: “Диниң кайсы?” — деп сурашат. Ал: “Менин диним — Ислам” — деп жооп берет. Ошондо алар ага: “Силерге жөнөтүлгөн адам ким эле?” — дешет. Ал: “Ал — Аллахтын Элчиси” — деп жооп берет. Анда алар: “Сен аны кайдан билесиң?” — деп сурашат. Ал: “Аллахтын китебин окудум жана ага ишендим” — деп жооп берет. Ошондо асмандан: “Менин пендем чындыкты айтты, ага бейиштен төшөнчү салгыла жана анын алдында бейиш дарбазаларын ачык кылгыла” — деген үн угулат. Бул кезде ал кубанычка бөлөнүп, бейиш жыргалчылыгын сезе баштайт. Анын кабыры болсо көз жебеси багынта алгыдай аралыкта кеңейтилет”.***

Ал эми каапыр тууралуу Аллахтын элчиси ﷺ мындай деген:

“Анын жаны кайра денесине салынганда ага эки периште келип, аны отургузуп: “Раббиң ким?” — деп су-

райт. Ал: “Аа-Аа-Аа, мен билбеймин!” — деп жооп берет. Анда алар: “Силерге жөнөтүлгөн адам ким болгон?” — деп сурашат.

Ал дагы: “Аа-Аа-Аа, мен билбеймин” — деп жооп берет!”. Кийин асмандан үн угулуп: “Ал жалган айткан, анын жатаар жерине оттон төшөгүлө жана алдына тозок эшигин ачып койгула! — деп айтат. Ошондо ал тозоктун ысыгына батып, кабыры кысылып, кабыргалары кийишип калат”.

“Сахих” жыйнактарынын экөөндө тең Анас ибну Малик ﷺ Аллахтын элчисинин ﷺ мындай дегенин кабарлайт: ***“Аллахтын пендеси кабырга коюлуп, аны көмгөндөр кеткен кезде ал алардын кадамдарынын үнүн угат. Ошондо ага эки периште келип, аны отургузуп: “Сен бул адам жөнүндө эмне дейсиң?” — дешет. Момун адам: “Ал Аллахтын кулу жана элчиси экендигине күбөлүк берем” — деп жооп берет. Анда ага: “Эми өзүңдүн тозоктогу ордуңду кара, Аллах аны сен үчүн бейиштеги орунга алмаштырып койду” — дешет. Ал экөөнү тең көрөт. Ал эми эки жүздүү адам болсо: “Сен бул адам жөнүндө эмне дейсиң?” — дегенде: “Билбейм. Мен элдер эмне десе ошону гана айтып койчумун” — дейт. Ошондо ага: “Сен билбейсиң жана окуган эмессиң” — дешет дагы темир барскан менен урушат. Ошондо ал ушундай ачуу бакырат жана ал бакырыгын айланасындагы адам жана жиндерден башкасы бүт угушат”.***

“Сахих” аталган китептердин экөөндө тең Ибну Аббастын ﷺ сөзүнөн келген хадисте, пайгамбарыбыз ﷺ эки мүрзөнүн тушунан өтүп бара жатып мындай деген: ***“Чынында, булар чоң азапка дуушар болууда, бирок бул чоң күнөө кылгандары үчүн эмес”***. Андан соң мындай деди: ***“Ооба, бири жалаа жапкан жана таркатып жүргөн, беркиси өз заарасынан сактанган эмес”.*** Кийин пайгамбарыбыз ﷺ жашыл курма бутагын алып, аны экиге бөлдү да аларды кабырлардын

ар бирине сайып: ***“Балким, бул бутактар куурап калганча алардын азаптарын жеңилдетип тураар”*** — деди.

Ошондой эле, пайгамбарыбыз ﷺ көр азабынан коргоо тилеп Аллахка көп кайрылган жана башкаларды да буга буюрган. Бул тууралуу көптөгөн хадистер келет.

Кабыр азабы эки түрдүү болот:

1. Кээ бир азаптар токтобостон кайталанып турат. Бул тууралуу Аллах Таала мындай деген:

— “...аларга эртели-кеч тозок көргөзүлүп турат”. Гафир сүрөсү, 46 аят.

2. Ал эми кээ бири анык бир убакыт созулуп, кийин токтотулат. Мындай азаптарга кээ бир мусулмандар туш болушат жана алардын азабынын оордугу кылган күнөөлөрүнө жараша болот. Кийин балким дубалар же урпактарынын багыштаган садакалары ж. б. у. с. иштер себептүү абалдары жеңилдеп калат.

Кээ бир адашкандар көр азабын жана ырахатын жокко чыгарышкан. Алар өз күмөндөрүн өлгөн адамдардын сурапып, азапталып же ырахатка бөлөнүп жаткандарын көрбөгөндүктөрүнө байлашкан. Эмпирикалык түрдө түшүнө албагандыктарына, б. а. көрбөгөн, сезбеген соң ишене албагандарына таянышкан.

Аларга мындай жооп кайтарса болот:

1. Бул тууралуу илимдин булагы Куран жана Сүннөт болгондуктан, мусулман адам бул маалыматтардын бардыгын моюндап, ишениши керек. Мусулманды башкалардан айырмалап турган нерсе дал ушул кайыпка ишенүүсү жана Аллахтын элчиси көрсөткөн туура жолду ээрчигени.

2. Бул дүйнөнүн адатындагы көрүнүштүн негизинде аркы дүйнө тууралуу чечим чыгаруу болбойт. Ал дүйнөнүн өзүнө жараша мыйзамдалган нерселери бар. Башкача айтканда биз маркумдар кабылган абалды толук сезип, түшүнө албайбыз.

Аллахтын кудурети өтө зор жана Ал Өз даанышмандыгы менен бул дүйнөдө байырлагандарга келер дүйнө акыйкатын жашырып, көздөрүнө жана кулактарына сыр кылып койгон. Балким, биз ал нерселерди көтөрө албастыгыбызды жана бири-бирибизди көмбөй калаарыбызды билгендиктен ошондой кылган. Ошондой эле андай ишенимди ыймандууларда гана боло турган өзгөчөлүктөрдөн кылган.

3. Адам баласынын түшүнүгү бардык нерсени камтый албайт. Мисалы, Жабреил периште пайгамбарга ﷺ түшүп келип, баарлашып отурган. Ал эми айланасынан бирөө дагы аны көргөн да, уккан да эмес. Мындан тышкары, бардык макулуктар Аллахка мактоо айтып турары белгилүү. Бирок, ал кандай көрүнүштө ишке ашып турарын биз билбейбиз жана ал тууралуу эч нерсе айта албайбыз.

4. Бизге Аллах Таала бул дүйнөдө ушуга окшош нерсени көрүүгө мүмкүнчүлүк берген. Маселен, адам кээде жагымдуу жана кубанычтуу түштөрдү көрөт, же болбосо кээде тескерисинче жаман түштөрдү көрөт. Бирок, аныгында ал төшөгүндө уйкуга бөлөнгөн абалда, ал эми көрүп жаткан нерсеси алыстыкта жана анын түштөрү айланасындагыларга сыр бойдон кала берет

Ошондой эле азыркы жашообузда пайда болгон заманбап нерселер тууралуу дагы дал ушундай айтса болот. Мисалы, электр зымдарында болуп жаткан процесстерди даана кандайча өтүп жатканын сезе албайбыз. Бир гана, ал чоң чыңалуудагы зымдын жылаңач жерине тийип көрмөйүн. Жана да ага темир менен же жыгач менен тийип көргөндүн ортосунда айырма болот.

Кайра тирилген соң боло турчу окуялар

Кабырлардан чыгуу

Исрафил периште сурнай тартканда адамдар кабырларынан кайра чыгарылат. Куранда ал сурнайды үч ирет тартаары айтылган.

Сурнай биринчи ирет тартылганда бардыгын коркуу басат.

Сурнайдын биринчи добушу дүйнөдө калыптанган тартипти бузуп, баш аламандыкка алып келет. Аллах Таала айтат:

— "Сурнай тартылган күнү асмандардагы жана жердеги, Аллах каалагандардан башка бардык жандуулар коркуп калышат". Намл сүрөсү, 87 аят.

Сурнайдын экинчи тартылышы дүйнөдөгү бардык тирүүлүктүн кыйрашына себеп болот. Аллах Таала айтат:

— "(Ал күнү) **сурнай тартылды. Бир гана Аллах каалап калтырып койгондор эле болбосо, асмандагылар менен жердегилердин бардыгы мүрт кетти..."** Зумар сүрөсү, 68 аят.

Сурнайдын үчүнчү тартылышында адамдар кайра тирилип, кабырларынан чыгарылат. Аллах Таала айтат:

— "...Кийин дагы бир ирет тартылды жана алар (адамдар) **караган бойдон** (Акырет коркунучтарына көздөрү алаңдап) **туруп калышат".** Зумар сүрөсү, 68 аят.

Чогулуу

“Сахих” аталган эки жыйнакта Аишанын ﵂ сөзүнөн келген хадисте адамдар кабырдан кандай абалда чыгары айтылган. Ал ﵂ айтат: “Мен Аллахтын элчисинин ﷺ мындай дегенин уктум: ***“Кыямат күнү адамдар жылаңаяк, жылаңач жана*** (сүннөткө) ***отургузулбаган абалда чогулушат”.***

Муслимдин “Сахих” китебинде келген хадисте Микдад ибну аль-Асуад ﵁ Аллахтын элчисинин ﷺ мындай дегенин кабарлайт: ***“Кыямат күнү, күн адамдарга бир чакырым аралыкка жакындатылат жана адамдар амалдарына жараша аккан терлерине курчалышат”.***

Мына ушул жагдайда Адам, Нух, Ибрахим, Муса жана Ыйса пайгамбарлар баш болуп үн катпаган учурда пайгамбарыбыз ﷺ адамдарга шапаат кылат. Ошондуктан бул өтө улуу шапаат жана кадырлуу даража болуп саналат.

Туруу жана эсеп

Бул жерде бардык адамдардын Улуу жана Кудуретүү Аллахтын алдында кылган амалдарына жооп берүү үчүн тизилип туруусу тууралуу айтылып жатат.

Аллах Таала айтты:

— “Алар сап-сап болуп Раббиңдин алдына тургузулат (жана аларга): **“Мына биринчи ирет жараткандагыдай эле Өзүмө келдиңер го!” — деп айтылат”.** Кахф сүрөсү, 48 аят.

Ошондой эле Аллах Таала айтат:

— “Дал ошол күндө силер (Раббиңерге) **келип турасыңар. Силердин бир дагы купуя сырыңар жашыруун бойдон калбайт”.** Аль-Хаака сүрөсү, 18 аят.

Эсеп: Кудуреттүү Аллах Таала адамдарга алардын жаман-жакшы амалдары тууралуу кабарлап, алар унуткан нерселерин эстерине салат.

Аллах Таала айтты:

— "Ал күнү Аллах алардын баарын тирилтип, (дүйнөдө) **жасаган иштеринин кабарын билгизет. Ал иштерди Аллах** (тын периштелери) **эсептеп койгон,** (бирок) **өздөрү унутушкан. Аллах бардык нерсеге күбө!"** Мужадала сүрөсү, 6 аят.

Аллах Таала башка аятта айтат:

— "Алар (өлгөндөн кийин) **Бизге кайтышат. Кийин алар менен Өзүбүз эсептешип алабыз".** Гашия сүрөсү, 25–26 аяттар.

Аллах Таала дагы мындай дейт:

— "Аллах Өзүнүн пайгамбарларына (заалымдардан өч алабыз деп) **берген убадасын аткарбайт экен деп ойлобо! Акыйкатта, Аллах Кудуреттүү жана өч алуучу!** (Анын өч алуусу) **качан жер башка жерге, асмандар** (башка асманга) **алмаштырылган күнү** (адамдар) **Жалгыз, Каардуу Аллахтын алдына келген кезде ишке ашат. Сен ошол күнү күнөөкөрлөр** (оттон жасалган) **чынжырга байлангандарын көрөсүң. Алардын кийими кара майдан болуп, жүздөрү отко оролот. Аллах ар бир жанды кылган иштерине жараша жазалоосу үчүн. Чындыгында Аллах тез эсебин берүүчү!"** Ибрахим сүрөсү, 47–51 аяттар.

Ошондо амал китептери айкындалып, пайгамбарлар баш болуп, коомдору менен кошо сурак беришет.

Аллах Таала айтат:

— "Биз сөзсүз кимдерге элчи жиберген болсок, аларды суракка тартабыз жана элчилердин өздөрүн да сөзсүз суракка тартабыз!" Зумар сүрөсү, 6 аят.

Бирок, сурак жана эсеп ар кимге ар башка көрүнүштө болот. Мусулмандарга кылган күнөөлөрү көргөзүлгөндө алар бардыгын моюндашат. Кийин ал күнөөлөрү жашырылып калат.

“Сахих” жыйнактарынын экөөндө тең келген хадисте Аиша ﵂ мындай окуяны баяндайт: “Бир жолу Аллахтын Элчиси ﷺ: ***“Кимден катаал сурак алынган болсо, ал азапка дуушар болот”*** — деди. Анда мен: “Аллах Таала: **“өтө жеңил суралат”** (Иншикак сүрөсү, 8 аят) — деп айтты эле го дедим. Ошондо ал: ***“Кыяматта турганы ошондой болот”*** — деди.

“Сахих” аталган китептин экөөндө тең Ибну Умар ﵁ пайгамбарыбыздын ﷺ мындай сөздөрүн кабарлайт: ***“Кыямат күнү момун адам Раббисине аябай жакындагандыктан ал башкаларга көрүнбөстөн Анын калкалоосунда болуп калат. Ошентип күнөөлөрүн моюндайт. Аллах андан: “Сен муну мойнуңа аласыңбы?” — деп сураганда ал: “Ооба, Раббим, мен мойнума алам!” — деп жооп берет. Ошондо Ал: “Чындыгында, мен сени жердеги жашооңдо да калкалагам, эми бүгүн да сени кечирдим!” — дейт. Кийин ага анын сооптуу амалдары катталган китеби берилет. Ал эми каапырлар менен эки жүздүүлөргө болсо бардыгынын көзүнчө кайрылып: “Мына ушулар, Раббисине жалаа жапкандар”*** — деп айтылат”.

Момундардын арасында бейишке эсепсиз жана азапсыз кире тургандар да болот. Мисалы, Ибну Аббас ﵁ ривият кылган хадисте жетимиш миң адам тууралуу айтылат. Ал хадис эки “Сахих” жыйнактарында келет.

Ал эми каапырлардын сурагы берки жакшы-жаман иштери таразага тартылгандардын сурагына окшош болбойт. Анткени алардын жакшы амалдары жокко эсе.

Аллах Таала айтат:

— “Жана Биз алар (сооп деп ойлоп) **кылган амалдарына келебиз жана аларын чаң-тозоң кылып сапырып салабыз!”** Фуркан сүрөсү, 23 аят.

Каапырлардын сурагы болсо алардын кылган зулумдуктары айгинеленип, алар жемеленип, жектөөгө алынышы менен коштолот.

Тараза

Бул жерде пенделердин амалдарын таразалап, санын өлчөп, жакшы-жаманын айырмалаш үчүн Кыямат күнү орнотулчу таразалар тууралуу айтылып жатат. Таразалоо эсеп бүткөндөн кийин башталат, анткени эсеп-кысап жасалган амалдарды аныктоо үчүн болсо, таразалоо ошол амалдарынын наркын адам баласы көрүшү үчүн болот. Ал ошого жараша жазасын алат.

Куран жана сүннөттө бул таразалардын так экендигине ишарат кылган көптөгөн далилдер бар.

Мисалы, Аллах Таала хмындай дейт:

— "Кыямат күн үчүн Биз адилет таразаларын орнотобуз. Эч бир жанга зулумдук кылынбайт. (Амалдары) **Сары кычынын данындай болсо да биз анысын алып келебиз жана эсепчи катары Биз жетиштүүбүз!"** Анбия сүрөсү, 47 аят.

Аллах Таала дагы мындай дейт:

— "Ал эми ким (сооп) **таразаларын салмактуу кылса, ал ырахатка бөлөнгөн жашоодо болот. Ал эми кимдин** (сооп) **таразалары жеңил келсе. Башпаанеги — "хаавия"** (кызытылган тозок оту). Кория сүрөсү, 6–9 аяттар.

Имам Бухарийдин "Сахих" китебинде Абу Хурайра ﷺ пайгамбарыбыздын ﷺ мындай дегенин кабарлайт: ***"Тил учуна жеңил, таразада оор, Ырайымдууга сүйкүмдүү эки сөз: Улук Аллахка даңктоо болсун, Аллахка алкыш-мактоолор болсун! (Субхана-Ллахи аль-Азыйм, субхана-Ллахи ва би хамди-хи!).***

Амал китептери

Эсеп жүрүп, амалдар өлчөнгөн соң ар бир адам амал китептерин алып окуйт. Кээ бирлери китептерин оң колу менен алса, кээ бирлери сол колу менен жана аркасынан алышат.

Аллах Таала айтат:

— “Ал эми кимге китеби оң тарабынан берилсе мындай деп айтат: “Мына, окуп көргүлө менин китебимди! Чындыгында, мен ишенгем ушул эсепке туш болоорума”. Эми ал ыраазы болгудай жашоодо болот. Эң жогорку бакчаларда. Мөмөлөрү ийилип турат. “Өткөн күндөрдөгү оболу кылгандарыңар үчүн ырахаттана ичкиле жана жегиле!” Ал эми китеби сол колуна берилгендер болсо мындай дешет: “Атаганат! Китебим берилбей эле койсо! Жана эсебим кандай экенин билбей эле койсом. Ушуну менен эле аяктап калса кана! Мени мал мүлкүм коргоп калбады. Бийлигим менден кайтып кетти”. Хакка сүрөсү, 19–29 аяттар.

Ас-Сырат көпүрөсү

Бул бардык адамзат сурагын берген соң кабылчу тозок үстүнө тартылган көпүрөнүн аталышы. Андан өтө алгандар азаптан кутулат. Ыйманы бекемдер ал жерден өтүп, тозоктон оолак болушат. Ал эми отко кабыла тургандар бул көпүрөдөн ылдый кулашат. Аллах Таала айтат:

— “Силерден ал жакка (Тозокко) **кирбей кала тургандар жок! Бул Раббиңдин бекем өкүм кылганы. Кийин Биз такыба болгондорун куткарабыз да, заалымдарын тизелеген абалда ал жакта калтырабыз”.** Мариям сүрөсү, 71–72 аят.

“Сахих” аталган жыйнактардын экөөндө тең келген хадисте Абу Хурайра ﷺ мындай дейт: “Бир жолу адамдар: “Оо, Аллахтын элчиси ﷺ, Кыямат күнү биз Раббибизди көрө алабызбы?” — деп сурашат. Бул хадисте Аллахтын элчиси ﷺ аларга мындай жооп берген деп келет: ***“Тозок үстүнөн көпүрө тартылат. Ал аркылуу эң биринчи мен жана менин үммөтүм өтөт. Ал күнү пайгамбарлардан башка эч ким үн ката албайт. Ал эми пайгамбарлар болсо: “Оо Аллах! Куткара көр, куткара көр!” — деп жалбарып турушат.***

Тозоктун “саьдан” өсүмдүгүнүн тикенектерине окшогон илмектери болот”.

Имам Муслимдин “Сахих” китебинде Абу Саид аль-Худри ﷺ Аллахтын элчисинин ﷺ мындай дегенин кабарлайт: ***“Андан соң тозоктун үстүнөн көпүрө тартылат жана шапаат кылууга уруксат берилет. Анан алар: “Оо, Аллах! Куткара көр, куткара көр!” — дешет***”. Ошондо элдер: “Оо, Аллахтын элчиси ﷺ, ал көпүрө кандай болот?” — деп сурашканда, ал мындай жооп берди: ***“Анда саадан өсүмдүгүнүн тикенеги сымал тикенектери жана илмектери болот. Момундардын бир бөлүгү андан көз жебесиндей ылдамдыкта өтүшөт. Кээ бирлери чагылгандай, башкалары шамал сыяктуу, кээ бири канаттуулардай жана дагы бири алкынган тулпарлардай. Мусулман куткарылат, ал эми жанагы илмектерге илинип тытылгандар тозоктун алоологон отуна кулайт”.***

Аль-Кантара көпүрөсү

Момундар Сырат көпүрөсүнөн өтүп, оттон куткарылган соң Бейиш менен Тозоктун ортосунда жайгашкан дагы бир көпүрөгө токтотулат. Ал жактан бул дүйнөдө араздашкан тараптардын жабырлануучулары менен зулум кылгандарынын ортосунда адилеттүү эсептешүү жүрөт. Алар өз ара эсептешкен соң аларга Бейишке кирүүгө уруксат берилет.

Абу Саид аль-Худри ﷺ Аллахтын ﷺ элчисинин мындай дегенин кабарлайт: ***“Момундар оттон куткарылат жана бейиш менен тозоктун ортосунда жайгашкан көпүрөгө келгенде токтотулат. Ал жерден бул дүйнөдө запкы жегендер аларды таарынткандарга адилеттүү жооп кайтарышат. Алар тазаланганда гана аларга Бейишке кирүүгө уруксат берилет. Мухаммаддын жанына ээлик кылган Зат менен ант ичем, алардын ар бири Бейиштеги жайла-***

рын, бул жакта өз үйүн тапкандан да жеңилирек табат!”

Бул хадисти, аль-Бухари риваят кылган.

Бул көпүрө тууралуу аалымдардын ортосунда кайчы пикир жаралган. Кээ бири бул Сырат көпүрөсүнүн уландысы деген, б. а. Бейишке такалган жагы дешкен. Башкалары бул өзүнчө көпүрө дешкен.

Көлмө

Бул жерде пайгамбарыбыздын ﷺ көлмөсү тууралуу айтылып жатат.

Аль-Бухари жана Муслимдин “Сахих” жыйнактарында Абдулла ибну Амр ибну аль-Ас ﷺ пайгамбарыбыздын ﷺ мындай дегенин кабарлайт: ***“Мага берилген көлмөнү айланып чыгыш үчүн бир ай жол жүрүү керек. Ал бурчуна бурчу тең келген, суусу сүттөн ак, жыпар жыты мускустан да жагымдуу көлмө. Ал эми жээктериндеги кумаралар көктөгү жылдыздар сымал. Андан бир ууртагандар экинчи чаңкоо дегенди билишпейт”.***

Бул көлмө тууралуу хадистер бир эле “Сахих” жыйнактарында гана келбестен, көптөгөн хадис китептеринде кенен баяндалган.

Бейиш жана Тозок

Бейиш жана Тозок — Аллах Тааланын пенделери амалдарына жараша жайгаша турган жерлер.

Бейиш бул ырахаттын ордосу. Ал Аллах Таалага ыйман келтирип, жакындоо жолдорун издеп, ибадат кылган пенделерге. Ошондой эле Аллахтын пайгамбарына ﷺ ыйман келтирип, Аллах жана Анын элчисине ﷺ моюн сунуп, шариятты ээрчигендерге даярдалган Аллахтын жоомарттыгы.

Аллах Таала айтат:

— “Чындыгында, ыйман келтирип, жакшы амалдарды жасагандар, алар — жаратылгандардын эң жакшысы. Алардын сыйлыктары Раббиссинде. Ал — “Адна” бакчалары. Алдыларында дайралар агып турган жана ал жакта түбөлүк калышат. Аллах аларга ыраазы жана алар да Ага ыраазы болушат. Бул Раббисинен корккондор үчүн!” Байина сүрөсү, 7–8 аяттар.

Аллах Таала башка аятта айтат:

— “Раббиңердин кечиримине жана кеңдиги асман менен жердей болгон, такыбалар үчүн даярдалган бейишке шашылгыла”. Аали Имран сүрөсү, 13 аят.

Бейиште ыймандуулар үчүн бул дүйнөдө эч ким көрбөгөн, укпаган жана оюна да келбеген ырахаттар даярдалган.

Аллах Таала дагы айтат:

— “Кылган амалдары үчүн сыйлык катары аларга кандай кубанычтар катылганын эч бир жан билбейт”. Сажда сүрөсү, 167 аят.

Ал эми Бейишке киргендер үчүн ырахаттын туу чокусу бул Жаратуучуну өз көзү менен көрүү мүкүнчүлүгү. Бул тууралуу Аллах Таала Куранда мындай деген:

— “Ал күнү жүздөрү нурданып, назарлары Раббисине болот”. Кыяма сүрөсү, 22–23 аяттар.

Ошондой эле көптөгөн хадистерде да ушундай айтылат.

Ал эми Тозок бул азаптардын ордосу. Аллах Таала аны душманчылык кылган каапырларга, ыйман келтирбегендерге жана пайгамбарларга моюн сунбагандарга даярдаган.

Аллах Таала айтат:

— “Жана каапырлар үчүн даярдалган оттон корккула”. Аали Имран сүрөсү, 131 аят.

Тозоктон күнөөкөрлөр түркүн азаптарга жана кыйноолорго дуушар болушат.

Аллах Таала айтат:

— “Чындыгында, Биз заалымдар үчүн аларды чатыр сымал курчап кала турган Тозок отун даярдап койдук. Алар жалдырап тиленишсе аларга эриген коргошун сымал, жүздөрүн куйкалагыдай суу берилет. Кандай начар ичимдик жана кандай жаман башпаанек!” Кахф сүрөсү, 29 аят.

Курандын көптөгөн аяттарында жана хадистерде Бейиш менен Тозок баяндалат. Алар жаратылган жана азыркы учурда бар экендиги айтылат. Ошондой эле Бейишке же Тозокко түшкөндөрдүн түбөлүк ырахаты же азапталуусу тууралуу айтылат.

Бейиш дагы, Тозок дагы түбөлүк калат жана эч качан жоголбойт.

Аллах Таала Бейиш тууралуу мындай деген:

— “...тамактары жана көлөкөлөрү түгөнгүс” Ар-Рад сүрөсү, 35 аят.

Ошондой эле Алаах Таала айтат:

— “Чындыгында, бул анык Бизден берилген ырыскылардан жана буларда түгөнүү деген болбойт”. Сод сүрөсү, 54 аят.

Дагы башка аятта Аллах Таала айтат:

— “жана ал жакта түбөлүк калышат”. Баййина сүрөсү, 8 аят.

Ошондой эле башка аятта Аллах Таала айтат:

— “Биринчи өлүмдөрүнөн кийин ал жактан өлүм даамын татышпайт”. Духан сүрөсү, 56 аят.

Аллах Таала айтат:

— “...жана алар ал жерден куулуп чыгарылбайт”. Хижр сүрөсү, 48 аят.

Ал эми тозок тууралуу Аллах Таала мындай деген:

— “Алар оттон кутулууну каалашат, бирок алар ал жактан чыга тургандардан эмес! эч качан кутула алышпайт. Алар үчүн туруктуу азап даярдалган”. Маида сүрөсү, 37 аят.

Дагы башка аятта Аллах Таала мындай дейт:

— “...Алар (биротоло) **өлүп калгыдай өлүм да берилейт жана азаптары да жеңилдеп калбайт”.** Фатыр сүрөсү, 36 аят.

Ошондой эле дагы бир аятта Аллах Таала мындай дейт:

— “...жана ал жерде алар түбөлүк калышат”. Ниса сүрөсү, 169 аят.

Шапаат

Бейиш эшиктеринин ачылышын биринчилерден болуп пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺ суранат. Ал эми ал жака кире тургандардын биринчилери бул анын ﷺ үммөтү.

Биздин пайгамбар ﷺ гана Аллахтан момундардын Бейишке кирүү уруксатын сурап шапаат кылат. Ошондой эле акыркы чечимди күтүп турган адамдарга өкүм чыгаруусун жана агасы Абу Талибдин жазасын жеңилдетүүсүн сурап, улуу шапаат менен кайрылат жана бул биздин пайгамбарыбызга ﷺ гана уруксат берилет.

Ошондой эле кээ бир пайгамбарлар, периштелер жана ыймандуулар дагы шапаат кылышат. Мисалы, төмөндөгү учурларды эскере кетсек:

Тозоктук жазага татыктуу, бирок Аллахка шерик кошпогон, күнөөкөр адамдардын Тозокко түшпөсүн суранып, шапаат кылуу.

Тозокко түшкөн ошондой күнөөкөрлөрдү ал жерден чыгышына шапаат кылуу.

Бейишке киргендердин кээ бирлеринин даражаларын жогорулатуу тууралуу шапаат кылуу.

Бул шапааттардын натыйжалуу болушу эки нерсеге шарттalat:

Аллахтын уруксаты бериши. Анткени Аллах Таала мындай дейт:

— “Анын уруксаты болмоюн ким Анын алдында шапаат кыла алат?” Бакара сүрөсү, 255 аят.

Шапаат кылынып жаткан адамга Аллахтын ырайымы болушу.

Аллах Таала айтат:

— “Алар Аллах ыраазы болгондорго гана шапаат кыла алышат”. Анбия сүрөсү, 28 аят.

Аркы дүйнөдө боло турган нерселерди, тактап айтканда — өлүм жана Кыямат күн аралыгындагы убакыт, Кыямат күн, Бейиш жана Тозок тууралуу биз Куран жана Сүннөттөн гана биле алабыз. Акыйкатта кандай болорун так билбесек дагы биз аларга ишенебиз.

Жакшылык жана жамандык маңдайга жазылган тагдыр экендигине ыйман келтирүү

Тагдыр (*кадар*) деп — Аллах Таала бардык макулуктун бешенесине белгилеп койгон нерсени айтабыз. Куранда жана сүннөттө тагдырдын бар экендигине жана ага ишениш керек экендигине ишарат кылган көптөгөн далилдер бар.

Мисалы, Аллах Таала айтат:

— "Чынында, Биз бардык нерсени тагдыр өлчөм менен жаратканбыз". Камар сүрөсү, 49 аят.

Аллах Таала дагы айтат:

— "Аллахтын өкүмү алдын ала белгиленген". Ахзаб сүрөсү, 38 аят.

Ошондой эле Аллах Таала айтат:

— "Ар бир балээ Аллахтын гана уруксаты менен болот. Ким Аллахка ыйман келтирсе, анын жүрөгүн туура жолго багыттап коёт". Тагабун сүрөсү, 11 аят.

Имам Муслимдин "Сахих" китебинде келген хадисте Абдуллах ибну Умар ибну аль-Хаттабга ﷺ бир топ адамдар тууралуу кабарлашат. Алар Куран окуп, илим издешкени менен тагдыр маселесин жокко чыгарышкан эле. Абдуллах ибну Умар ﷺ кабарлаган адамга мындай деген: ***"Аларга жолукканыңда айтып койгунуң, мени алар менен, аларды мени менен эч нерсе байланыштырбайт. Умардын баласы Абдуллах касам ичип: кимиси Ухуд тоосундай алтынды садака берсе дагы, тагдырга ыйман келтирмейин Аллах андан эч нерсени кабыл кылбайт, — деп айтты дегин"***. Андан соң ал адамга атасы Аллахтын элчисинен ﷺ уккан Жабрейил тууралуу хадисти окуп берди.

Муслимдин "Сахих" жыйнагында Таус ибну Кайсандан мындай дегени айтылат: ***"Мен Аллахтын элчисинин ﷺ сахабаларын алар тирүү кезинде жолуктурдум. Алар:"Бардык нерсе тагдырга жазылган"*** — дешет эле.

Ошондой эле Таус Абдуллах ибну Умардын ﷺ мындай дегенин кабарлайт: Аллахтын элчиси ﷺ мындай деген: ***"Бардык***

нерсе алдын ала жазылган. Атүгүл жөндөмсүздүк жана аракеттүүлүк, же аракеттүүлүк жана жөндөмсүздүк".

Имам Муслимдин "Сахих" жыйнагында Абу Хурайра ﷺ пайгамбарыбыздын ﷺ мындай дегенин айтат: ***"Күчтүү момун Аллахтын алдында алсыз момунга караганда жакшыраак жана сүйкүмдүүрөк. Албетте, алардын экөөндө тең жакшылык бар. Сага пайда алып келе турган нерсеге умтул, Аллахтан жардам сура жана өзүңдү таштаба. Эгер бир нерсеге кабылсаң: "Каап, эгерде мен мындай же тигиндей кылганымда!" — дебегин. Бирок: "Муну Аллах Таала тагдыр кылды жана Ал каалагандай болду!" — дегиниң. Анткени ошол "эгерделер" шайтандын амалдарына жол ачат!"***

Тагдырга ыйман келтирүүнүн бөлүктөрү

Биринчи бөлүк: Аллах Тааланын илими бардык нерсени камтыйт экендигине ишенүү. Аллах адамдарды жарата электе эле алар тууралуу бардык нерсени билген. Алардын амалдары, ырыскысы, өмүрүнүн узактыгы, сооптуу жана күнөө иштери ж. б. у. с. нерселери тууралуу кабардар болгондугуна ыйман келтирүү.

•

Экинчи бөлүк: Аллах Таала мунун бардыгын "корголгон такталарда" жазып койгондугуна ыйман келтирүү (лаухул махфуз — бардык нерсе жазылган жер).

Бул эки нерсеге далил катары Аллах Тааланын мындай сөздөрү бар:

— “Аллах асмандагы жана жердеги бардык нерсени билет экендигин билбейсиңби? Чынында, ал Китепте да бар жана бул Аллах үчүн жеңил”. Хаж сүрөсү, 70 аят.

Имам Муслимдин “Сахих” китебинде Абдуллах ибну Амр ибну аль-Ас ﷺ мындай дегени кабарланат: “Мен Аллахтын элчисинин ﷺ мындай деп айтканын уктум: ***“Аллах Таала бардык макулуктардын тагдырын, асман менен жерди жаратаардан элүү миң жыл мурун жазып койгон. Ошол кезде Анын тактысы суунун үстүндө болгон”.***

Аллах Тааланын илиминен булак алган бул тагдыр жалпы нерселерге да, жеке нерселерге да тиешелүү. Жалпы дегени бул бардык макулуктардын китепке жазылган тагдыры тууралуу. Ал эми жеке нерселер болсо үч мезгилге байланышат:

1. Жалпы жашоонун алдын ала жазылышы.

“Сахих” китептердин экөөндө тең Абдуллах ибну Масуд ﷺ Аллахтын элчисинин ﷺ мындай дегенин кабарлайт: ***“Ар бириңер эне курсагында кырк күн тамчы түрүндө болосуңар. Кийинки кырк күн уюган кан түрүндө жана ошондой эле убакыт үзүм эт сымал абалда. Кийин Аллах Таала ага периштени жиберет. Ал ага үйлөп жан салат дагы төрт нерсени жазууга буюрулат: ырыскысы, өмүрүнүн узундугу, амалдары жана бактылуу же бактысыз болушу”.***

2. Келер жылда боло турчу нерселердин жазылышы.

Кадыр түндө келерки жылдын ичинде боло турган нерселердин бардыгы белгиленет.

Аллах Таала айтат:

— “Ал түнү бардык өзгөргүс иштер белгиленет”. Духан сүрөсү, 4 аят.

3. Күн ичи боло турган нерселердин жазылышы. Бул өмүр жана өлүм, даражага жетүү же уят болуу ж. б. у.с. нерселерге тиешелүү.

Аллах Таала айтат:

— “...жана Ал күн сайын иш менен алек”. Рахман сүрөсү, 29 аят.

•

Үчүнчү бөлүк: Аллахтын каалоосу ар дайым орундаларына жана Анын кудуретине чек жок экендигине ишенүү. Аллах каалаган нерсе гана болот. Ал каалабаган нерсе болбойт. Асман менен жер үстүндө, деги эле Анын кол астындагы ааламда Анын каалоосу болмоюн эч нерсе ишке ашпайт.

Аллах Таала айтат:

— “Раббиң каалаганын жаратат жана тандайт”. Касас сүрөсү, 68 аят.

Аллах Таала дагы мындай дейт:

— “Албетте, Раббиң каалаган нерсесин жасайт”. Худ сүрөсү, 107 аят.

Ошондой эле Аллах Таала мындай дейт:

— “Чынында, Аллах бардык нерсеге кудуреттүү”. Бакара сүрөсү, 20 аят.

Бардык нерсени багындырган Аллахтын каалоосу эки түрдүү болот:

1. Жалпы болумушка жана тагдырга тиешелүү, бирок сүйүү менен ыраазычылыгына байланышпаган каалоо. Мисалы, Аллах Таала мындай дейт:

— “Аллах кимди туура жолго салууну кааласа анын көкүрөгүн Исламга ачып коёт. Ал эми кимди адаштырууну кааласа анын көкүрөгүн асманга көтөрүлүп жаткан сымал кысып, тар кылып коёт”. Анъам сүрөсү, 125 аят.

2. Дин жана шариятка тиешелүү каалоо. Бул каалоо көбүнчө сүйүү жана ыраазы болуу менен коштолот. Аллах Таала айтат:

— “Аллах силерге жеңил болуусун каалайт, оор болуусун каалабайт”. Бакара сүрөсү, 185 аят.

Демек, бардык нерсе Аллахтын каалоосу менен болот. Ошол эле учурда ибадатка байланыштуу нерселер жогоруда айтылган эки түрүн тең камтыйт. Тактап айтканда, Аллахка жаккан иштер жалпы тагдыр болуп жазылышын дагы, сүйүп, ыраазы болушун дагы камтыйт. Ал эми күнөө иштер болсо Аллахка жакпаган нерсе болгондуктан, алар жалпы тагдыр маселесине тиешелүү, бирок сүйүп, ыраазы болушун камтыбайт.

•

Төртүнчү бөлүк: Аллах Таала бардык нерсенин Жаратуучусу экендигине ыйман келтирүү. Бардык макулуктарды жана алардын амалдарын жалгыз Аллах жараткан жана Андан башка Жаратуучу жок деп ишенүү.

Аллах Таала айтат:

— "Аллах — бардык нерсенин Жаратуучусу жана Ал — бардык нерсенин Калкалоочусу". Зумар сүрөсү, 62 аят.

Аллах Таала Ибрахим пайгамбардын өз коомуна айткан сөздөрүн эскерет:

— "Жана силерди да, амалдарыңарды да Аллах жараткан" Саффат сүрөсү, 96 аят.

Аллахтын пенделери иш аракетке жөндөмдүү, эрктүү жана мүмкүнчүлүктөргө ээ. Бирок, алардын өздөрүнүн, мүмкүнчүлүктөрүнүн жана эрктеринин Жаратуучусу — Аллах Таала.

•

Аллах Таала айтты:

— "Ким араңардан түзөлүүнү кааласа да, ааламдардын Раббиси Аллах каалагандан башканы каалай албайсыңар". Таквир сүрөсү, 28–29 аяттар.

Демек, адам баласынын өз эрки бар, бирок анын эрки Аллахтын эркине багыныңкы.

Аллахтын пенделери эрктүү жана иш-аракетке жөндөмдүү болуп жаратылган. Аллах Таала аларга пайгамбарларды жиберип, китептерди түшүрүп, берилген илим аркылуу далилдерди көрсөттү жана түшүндүрдү. Андыктан, алар кылган амалдарынын акыбети катары сыйланышат же азапталышат. Ошондуктан пенде тагдырга ыйман келтирип, ошол эле учурда Аллахтын өкүмдөрүнө баш ийип, Аллахтан туура жолго багыштоосун сурашы керек. Мындан тышкары, ал пайдалуу нерсеге умтулуп, дүнүйөлүк жана акыреттик амалдарында ага зыян тийгизчү нерселерден оолак болушу керек. Аллахка таянып, ой-максаттарынын ишке ашуусуна жеңилдик тилеп, шариятка каршы келген иштерден алыстатуусун суранышы керек. Адам баласы кылган себептери ага пайда алып келсе, Аллах Таалага мактоо айтып, шүгүр келтириши керек. Ал эми пайда алып келбеген учурда ал нашүкүр болбостон, тынчтанып, өзүн кармашы керек. Анткени ал колунан келгенин кылды. Эми сабыр кылып, Аллахтын сообун үмүт кылып, ордун толуктап берүүсүн суранышы керек.

•

Аллах Таала айтат:

— “Аллах эч бир жанга ал көтөрө алгыс нерсени жүктөбөйт. Анын (амалдарынын) кесепети ал үчүн же ага каршы болот”. Бакара сүрөсү, 286 аят.

Аллахтын элчисинин ﷺ мындай дегени айтылат: ***“Аракет кылгыла! Анткени, Аллах ар бирөөнүн маңдайына жазылган нерсеге жетүү жолун жеңилдетет”.*** Бул хадисти аль-Бухари жана Муслим Али ибну Абу Талибден رضي الله عنه риваят кылышат.

Ошондой эле пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: ***“Момун адамдын абалы таң калычтуу! Ал кандай абалда болбосун жакшылык бар. Бул нерсе ыймандуулардан башкасына берилген эмес. Эгер ал кубанычтуу нерсеге туш болсо Аллахка шүгүр кылат жана бул ал үчүн жакшылыкка айланат. Ал эми ал кайгылуу нерсеге туш болсо сабыр кылат***

жана бул да ал үчүн жакшылыкка айланат”. Бул хадисти Муслим риваят кылган.

Мазмуну

КИРИШ СӨЗ 3

Дин — бул Аллахка сыйынуудагы эрежелердин топтому 3

Ибадаттын өзөгү бул жүрөк амалдары 7

Жүрөк амалдарынын түрлөрү 9

1. Аллахты сүйүү 9

2. Аллахтын жазасынан коркуу 11

3. Аллахтан үмүт кылуу 12

4. Аллахка дуба кылып кайрылуу 14

5. Аллахтан жардам сурап кайрылуу 15

6. Аллахтан коргоо тилөө (истиааза) 15

7. Балээ баскан кезде Аллахтан куткаруу сурап жалбаруу (истигааса) 16

8. Аллахка таянуу, тобокел кылуу (таваккул) 16

АЛЛАХКА БОЛГОН ИШЕНИМ 17

Аллахты Раббилигинде жалгыздоо (таухид ар-рубубия) 20

Аллахты Раббилигинде жалгыздоо маселесинде адашуу кандай болот? 24

Аллахты ысым-сыпатында жалгыздоо (таухид аль-асма уа ас-сыфат) 25

Аллах ысымдарында жана сыпаттарында жалгыз экендигин моюнга алуунун мааниси? 26

Аллах, Робб (Эге), Ар-Рахман (Мээримдүү), Ар-Рахим (Ырайымдуу) 28

Жалгыз, Түбөлүк 28

Тирүү, Камсыздап Туруучу, Бийик, Улук 29
Алгачкы, Акыркы, Жогорку, Жакынкы, Билүүчү 30
Угуучу, Көрүүчү 31
Даанышман, Билүүчү 31
Аллахтын жүзү 32
Аллахтын колу 32
Аллахтын көзү 32
Арш үстүнө көтөрүлүүсү 33
Аллахтын коштоосу 33
Аллахтын келүүсү 34
Ылдыйкы асманга түшүү 35
Аллахтын сөзү 35
Аллахтын сүйүү сыпаты 36
Аллахтын ыраазы болуусу 36
Аллахтын каарданууусу 36
Аллахты ысым-сыпаттарында жалгыз деп билүү дегенди кантип түшүнүү керек? 37
Аллахты сыйынууда жалгыз деп билүү (таухид аль-улюхия) 40
Таухид келмеси — Лаа илааха илла Аллах күбөлүгү 45
Лаа илааха илла Аллах күбөлүгүнүн шарттары 46
Биринчи: илим, буга карама каршы келген наадандык 46
Экинчи: терең ишеним (йакын). Мунун карама каршысы шек, күмөн 47
Үчүнчү: кабыл алуу. Мунун карама каршысы четке кагуу 48
Төртүнчү: баш ийүү. Мунун карама каршысы баш тартуу 49

Бешинчи: чынчылдык. Мунун карама каршысы жалган 49
Алтынчы: ыкластуулук. Мунун карама каршысы ширк 50
Жетинчи: сүйүү. Мунун карама каршысы жек көрүү 51
Ибадаттын түркүктөрү 52
Ширк, каапырчылык, эки жүздүүлүк 55
Шерик кошуу (Ширк) 55
Ширк кантип пайда болгон? 58
Ширктин кээ бир түрлөрү 59
Каапырчылык (куфр) деген эмне? 62
Каапырчылыктын (куфр) кандай түрлөрү бар? 62
Эки жүздүүлүктүн эки түрү 64

ПЕРИШТЕЛЕРГЕ ЫЙМАН КЕЛТИРҮҮ 66
Периштелердин түрлөрү тууралуу 70

КИТЕПТЕРГЕ ЫЙМАН КЕЛТИРҮҮ 72

ПАЙГАМБАРЛАРГА ЫЙМАН КЕЛТИРҮҮ 75
Чечкиндүүлүк ээлери (Улюль-‘азм) 78
Мухаммад ﷺ пайгамбарыбыздын жалпы бардык коомдорго жиберилиши 79
Мухаммад ﷺ — акыркы пайгамбар 81

КЫЯМАТ КҮНГӨ ЫЙМАН КЕЛТИРҮҮ 84
Анык мисалдар жана акылга сыяр далилдер менен Аллах Таала бул күндүн келерин далилдейт 86
Кыямат күндүн убагы тууралуу 91
Өлүм жана кабырдагы окуялар 93

1. Кабырдагы сурак 97
2. Көр азабы жана ырахаты 97
Кайра тирилген соң боло турчу окуялар 102
Кабырлардан чыгуу 102
Чогулуу 103
Туруу жана эсеп 103
Тараза 106
Амал китептери 106
Ас-Сырат көпүрөсү 107
Аль-Кантара көпүрөсү 108
Көлмө 109
Бейиш жана Тозок 109
Шапаат 112

ЖАКШЫЛЫК ЖАНА ЖАМАНДЫК МАҢДАЙГА ЖАЗЫЛГАН ТАГДЫР ЭКЕНДИГИНЕ ЫЙМАН КЕЛТИРҮҮ 114
Тагдырга ыйман келтирүүнүн бөлүктөрү 116

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

……..

«Ыйман негиздери — акыйда жана
манхаж тууралуу маек»
аудиосабактарын угуңуз.